М. Сулайманов

Азыркы кыргыз балдар прозасы

Мурза Сулайманов

Азыркы кыргыз балдар прозасы

(50—60-жылдары жазылган айрым повесттер боюнча)
Адабий очерк

Фрунзе, «Мектеп» 1980-ж.

83.98 Ки 7
С 89

Жогорку класстын окуучулары үчүн

Сулайманов Мурза.

С 89 Азыркы кыргыз балдар прозасы (50-60-жылдары жазылган айрым повесттер боюнча) Адабий очерк. Жогорку класстын окуучулары үчүн. — Ф.: Мектеп, 1980. — 72 бет.

Мурза Сулайманов көптөн бери кыргыз балдар адабиятын изилдеп жүргөн адабиятчылардын бири. Анын «Кыргыз балдар ангемелери» деген эмгеги 1977-жылы жарык көргөн. Автор бул китебинде ошол теманы улантат, б. а. 1950—60-жылдарда жазылган айрым балдар повесттерин талдоого алат, тактап айтканда, балдар повестиндеги тематика жана проблема, көркөм сюжетти куруу жана образ түзүү маселелери жөнүндө сөз козгойт.

С 70202—017
М 452 (17)—80 259. 80. 4603010000

8Ю
ББК 83. 98 Ки7

© «Мектеп» Басмасы 1980-жыл.

Сулайманов Мурза

СОВРЕМЕННАЯ КИРГИЗСКАЯ ДЕТСКАЯ ПРОЗА

литературный очерк

(по материалам детских повестей написанных в 50-60 г. г.)

Для старшеклассников

на киргизском языке

Издательство «Мектеп»

Редактору Д. Сулайманов. Сүрөт редактору А. Байбөриев.
Тех. редактору С. Нурмиева. Корректору Н. Абдиева

ИБ № 1596

Терүүгө 21. 01. 1980-ж. берилди. Басууга 30. 04. 1980-ж. кол коюлду. Д—02936. № 1 типография кагазы. Кагаздын форматы 60×84 1/16. Адабий арнби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 4,5 физ. басма табак, 4,18 шарттуу басма табак, 4,491 учёттук басма табак. Нускасы 5000. Заказ № 37. Баасы 15 т.

«Мектеп» басмасы.
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

БАЛДАР ПОВЕСТИНДЕГИ ТЕМАТИКАЛАР ЖАНА ИДЕЯЛАР

Тикеден-тике азыркы мектеп балдарынын турмуш-абалы, кызыгуу чөйрөсү, жорук-жосундары, ар кыл далалаттары жөнүндө баян айтып, алардын сүймөнчүлүгүнө айланган повесттердин атайын тиби бар. Адабият таануу илимиңде, азырынча, булар тууралу бирдиктүү пикир, теориялык жобо айтыла элек. Кээ бирөөлөр аны «мектеп повести» («школьная повесть») деп аташса, дагы бирөөлөрү муну менен макул болушпайт.

«Советтик мектеп повесттери кайсыл багытта бара жаткандыгын адабиятчы-сынчыларыбыз байкашар бекен? Ал советтик мектеп менен бирге пайда болду. Аны летопись катары кечээги мектеп балдары жазышкан[1]» — деп белгилейт С. Маршак «Балдар адабиятындагы мурас жана мураскорчулук жөнүндө» деген теориялык эмгегинде. Андан ары ал минтип тактаган: «Балдардын эзелтен берки кызыктуу окуу мезгили — мектеп жылдарынын тарыхы болуп келген. Бирок мектептеги турмушуна караганда балдардын кызыгуусу алда канча кененирээк. Аларга чондордун турмушу жөнүндөгү повесттер зарыл. ...Биздин балдар адабиятыбыз жасалма повесттерди чыныгы билимге, жандуу элеске жана турмуш тажрыйбасына негизделген повесттер менен алмашууну өзүнө милдет кылып ала алды[2]».

Константин Симонов СССР Жазуучуларынын XIII Пленумунда (1950) чыгып сүйлөп, жазуучулар менен адабиятчылар тарабынан кез-кезде колдонулуп келе жаткан ушул «Мектеп повести» деген формулировканы туура көрбөй, «Жасалма кол-

---

[1] С. Маршак. «Воспитание словом», М., изд. «Советский писатель», 1964, стр. 354.

[2] Аталган китепте, 356—357.

донулган[1]» түшүнүк катары четке кагат. Жазуучулардын II съездинде балдар адабияты жөнүндө жасаган докладында Б. Н. Полевой бул маселеге атайын токтолуп: «Мектеп, балдардын аң-сезимин байытуудагы эң зор, эң зарыл, бирок биздин шарттарыбызда жеке фактор эмес[2]» — деп туура белгилейт да иш жүзүндө «Мектеп повести» деген формулировка тууралуу Константин Симоновдун пикирин толук бойдон колдогон. Бирок алардын талашынын башы ачылбай кала берген.

Биздин оюбузча, кайсы гана аспекттен баалабайлы, балдарга адрестелген повесттердин тиби атайын милдеттерди аткарып, чондор үчүн жазылган повесттерден көп белгилери менен айырмаланат, өздөрүнчө психологиялык дүйнөсү бар жаш жеткинчектердин келечек мүдөөсүн тарбиялоого кызмат кылат. Ырас, баланын алгачкы ууз түшүнүгү, кыял-жоругу, адеп-салт нормалары жалпы үй-бүлөнүн жана мектептин таасиринен эле куралбастан, коомдун бардык шарттарында түптөлүп, түрдүү таасирлерде жетилип, ар кандай себептердин натыйжасында калыпталат. Демек азыркы мектеп жашындагы балдардын турмуш-тиричилигин чагылдырган повесттердин тибин «Мектеп повести» деп атап коюу бир беткей, башкача айтканда, өтө эле тар чектелген мааниге ээ болуп калар эле деген жазуучулардын пикирлеринде адилеттүүлүк бар.

Албетте, балдар адабияты көркөм чыгармачылыктын жалпы законунан обочо жашабайт, аны менен кындиктеш өнүгөт. Бирок ошондо деле, аның өзүнчө кызматы, жаралыш жана өсүш спецификасы бар. Ошол себептүү, биринчиден, колдонулуп жаткан сөз өзүнүн аткарган кызматына, камтыган маанисине ылайык келсин үчүн жана атайын кызматчы термин (формулировка) катары пайдаланып, биз аны «балдар повести» деп атап алабыз. Экинчиден, иштин мааниси мындайча же тигиндейче деп аталышында эмес, повесттин бул тиби балдардын жашоо кумарына жекече жана коомдук мүдөөлөрүнө, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша кандай кызмат аткарат жана аның спецификасы кайсы? деген суроолордун башын ачып, аныктоодо турат эмеспи. Үчүнчүдөн, мектеп жашындагы балдардын кыялкеч маанайын, жаркоокер турмушун, алардын коомдогу ээлеген ордун, келечек багытын иликтеп, аны белгилүү даражадагы көркөм жалпылоого алуу үчүн адабияттын эпикалык формасы абдан зарыл болуп жатат десек болот.

---

[1] Кн. Материалы съездов и пленумов СП РСФСР, М., гослитиздат, 1961, стр. 195.

[2] Кн. «Материалы съездов и пленумов советских писателей, «Стенографический отчет», М., «Советский писатель» 1956, стр. 46.

«Биринчи кезекте, бизге балдардын өздөрүнүн турмушунан алынган повесттер, биздин жаш окурмандарыбызды кызыктыруучу повесттер керек... Ошондуктан бул ишке, мүмкүн болушунча, көп сандаган жазуучуларды тартуу зарыл болуп отурат[1]» — деп белгилеген М. Горький.

Демек балдар повестинин өз алдынча аткаруучу кызматы, изилдөө мейкиндиги, анын чени бар. Ал чен чыгарма арналган балдардын курагы менен өлчөнөт. Маселен, повесть тестиерлерге арналды дейли. Анда ошол баланын коомдук жана жеке турмушу, ички дүйнөсү менен, анын маданий мүлкү менен айланасындагы кубулуштарды баамдоо кудурети, адамдык парзы менен маанайы — окурмандардын тилегине саябан болорлук кадимки эле бир баланын образы чагылдырылса болгону.

Адамзаттын тарыхында биринчи жолу жалпыга милдеттүү орто билим берүүнү ишке ашырып жаткан биздин коомубузда окуу жашындагы балдардын ишмерчилигин мектеп турмушунан бөлүп кароо таптакыр мүмкүн эмес. Анткени балдардын убактысынын көпчүлүгү мектепте өтөт. Ошентип, мектеп жаш муундардын кулк-мүнөзүн жана акыл-эс жагынан калыпка салуудагы мамлекеттин таяныч мекемеси болуп саналат.

Бирок жалпы эле совет балдар адабиятында, анын ичинде, кыргыз балдар адабиятында мектеп балдарынын турмуш-абалын ар тараптан изилдеп, кенен багыттагы көркөм жалпылоого алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон повесть жанры өнүкпөй, көпкө чейин төмөнкү даражада калып келди. Мисалы, 30—40-жылдары бул жагынан жазылган чыгармалар кыргыз балдар адабиятында жок эле десе да болот. Ошол үчүн советтик коомчулук балдар адабиятынын бул салаасын өнүктүрүү ишине атайын көңүл бурууга мажбур болду. СССР Жазуучулар Союзунун XIII пленуму (1950), анын II съезди (1954) жана СССР Педагогикалык илимдер академиясы менен РСФСР агартуу министерствосунун биргелешкен илимий сессиясында (1952) балдар адабияты тууралу атайын маселелер талкууланып, союздук балдар адабиятындагы эпикалык жанрдын начар абалда экендиги сынга алынып, аны жакшыртуунун ишкердүү чаралары белгиленген.

Ушул маселе боюнча биздин республиканын коомчулугу да камкордукту күчөттү. Кыргыз Жазуучулар Союзунун VIII пленумунун (1950), Кыргызстан ЛКСМ БК менен республиканын агартуу министерствосунун бул маселе боюнча удаалаш өткөрүлгөн кеңешмелери (1950—1952) зор мааниге ээ болду. Ошон-

[1] М. Горький. «О детской литературе», М., изд. «Детская литература», 1968, стр. 111—112.

до коомчулуктун бу аракетин жыйынтыктап «Кызыл Кыргызстан» газетасы өзүнүн «Жогорку идеялуу балдар адабиятын түзүүгө жетишели» деген редакциялык макаласында: «Мектеп балдары өздөрүнүн турмушу жөнүндө жазылган актуалдуу романдарды, повесттерди, аңгемелерди, пьесаларды талап кылышат[1]» — деп жазган.

Мына ушул чаралар кыргыз балдар адабиятына, айрыкча, мектеп балдарына арналган ири прозалык жанрдын жанданышына жана жемиштүү өөрчүшүнө түрткү берди. Кыргыз адабиятындагы балдар повестинин пайда болушу, жаралышы 50-жылдардын биринчи жарымына таандык экендигин көрсөтүүгө болот.

Буга чейин балдар адабиятына кээде-кээде тийип-качып жүргөн белгилүү жазуучу Т. Сыдыкбеков балдар үчүн «Тоо балдары» повестин жазды.

Ошо кезде адабиятка жаңы келе баштаган жаш жазуучулардын бир тобу балдар адабиятына такай киришип, бир кыйла ири прозалык чыгармаларды жаратышты. Мисалы, Н. Байтемировдун «Сагын», «Бекем достук», Ш. Бейшеналиевдин «Алкыш», «Чыныгы достук», «Кычан», М. Жангазиевдин «Ажырагыс достор». «Назарбектин классташтары», «Жаңы жолдош», Т. Абдымомуновдун «Жүкөш», Т. Касымбековдун «Жетим», К. Жапаровдун «Абыш» деген бир катар чыгармалары тестиер жана өспүрүм балдар үчүн жарык көрдү. Мындай көрүнүштү кыргыз балдар прозасынын өнүгүшүндөгү маанилүү этап десе болот. Анткени буга чейинки кыргыз балдар адабиятында прозанын ири чыгармалары мынчалык арбын көрүнө элек болчу.

Биринчиден, өзүнүн ички өнүгүш мүмкүнчүлүгүнөн жана азыркы балдардын турмуш зарылчылыгынан улам өнүгүп, экинчиден, аздыр-көптүр орус жана СССР элдеринин балдар адабиятынын мыкты үлгүлөрүн жемиштүү өздөштүргөн кыргыз жазуучуларынын балдар үчүн жазган чыгармаларынын тематикалык диапозону, идеялык-көркөмдүк кудурети жагынан өз мүмкүнчүлүгүнө ылайык өр тарта баштагандыгын айтуу керек. Маселен, 60-жылдары кыргыз балдар повести Ш. Бейшеналиевдин «Карлыгач», «Кордун тукуму», «Данакер», «Ат жалында секелек», «Кычан», М. Жангазиевдин «Тилектештер», Ж. Мавляновдун «Менин күндөлүгүм», К. Каимовдун «Бирине-бири окшобогон күндөр», Ш. Абдрамановдун «Арстанбап», С. Өмүрбаевдин «Көктөмдөгү жаз», М. Гапаровдун «Мейман» аттуу чыгармалары менен толукталды.

Бирок жогоруда аталган чыгармалардын авторлорундагы

[1] «Кызыл Кыргызстан» газетасы, 6-февраль, 1952.

жазуучулук дарамет менен шыктын, дүйнөнү «кооздуктун салты боюнча» (К. Маркс) жактыруу камылгасы, турмуштук билүүнүн деңгээли баарында бирдей болбогондуктан, алардын идеялык-көркөмдүк сапаты бир кылка эмес болучу. Кээ бир чыгармалар кадыресе реалисттик жалпылоонун даражасына көтөрүлө алса, кээ бир чыгармалар натуралисттик баяндоонун туткунунда кала берген.

Бирок ушундай айырмачылыктарына карабастан, аталган чыгармалардын баарына ортоктош максаттар бар болучу. Ошол жалпы белгилердин бири катары балдарды тарбиялоо иши, оболу, үй-бүлөдөн башталат деген идеяны көрсөтүүгө болот. Демек баланын адамкерчилик касиеттеринин алгачкы белгилери үй-бүлөдө түзүлгөндөн кийин, баланын образы менен катар бул чыгармаларда ата-энелердин образынын берилиши табигый маселе болуп калат.

Албетте, мектеп окуучуларынын жорук-жосундары коомдук мамиледен обочо бөлүнүп сүрөттөлбөстөн, өзүн курчап турган чөйрө менен мамиле-байланышта, карым-катнаштарда көрсөтүлүшү зарыл. Ошол кырдаалдарды эсепке алсак анда балдардын, ата-энелердин образдары менен катары чыныгы устаттардын — мугалимдер менен мектеп, агартуу системасынын жетекчилеринин, пионер жана октябрят уюмдарынын башчыларынын жандуу, үлгүлүү элестери кошо жарала турганы бештен белгилүү эмеспи. Кала берсе, мектеп менен үй-бүлөнүн карым-катнашын, алардын биргелешип жүргүзүүчү иш аракетин чагылдыруу балдар повестинде өзүнчө проблемага айланат. Маселенин ушул жагы «Тоо балдары», «Сагын», «Чыныгы достук», «Аскарбек», «Назарбектин классташтары», «Жүкөш» повесттеринен арбын кезигет.

Мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы эриш-аркак иш формаларынын дайыма эле сактала бербеши, кээ бир ата-энелердин тарбия ишине салкын карагандыгы, маданий чөйрөсүнүн тардыгы сыяктуу маселелер Сыдыкбековдун «Тоо балдары» повестинде жакшы баяндалган.

Омор аке айтылуу адамдардын бири. Өмүр жолу эки доорду камтыйт. Бирок өткөн замандын чыгы анын сөөгүнө көбүрөөк сиңип кеткен. Чогоолдук менен көктүк, арамзалык менен билеги жоондук, кырдаалы келе калса, уурулук менен жан калкалоо — Омордун жан жүрөгүн ужутка келтирген балалык өлкөсү болгон. Демек Омор акенин ыргыткан ташы ушул тегеректен ыраак түшпөйт эле. Автор буга бизди кынтыксыз ишендирди.

«Омор — бардык касиетин чың сактаган куу карагайдай татаал. Ал оюндагысын кишиге бербеген бир мүнөздүү акор, эр

көкүрөк, кайраттуу, күпүлдөп бек-бек сүйлөгөн адам». Анын эзелтеден калыптанган ишеничине бек туруп: «ата — балага сынчы! Мен да бирдемени байкайм» — деп уулу Орусбекке өз билгенин тануулап турушунда жалаң эле түркөй карацгылык, нааадандык эмес, тескерисинче, баланы тарбиялоо ишиндеги ар-намыстуулуктун духу бар боло турган. Себеби Орусбектин муун-жүүнү бош, борпоң өсүп калуусун каалабайт. Ак ниети менен анын чапчаң, чымыр денелүү, кайраттуу өсүшүн тилейт. Өзүнө окшош эр көкүрөк, акор, тик жетилүүсүн самайт.

Омор эскинин чыгын татыганы менен, кээ бир ата-энелерге окшоп мектеп ишине таптакыр каршы туруп албайт. Ал бар болгону баланы тарбиялоо ишинде ата-энелер менен мугалимдер тарабынан бирдиктүү талаптын коюларын түшүнбөйт, мектеп ишине кол кабыш кылуу парзын капылет албайт. Орусбекти жүрүм-турумдун жаңы салттарына үйрөтүүнүн ордуна, обочо түркөйлүккө жана бабаларынын уруусак каада-салтын алып жүрүүчү чогоолдукка машыктыргысы келет.

«Так ушул замандын балдары жалындуу өссүн! Мен Орусбекти өзүмдөй чогоол болсо дейм... Мен Орусбектей кезимде музоонун ичине кыңырарак салгам... ...Так Орусбек сенин жашыңда ууруга аттанганмын» — деп, күндүр-түндүр Омор баланын кулагына куя берет.

Карыянын мына ушул тилек-максаты, кылык-жоругу нааадандыкка жатпайт. Анткени ал муну менен өзүнүн кулк-мүнөзү, көз карашы калыпталып жетилген илгерки балалык доору, ал кездин таалимине болгон азыркы мезгилдеги түшүнүк-мамилеси жөнүндө айтып жатат. Башкача айтканда, Омор баласынын эр көкүрөк, чапчаң өсүп жетилиши жөнүндөгү өзүнүн намыскөй ак тилегин азыркы доордун талабы менен байланыштыра албай жатат. Ошондуктан чаң жутуп, жүрөгүнө так түшө элек Орусбек атанын айткандарын жүрөккө түйүп, көрсөткөн жоруктарын туурап өсө берет. Омордун мүнөзүндөгү белгилер оош-кыйыш болуп балага жугат.

«Сени «торпок» деген балдарга кыргыйдай тий... Сага тийген бала болсо тумшугун канда. Алың жетпесе өлүп бер, үйүнө өрт кой, уктуңбу» — деп, баланын каңылжаарын түтөтүп отурса, тирикарак Орусбек Мурадыл карыянын кайсы бир жолку эркелетип, уйпалап койгондугу үчүн сарайына өрт коёт. Чын эле ал мерез боло баштайт. Атаның сөзүн мелт-калт бойдон медер тутат.

Омордун жоругундагы акор, кежирдикти айгинелеген учурдун бири дагы мына мындан байкалат. Ал Орусбекти тарбиялоо ишинде карандай гана аталык мурасын колко кылып, бирок коом алдындагы парзын унутуп, аны жалаң гана мектепке жүк-

төп коюу ниетинде болот. «Орусбекти мектепке өткөрүп бердим. Аны окутсун. Бир үйүр маалим аздык кылабы, адам кылып өстүрүшсүн» — деп төңкөй сүйлөйт. Бул гана эмес, каада-салтын, мүнөз-пейилин, өмүр бою сактап калчудай менменсинип, «эч болбосо, өзү көктөөчү талды отургузбай, ...жалгыз билгени мал болуп, бир үйдөн экинчи үйгө жөө басууну намыс көргөн» Омордун ою боюнча таштап койсок, Орусбек жаңы замандын маданияттуу адамы эмес, тек гана сабатсыз бойдон калуусу тийиш эле. «А союлга окуунун эмне кереги бар? Же моюнга жагоо тагынып үп боло албасак — деп кесирдүү сүйлөгөн карыя. — Малды окуу тосо албайт, көк союл тосот». Ошентип, Орусбегин биринчи жылы мектепке жөнөтпөй да коёт. Бирок коомчулук буга кайдыгер карабай, кийинки жылы баланы мектепке тартышкан.

Мектеп балдары үлгү тутарлык каармандын жаркын элеси накта окуяда, беттешүү-кагылыштарда көрүнөт. Адам ашык болорлук образды сырттан байкоочулардын же автордук тике баяндоонун жардамы менен ачууга караганда, каармандардын өз ара мамиле-катнаштарында, күрөштө, бир кылка жорук-жосундарын салыштырып көрүү жана алардын өздөрүнө баалатуу аркылуу ачып берүүгө жетишүү бөтөнчө бир таасирге ээ болот. «Тоо балдарында» мындай ыкмалар мол учурайт. «Омордун таштай катуу мүнөзүнө Сабыр кээде өз ичинен ыраазы. Аттигиниң ай, оюна бектигин көр» деп суктанчу. Сүрөткердин бул ыкмасы, дал ушул берген баасы каармандын психологиясына жол салды, татаал сырдуу Омордун жан дүйнөсүн ачууга зор өбөлгөлөрдү түздү, ушул сымак деталдар окуучуну көбүрөөк кызыктырып, татаал образдын «жашыруун» сырларын, себептерин чечмелеп, жорук-жосундарын түшүнүүгө жардам берди.

Карама-каршылуу ушул Омор өңдүү образдын таасирдүүлүгү ар кандай эле окуялардан ажардуу көрүнө бербейт, ал белгилүү шарттардагы ситуацияларды жана кадимкиче эжелеме түшүндүрүүнү — автордук мамилени, бааны кошо талап кылат. «Эрегишкен эки алп сыңарында, айрыкча, элеттик кыргыз айылында эски менен жаңы алиге бой тирешип жүрөт. Эски куду күзгү туман кейиптенип, көңүлү чөгүп, көздү караңгы кылсам дейт. Жаңы жайдын күнүндөй жайнатып, жылуу мээрим берип кабакты жарык кылсам дейт. Жаңы эскини жеңүүдө, сүрүүдө. Бирок эски да тез жыгылбай тыталап, тырышууда».

Омордун образы кыргыз балдар адабиятындагы эле эмес, жалпы кыргыз адабиятындагы чоң табылга. Ошентип, Т. Сыдыкбеков «Тоо балдары» повестинде мектеп менен үй-бүлө тарбиясынан чыгып келүүчү кээ бир кызыктуу кагылыштарды,

маанилүү көркөм сюжетти уюштуруп, бараандуу образдарды түзүү маселесинде зор ийгиликтерге жетишкендигин белгилөөгө болот.

Ал эми кээ бир авторлор балдар адабиятындагы мүнөздөрдүн кагылышы негизги факторлордон болууга тийиш дегенден уламбы, айтор, мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы мамилекатнашты өтө эле кочкулдантып-жамандап же, тескерисинче, жумшартып, жымсалдап салган учурлар көп байкалат. Буларды Н. Байтемировдун «Сагын», М. Жангазиевдин «Назарбектин классташтары», Ж. Тештемировдүн «Аскарбек» аттуу повесттеринен көрөбүз. Бул чыгармаларда «Тоо балдарындагы» Омор менен чоң энеге окшогон татыктуу мүнөздөр жок, каармандардын өздөрүнө ылайык өң-түсү, бетке тутар сөз өнөрү, каада-салты, таасирдүү чөйрөсү, эң негизгиси — улгайган акылнасаатчылардын касиети даана көрүнбөйт.

Н. Байтемировдун Сагыны менен анын атасы Сараланын ортосундагы каршылашуу реалдуу турмуш фактыларында ырасталбайт. Образды жандандыруучу окуялар орду менен тандалбайт. Мисалы, мурдагы колхоз активи, согуш учурунда эл тагдыры үчүн күрөшүп, ар-намысты жеңип келген Сараланын тынчтык мезгилинде пейили бузулат, жеңил жашоонун жолуна өтөт. Илгерки сүткорго окшоп, көтөрмөгө эгин таратып, дүркүрөп байып, чоң короо койлуу болуп кетет. Ал уулу Сагындын пионерге өтүшүнө чечкиндүү каршы туруп, аны мектепке баргызбай, колуна таяк берип, менчик койлорунун артынан салат. Бирок алдыңкы окуучу Сагындын тагдырына жасалган мындай кыянаттыкты четке кагып, жардам берүүчү педагогикалык коллективдин таасири эч жерден көрүнбөйт.

Даниялдын атасы, колхоз башкармасынын председатели Керимбай менен мугалимдердин ортосундагы кагылыш-кыйроолор бир аз башкачараак мүнөзгө ээ. Анткени мындагы каармандын аракети, жорук-жосуну да башкачараак. Даниял курбалдаштары Сагын менен Аскарбекке окшоп демилгечи, алдыңкы окуучу эмес. Артыкбаш тентектиктин кесепетинен улам, ал сабактарын өздөштүрө албайт, коомдук жана жекече аракети менен да бөлүнүп көрүнбөйт, окуу чейректеринде «жаман» деген баалардан башы чыкпайт.

Бирок буга байланыштуу Керимбай менен педагогикалык коллективдин ортосундагы карама-каршылыктар окуучуларды анчейин ишендире албайт. Себеби айылдык батман дыйкандардын авангарды катары жүргөн Керимбай өз уулу Даниялдын тескери кылык-жоруктарына макул болуп, бирок мугалиимдердин эскерүүлөрүн таңазар албайт. Анын ою боюнча мектепке катталгандардын баары эле билимдүү боло бериши зарыл эмес.

«Баары эле зор болсо, аламаны ким болот» — дейт ал. Анығын айтканда, ушул деталдар да автор тарабынан ишенимдүү мотивировкаланбайт. Керимбай тез-тез буураканда, мугалимдер менен тез чатакташып, кайра тез оңолот. Айтты, бүттү менен курулган мындай образ көркөм жалпылоонун чегине жетпейт да, окуучунун делебесин козгоп, сезимине орнобойт.

Балдарды үй-бүлөдө тарбиялоо маселеси боюнча «Алкыш», «Чыныгы достук», «Ажыралгыс достор», «Жаңы жолдош» жана «Жүкөш» повесттерине таандык дагы мындай проблема байкалат. Баланы алпечтеп сүйүп, куунак торолтуу дегенди бир беткей түшүнгөн ата-энелер алиге көп. Алар баласын обу жок эрке өстүрүшөт. Баладагы оң сапатка караганда, терс сапаттардын көбөйүп, тамыр жайып кетишине алардын өздөрү себепчи болушат. «Жүкөш» повестиндеги Жусуптун энеси Айша, «Назарбектин классташтарындагы» Даниялдын атасы Керимбай, Ормокойдун чоң энеси Маадагүл, «Ажыралгыс достордогу» Канымбү, «Алкыштагы» Бурма энелер ошондой артыкбаш элпек, «күйөрман» ата-энелердин өкүлү.

Ушул типтегилерге окшогон ата-энелерди сынга алып, М. Горький өз учурунда мындай деп жазган: «Баланы тоок да сүйө билет. Ал эми тарбиялай билүү — турмушту терең үйрөнүүнү жана талантты талап кылуучу мамлекеттик улуу иш... Өзгөчө азыр, турмуш чоң бурулушта турган учурда, келечекти айкын элестете албай, эртеңки күндөн чоочуркалап, мындан он жыл илгери өздөрүн эзип, азапка салган эскиликти жактаган адамдар дагы эле көп[1]».

Чындыгында балдарга караганда мындай ата-энелердин өздөрүн тарбиялоо, оңоп-түзөө коомчулук үчүн аябай кымбатка турат. Ошондуктан баланы тарбиялоо ишин алардын ата-энелерин тарбиялоодон баштоо зарыл экендигин эскерткен Н. К. Крупская. Орусбектин жүрүш-турушундагы атасынан жугушкан ооруну айыктыруу үчүн Сабыр баш болгон мугалимдер коллективи тарбиялоо ишин Орусбектен эмес, анын атасы Оморду кайрадан тарбиялоодон башташкандыгы буга ачык мисал боло алат. Демек проблеманы коюу ар кайсы эле орто сабаттуу кишинин иши, аны төп келиштире чечүү жеке гана художниктин кудуреттүү жумушу деп бекеринен айтылбайт.

Азыркы кыргыз балдар повестинин уруттуу проблемаларынын бири — балдардын саясий-массалык, коммунисттик уюму болгон пионер уюмунун күжүрмөн милдеттерин көрсөтүү болуп саналат. Мындай маселе кыргыз балдар адабиятында эле эмес, жалпы союздук балдар адабиятында арбын учурайт. Мисалы ки-

[1] М. Горький. «О детской литературе», стр. 84.

чинекей каармандар пионер постуларын түзүшүп, пионер зоналарында аракеттенишет. Алар ошол зонаны тартипке келтиришип, көбүнчө, өздөрү окушкан мектептер менен дем алуу жайларын жемиш багы менен курчашат. Шаңдуу романтиканын белгиси катары «мөмө тоюн уюштуруп, салтанаттуу линейкаларды өткөрүшөт. Алардын ар кимиси коомдун үлгүлүү адамдарынан боло тургандыктары жөнүндө убадаларын беришип, салтанаттуу кырдаалдарда пионерге өтүшөт. Пионерлер үчүн — ушунун өзү эрдик, ушунун өзү — жеңиш. Бирок алар муну менен чектелбейт. Машакатка батышат, элибиздин революциячыл жана эмгек традициясын алып жүрүүчү каармандар менен жолугушат, ардактуу пионерлерге шайлашып, алардан эстафетаны алууга даярданышат. Аныктап айтканда, пионерлер мектеп балдарынын идеал каармандары катары көрсөтүлөт. Чондор таңазар ала бербеген ушул сымак «майда-барат» турмуш фактылары балдар үчүн жазылган чыгармалардын орчун мазмунун түзүп, болочок гражданиндин турпатын, анын телчигүү жана жасалуу жолдорун аныктайт.

Пионер баланын образын жаратат десе, кээ бир авторлор шаан-шөкөттөргө бөлөп, окуянын кызыктуулугун кубалап, жаш каарманды эсеп жеткис окуяларга бөлөп салат. Натыйжада пионер бала аргасыз демилгечи, мажбур түрдө күжүрмөн болуп чыга келет. Мисал келтирип көрөлү. «Жаңы жолдоштогу» бардык иштин «билермандары» Асылбек менен Сашанын, «Назарбектин классташтарындагы» ышкыбоз авиомоделисттер Сагын менен Назарбектин, «Сагындагы» коомдук пайдалуу эмгектин жарчысы он жашар Сагындын, «Жүкөштөгү» чымыр денелүү машыккан Жусуптун образдары ошол өздөрү ээлик кылышкан окуяларда ачылбайт, активдүүлүгү — алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша мотивировкаланбайт, айрым авторлор балдардын көз карашын өздөрүнүкү менен алмаштырып салышат. Мисалы, Асылбек менен Сашанын, Назарбек менен Сагындын образында ушундай жасалмалуулук көп. Алардын жорук-жосуну иш процессинде эмес, авторлордун ыктыяры боюнча гана ырасталган. «Жүкөш», «Алкыш», «Сагын» повесттериндеги пионерлердин турмушу жөнүндө да ушуну айтууга болот.

Пионер уюму — тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн жашоо түнөгү, алардын көз карашын, кулк-мүнөзүн, жүрүм-турумун өнүктүрүп, калыпка салып, турмуштан өз ордун табууга жардам берип, жол көрсөтүүчү таяныч уюму. Пионерге мүчө болуп өткөн ар бир тестиер өмүрүндө биринчи жолу өз бет алдынчалуулукка, ар-намыска ээ болот. Өзүн биринчи жолу коом алдында жоопкердүүмүн деп сезет. Демек жазуучу пионердин образын жаратууда маселенин ушул жагдайына айрыкча маани

берүүсү тийиш. Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» менен Ж. Мавляновдун «Менин күндөлүгүм» повестинде бу тараптан окурмандардын акыл-эсине өбөлгө болорлук сүрөттөр бар. Мисалды Т. Сыдыкбековдун Динарынан баштайлы. Ал пионерге өткөн күнү өзүн өмүрдүн жаңы белесине чыккандай сезди.

— «Чоң эне бүгүн менин эмне үчүн кечиккенимди билиңизчи,— деди Динар.

— Олтуруп тамагыңды иче кой — деди чоң энеси,— кийин билип беремин.

— Жок, мурун билип бериңиз.

— Жарайт, тамагыңды иче кой.

— Тентек кыз кежирлене баштады:

— Жок, сиз эмне үчүн кечигип келгенимди азыр билбесеңиз мен тамак ичпейм. — Мени жакшылап караңызчы. «Муну көрбөйсүзбү» дегенсип, күлүңдөй түшкөн көздөрүн ойноктотуп, кызыл жагоосунун учун кармалап койду.

...— Көрдүм эркем... Пионерге өткөнсүң го? — Ыргып турган Динар эки буту менен тең секирип алакан чапкылады.

— Эми араң таптыңыз, эми... — Пионерге туура үч кыз өттүк! Лениндин-партиянын иши үчүн күрөшкө дайым даярбыз — деп үчөөбүз бирдей туруп айттык. Мен абдан кубандым: мойнума вожатый жагоо байлай баштаганда жүрөгүмдүн соккону өзүмө угулду».

Дал ушул моментти повесттеги каснеттүү окуялардын бири, жазуучунун маанилүү табылгасы катары баалоого болот. Анткени мында Динардын пейлиндеги урунттуу белгилерден бирөө ишенимдүү айтылды, окуучу андан өз кейипкерин көрдү, окуяны жандуу өсүү процессинде туйду.

Балдар турмушу жалаң гана үй-бүлө менен пионер уюмунун таасирлеринен турбайт. Чоңдордун жашоо турмушу канчалык кооз, ар түркүн болсо, балдардын турмуш-тиричилиги деле ошончолук кенен, ар тараптуу келет. Демек тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн граждандык парзынын өсүп, жетилүү процесси авторлор тарабынан турмуштун конкреттүү шарттарында туура мотивировкаланышы зарыл. Тестиер балдар кулк-мүнөзү, жүрүм-турумунун нормаларын калыптоо боюнча чоң жардамдарга муктаж. Бирок, тилекке каршы, азыркы кыргыз балдар адабиятында, анын ичинен, мүмкүнчүлүгү зор балдар повестинде ушул күнгө чейин мына ушундай актуалдуу проблемаларга кол тийбей, өнүктүрүлбөй келе жатат.

Ушундай актуалдуу маселелердин күтүп турушуна карабай, айрым жазуучулар даяр сюжетти качырышат, бирин-бири кайталашат. Мисалы, балдарды коомдук пайдалуу эмгек процессинде көрсөтөт десе, биздин республиканын эл чарба бөтөнчө-

лүгү жана мектеп балдарынын ишмерчилигиндеги ыңгайлуу учуру катары көркөм чыгармаларда дайыма алардын каникул мезгили камтылат да, авторлор, сөзсүз түрдө, мектеп окуучуларын зордоп отуруп колхоз талааларына алып чыгышат. Коомдук малды шефке алдыруу же огород-бакчаларына жардамдашуу менен мектеп балдарын жеңил-желпи алкышка бөлөй салуу жумушу ал чыгармалардын ар кайсынысында адатка айланып баратат. Мындай сыпаттоолор Ш. Бейшеналиевдин, М. Жангазиевдин, Н. Байтемировдун, Ж. Таштемировдун жогоруда аталган повесттерине мүнөздүү.

К. Маркс тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн эмгегин туура уюштурууга зор маани берген. Анын белгилөөсү боюнча эмгек баланы тарбиялоочу мааниге ээ болушу зарыл. Эмгек баланын жүрүм-турумун, акыл-эсин өнүктүрүп, келечек багытына медер болуп, кара күчү менен эрк сапаттарын бекемдеп, рухий муктаждыгына данакер болушу керек. Ушул аспектен алып караганыбызда жогоруда аталган повесттердеги көтөрүлгөн тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн эмгек проблемалары анчейин максатка ылайыктуу келип, купулга толо бербейт. Себеби, алардын көпчүлүгүндөгү эмгек процесси балдардын агымдагы турмуштиричилигинен, чөйрөнү аңдап билүү муктаждыгынан өнүгүп чыкпай, көп учурда, автордун эркин аткаруу зарылчылыгынан, идея түзүүдөн улам келип чыгат. Мисалы, «Алкыштын» каармаңы Абдылас, Роза, Акай өндөнгөн балдар мектеп окуучулары катары эмес, кадимки каныккан колхоз дыйкандары катары мүнөздөлөт. Алар сабактан кийин керели кечке канал казууга жардамдашышат. Ал тургай Абдыласта түнкү уйку да болбойт, саанчы апасына көмөк көрсөтүп, түнү бою уй багып, музоолорду күзөтөт. Мектеп жабылганда бир катар классташтарын баштап жайлоодогу малчыларга барат, маданий-массалык жумуштарды аткаруу менен бирге, дары-дармек чөптөрдү жыйноого да үлгүрүшөт.

Иши кылып, «Алкыштагы» балдар мектептен сүрүлүп чыгат. Карандай эмгек талаасында жашайт. Демек алар мектеп балдарынын өмүр чөйрөсүнө ылайык окуяларда ачылбай, турмуш фактыларына жараша мүнөздөлбөйт. Ошондон улам, бул кабиледеги чыгармалар тез эле адабий фактыга айланып, арымдуу өмүр сүрө албай кала бергени белгилүү.

Ушул күнгө чейин балдар повесттеринде чагылдырылбай келе жаткан орчундуу проблеманын бирөө мына мында. Азыркы балдарга милдеттүү билим берүүчү орто мектептерибиздеги мугалим менен кээ бир окуучулардын ортосунда жарыяланбаган, бирок айкын байкалып турган күрөштөр бар. Мисалы, айрым тестиерлер менен өспүрүмдөр дагы эле болсо мугалимди

жадатып, сабагына жана тарбиялык жумушуна «бойкот» жарыялап, анын тамырын тартып, мугалимдик «жарамдуулугун» сынап көрүү учурларын көп жолуктурууга болот. Же болбосо окуучунун мугалимди тоготпой коюусу, аны сыздатып сабактан качуусу, бул же тигил коомдук жумушка катышуудан баш тартуусу ж. б. у.с. көрүнүштөр жөнүндө мугалимдердин даттануулары көп. Мунун өзү, биринчиден, тестиер менен өспүрүмдөрдүн психологиялык өсүү өзгөчөлүктөрүнөн, экинчиден, жалпыга милдеттүү билим берүү проблемасын ишке ашыруунун татаал мүнөздүүлүгүнөн келип чыгат. Мектеп балдарынын кулк-мүнөзүндөгү ушундай көрүнүштөрдү ырааттуу өнүккөн окуяларда, кылдат түзүлгөн конфликттерде айтып берүү тикеден-тике балдар адабиятынын милдетине кирет. Бирок азыркы кыргыз балдар адабиятында мындай кызыктуу проблемага көңүл бөлүнбөй келатат.

Балдар повестиндеги проблема коюу, сюжет куруу жана образ түзүү маселесин жеңил-желпи баалап, көбүнчө, аны балдардын жаш өзгөчөлүгүнө шылтоолой коюп жүргөн жазуучуларыбыз аз эмес. Мындай көз караштан туура жыйынтык чыгарууга болбойт. Анткени, балдар дайыма, саат сайын, күн сайын өсүү процессинде болот, жаңыны таанып-билүүгө умтулат. «Бала жашаган ар бир күнү сайын өсүп турат. ...Ошондуктан биздин китептер алардагы курактын психологиялык комплексин бекем сактай бербестен, дайыма ошол комплекстен алдыда жүрүп, баланы өзү боло элек чектерди көздөй алып баруусу тийиш[1]» — деген А. С. Макаренко. Баланын талапчандыгындагы маселенин ушул жагын дагы ачыгыраак белгилеп М. Горький мындайча жазат: «Баланын суроосуна: «токтой тур, чоңоёсуң — билесиң» деп коюу бул анын билимге болгон кызыгуусун өчүрүү дегендикке жатат. Баланын суроосуна жеткилең жооп берүү — бул өзүнчө искусство[2]».

Демек, баланы «баласынтып» тар чөйрөдө кармап олтурбай, аларды тестиер курагынан баштап чоңдор сыяктуу турмуштун түрдүү маселелерине аралаштыра берүү зарыл болуп калат. Бирок, тилекке каршы, ири-ири проблемалар; турмуш көзүнө үйрөтүүчү мастерлер кыргыз балдар повестинде анчейин көзгө жупуну учурайт. Мисалы, орчундуу мааниге ээ болчу балдар менен кыздардын ортосундагы сүйүү маселеси ушул күнгө чейин балдар повестинде али чагылдырыла элек.

Балдар адабиятындагы ар кандай «жашыруун» касиеттерди,

---

[1] А. С. Макаренко. соч. т. 7, М., АПН РСФСР, 1958, стр. 182.
[2] М. Горький. «О детской литературе», стр. 84.

өзгөчө белгилерди ачып берүү орустун алп жазуучулары Л. Толстойдун, А. Чеховдун, М. Горькийдин, В. Маяковскийдин, А. Гайдардын, С. Маршактын, К. Чуковскийдин, С. Михалковдун үлүшүнө таандык болду. Алар ар кандай жаштагы балдар менен ылайыктуу тил таап сүйлөшө алышты. Чындыгында, балдар адабиятынын кадыр-баркын ушул зор художниктер туура баалашкан экен. Л. Толстой балдар үчүн адрестелген чыгармалардын бир өзгөчөлүгүн анын тилинин көркөм болушунан көргөн. Улуу художник өзүнүн А. Толстойго жазган катында: «...Тилдин үстүндө иштөө аябай кыйын. Себеби баары тең көркөм, кыска, жөнөкөй, эң башкысы — түшүнүктүү болушу керек» деген экен.

Кыргыз балдар адабиятындагы, өзгөчө, балдар повестиндеги маселенин ушул жагына көңүл бурганыбызда анын начар иштелгендигине күбө өтөбүз. Айрыкча, Н. Байтемировдун, М. Жангазиевдин, Ж. Таштемировдун, К. Эшмамбетовдун алгачкы повесттеринин тили көркөм эмес. Каармандардын жүрөк толгоолорун аныктап, психологиялык жүктү көтөрүүчү кооз, жандуу, эмоционалдуу монолог жана диалогдор өтө сейрек учурайт. Образдын ажарын ачып, анын көз карашын, жоруктарын көрсөтүүчү автордук баяндоолор да жандуу эмес. Балдар үчүн чыгармалардын тили жатык болуу керек дегенден уламбы, жазуучуларыбыз аны артыкбаш жөнөкөйлөштүрүп жиберишет.

Балдар повестинде арийне чагылдырылуучу проблемалардын бири мектептеги сабак процесси болушу мүмкүн эле. Анткени сабак системасы балдарды илимий көз караш, коммунисттик мораль, жүрүм-турумдун нормалары, ахлак-адептүүлүктүн салттары жагынан ырастап түздөп, мүнөздүн жалпы касиеттерин калыптап чыгат. Эгер мугалим тарабынан уюштурулуучу класстык сабак системасы болбосо, жаш муундарды коммунисттик эрк сапаттарына, көз караштагы туруктуулукка, чыдамкайлыкка жана ырааттуу логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө тарбиялоо мүмкүн эмес. Азыркы учурдагы теория менен практиканын синтездештирилген жыйындысы катары иштелип чыккан илимий фактылардын системасы менен куралдандырбай туруп, баланы коммунисттик көз караштын белгилери — илимдин негиздери менен куралдандыруу болбойт.

Мектеп жашындагы балдардын негизги ишмерчилиги — окуу, билим алуу. Бул ишмерчилик алардын башка ишмерчиликтерин (мисалы, эмгек, оюн) башкарып, жөнгө салып турат. Бирок авторлорубуз аларды зордоп отуруп мектептен оолактатып кетишет же, анча-мынча тийип-качып мамиле жасашат. Айрымдары эрежеге ылайыктаган болуп, каармандын сабакты жакшы окуй тургандыгын же тартипсиз, жалкоолугун үстүртөн айтып кеткен

учурлары да жок эмес. Мисалы, «Көктөмдөгү жаз», «Алкыш», «Алтын булак», «Аскарбек», «Жаңы жолдош», «Тилектештер», «Арстанбап», «Мейман» повесттеринен билим алууга астейдил туруп, сабак бышырбаган азыркы мектеп балдарын кезиктирүү кыйын. Алардын башкы каармандары Жусуп, Абдылас, Аваз, Асылбек, Аскар, Зейнеп, Марат жана Бекиштерди мектеп окуучулары деп мектепке баргандыгынан гана тааныйсың. Алардын бир даары мезгилсиз төрөлүп, аргасыз такшалган колхоз дыйкандарын элестетсе, дагы бир даары башка бир дасыккан ишмер адамды эске түшүрөт. Демек маселенин түйүнү эмнеде? Көпчүлүк жазуучуларыбыз тандап алган темасы менен проблемасын дурустап өздөштүрбөйт, чордонун билбейт. Ошондуктан анын айлана-тегерегинде гана үстүртөн сөз кыла салышат.

Ырас, мектептеги сабак процесси — татаал көрүнүш. Ал ар кайсы жазуучунун көркөм иликтөөсүнө баш ие бербеген майда, иликтөөгө кыйын фактылардан турат. Ага дасыккан жазуучулардын да бет багып кирише албасы мүмкүн.

Атактуу балдар акыны, Лениндик сыйлыктын лауреаты С. Маршак өз учурунда мектеп повесттери тууралуу кумардануу менен сөз козгоп, А. Гайдардын «Мектеп», В. Белых менен Л. Пантелеевдин «Шкид республикасы», Л. Пантелеевдин «Саат» деген чыгармаларында кызыгарлык мектеп хроникасы жок, эч болбосо алардын төрттөн бир бөлүгүндө мектеп турмушу чагылдырылбайт[1] — деп сын койгон болучу.

Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары», Ш. Бейшеналиевдин «Кычан» жана «Чыныгы достук» повесттеринде бул маселени чагылдырууга чоң аракеттер бар. Ошентсе да окуу процессин чагылдыруу ойдогудай чыкпай калгандыгын көрүү кыйын эмес. Мисал үчүн кээ бир чыгармалардан айрым деталдарды салыштырып көрөлү. «Кычан» повестинде мындай айтылат: «Бүгүнкү сабакта өтүлгөн «Тап» жөнүндөгү Тентинин аңгемеси балдардын кыймылын жандандырды. Адегенде түндөй күңүрт досканын бетине аппак бор менен «тап» деген сөздү бадырайта жазып, түшүнөсүңөрбү дегендей окуучуларга бурулду. Алдында отурган Кычан колун көтөрүп «мен айтам» дегенсип тура калды».

Албетте, Ш. Бейшеналиев повесттеги ушул сымак деталдардын жардамы менен башкы каармандын образын жандандыруу максатын көздөйт. Бирок ошол мүнөздү ачуунун каражаттары катары пайдаланылган сабак процесси каармандын жорук-жосунун талдоодон улам эмес, автордун көңүл буйругу боюнча жүзөгө ашырылып жатпайбы. Аныктап айтканда, жазуучунун

---

[1] С. Маршак. «Воспитание словом», «Советский писатель», М., 1964, стр 355.

идеясы каармандын турпатына бекем сиңип кетпей, окуучунун сезимине атайын таңууланып отурат.

Эми ушул эле темадагы, башкача айтканда «тап» күрөшү тууралу дагы бир каармандын алган сабагын окуп көрөлү: «Анча-мынча арип тааныгандан кийин, «ат», «таканы» жазалбай жатып, кат жүзүндө биздин оозанган сөзүбүз — Ленин болгон. Биздин саясий алиппебиз: «бай», «кедей», «батырак», «кеңеш» деген сөздөрдөн түзүлгөн. Ушунун баарын бизге Дүйшөн колунан келишинче үйрөтүп, түшүндүрүп, окутуп жатты» — дейт «Биринчи мугалим» повестинин каарманы — окуучу Алтынай.

Демек, болжол менен алганда, тарыхый коомдук өнүгүштүн бирдей учуру, ошол кездеги тап күрөшү жөнүндө сабак берген эки мугалимдин түшүндүрүү, талдоо, салыштыруу, жалпылоо ыкмалары эки башка даражадагы таасирге ээ болуп турат.

Ошентип, мектеп балдарынын саясий-идеялык, интеллектуалдык мотивин белгилеп, моралдык сапатын тартипке салып, ар-намысын, кругозорун кеңейтип, мүнөз-жоруктарын бекемдөөчү окуу-тарбия иштери кыргыз балдар адабиятында али да болсо терең иштелбей, проблема боюнча кала берүүдө.

60-жылдардын баш чендеринде биздин коомубуздагы ойпикирдин көркөм өнүгүшүндө гана эмес, жалпы эле, элибиздин духовный-моралдык, адеп-ахлаттык, тарыхка болгон көз карашы жагынан улуу секирик жасалды. Бул учурда партия тарабынан коомду өнүктүрүүнүн жаңы программасы иштелип чыгып, коммунизмдин тушунда жашоочу рухий байлыгы кенен, көз карашы, жүрүм-туруму жагынан жаңы сапаттарды алып жүрүүчү жаш муундарды тарбиялоо, жетилтүү ишине айрыкча маани берилди. КПССтин жаңы Программасында балдарды коммунисттик көз карашка тарбиялоо ишин коомубуздун азыркы учурдагы кезек күтпөгөн милдеттеринин бири катары эсептеп, аны коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүү милдети менен бир катарга койду.

Өлкөдөгү балдарга билим, таалим берүү ишинин турмуш талаптарынан артта калып бараткандыгын жоюу максатында СССР Жогорку Совети «Мектептин турмуш менен байланышын чындоо жана СССРде элге билим берүү системасын мындан ары карай өнүктүрүү жөнүндө законду» (1958), КПСС БКти менен СССР Министрлер Совети «Жалпы орто билим берүүчү мектептердин иш абалын жакшыртуунун чаралары жөнүндө» (1964) деген токтомун кабыл алды. Мектептердин жаңы окуу программасына өтүшүнө байланыштуу адабият курсунун кеңейтилген программасына өтүшүнө байланыштуу адабият курсунун кеңейтилген программасынан балдар үчүн чыгармаларды

окутууга алда канча көп орун берилди. «Өлкөдө жалпыга орто билим берүүгө өтүү закону» (1969) кабыл алынды.

Бул жылдары мектеп окуучуларынын турмуш-тиричилигиндеги жаңы өсүштөрдү изилдеген бир канча илимий иштер жазылды. Мисалы, буга П. М. Якобсондун, В. А. Сухомлинскийдин, П. И. Горбуновдун, Н. Д. Левитовдун эмгектерин атоого болор эле. Буларда азыркы мектеп окуучуларынын аң-сезими, кудурети, алардын таанып-билүү жөндөмүнүн структурасы, интеллектуалдык, социалдык жана духовный психологиялык жактан өнүгүү өзгөчөлүктөрү изилденди.

Коомдук турмуштагы ушундай өзгөрүүлөр балдар адабиятындагы жанданууларды туудурду, балдар повестинин тематикалык диапозону кеңейди, жазуучуларыбызды көркөм өсүштүн кезектеги баскычына милдеттендирди. Буга байланыштуу кээ бир жазуучуларыбыз Ата-Мекендик согуш учурундагы тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн жашоо тиричилигине кайрылышып, алардын ошол учурдагы турмуш-абалында пайда болгон карама-каршылыктарды жана күрөштөрдү чагылдырышты. Авторлор мында согуштун оор азабын, анын элге алып келген кайгы-муңун көрсөтүү аркылуу азыркы турмуштун артыкчылыгын даңазалап, келечек коомдун идеал каармандары менен байланыштырып берүүгө аракеттенишити.

Т. Касымбековдун «Жетим», К. Каимовдун «Бирине-бири окшобогон күндөр» жана К. Жапаровдун «Абыш» аттуу повесттери тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн ошол алоолонгон жылдардагы турмуш тагдырларын изилдеп, алардын өздөрүнө адрестелип жарык көрдү. Аталган чыгармалардагы камтылган абалдын жана коомдук шарттардын жалпылыгы алардагы көтөрүлгөн проблемалардын жалпылыгын аныктады.

Чындыгында Ата-Мекендик согуш элибиздин тарыхына зор окуя катары кирип, ал жоо менен бой тирешкен жоокерлердин эле эмес, турмушка эми кадам шилтеп, адилеттүүлүк менен карөзгөйлүктү ажырата тааный элек наристелердин да тамырына доо кетирди. Аларды бейкут балалыктын жыргалынан айырды, маанайын басайтты. Согуш балдарды социалдык кысымга алды. Бала же тагдыр деген маселе коюлду. ТАГДЫР — БАЛАГАБЫ же БАЛА — ТАГДЫРГА жаралганбы? Т. Касымбеков менен К. Каимовдун повесттериндеги сюжеттик ситуацияларды уюштуруучу конфликттер ушул проблеманын тегерегине топтоштурулган. Башкы каармандар Көкө менен Мамбет экөө тең тестиер куралтын босогосунда согуштун каарынан улам аталарынан ажырады.

Каармандын тагдыр окшоштуктары жагынан Т. Касымбековдун «Жетим», К. Жапаровдун «Абыш» повесттери да бири-

бирине абдан жакын турат. Көкө да, Абыш да томолок жетимдер. Экөө тең жакын туугандарынын колунда калышып, оор турмушка кириптер болушат. Гүлгүн балалыктын иреңи өчүп, мээр-шыбагасыз адамдардын чеңгелинде уйпаланышат. Бирок бул проблема коюу жагынан болгон гана окшоштуктар. Ал эми мүнөздү тарбиялоо, маанилүү көркөм конфликттерди иштеп чыгуу эки автордо эки башка мүнөзгө ээ.

Турмуш фактыларынан анын эң уруттууларын тандай билүү жазуучуга дайыма утук берет. Жапаровдун «Абышы» драмалуу мазмуну менен окуучуларды бөтөнчө кызыктырат. Повесть согуштун алдыңкы жылдарындагы мезгилди өз ичине алып, окуучуларда бөтөнчө аёо сезимин туудуруучу көзү азиз жетимдин трагедиялуу тагдыры жөнүндө баяндайт. Буга деле согуш күнөөлүү. Анткени согуш аны ата-энесинен айырды. Жарык дүйнөнү көрүүгө зарыгып, куу таяктан жардам тилеп, тукулдатып жер таптап жүргөн наристеге таш көчөдөн өтүүчү кылдырттаган арабалар менен бирин-экин өзүнө жакын адамдардын гана үндөрү «тааныш» болбосо, мүлдө дүйнө караңгы.

Абыш чыраксыз сокур болгону менен, балалык кыялы жарык, жүрөгү жалын. Бир жерде тынч отура албай ойногусу келет. Эртең көзү ачылчудай, жарык дүйнөнү көрүүчүдөй өзүнөзү жооткалайт. Аныктап айтканда, автор адамзаттын тагдырындагы кайгылуу абалын, азиз көздүү тестиердин аянычтуу басынкы маанайын чебер байкап, көрө алгандыгына бизди ишендирди.

Жазуучу повесттеги каармандын өсүү процессин турмуш сүрөттөрү менен чечмелеп, бараандуу окуяларда ырастоо аракетинде болот.

Какаганга муштаган болуп, көзү азиздиктен башка Абыштын тагдырына дагы бир оор кайгы кошулат. Азап-муңун жуупчайган апасы өлүп, мээр-шыбагасыз жеңенин казабына кабылат. Калбүбү анын бейпайдасыздыгын ашкерелеп, адамдык сапатын басынтып шылдыңдайт. Ошондо намысчыл Абыш азыркы өмүрүн керексиздей сезет. Наристенин аң-сезимин бийлеген ушул сымак көрүнүш автор тарабынан маанилүү драматизацияланат. Окуучу Абыштын ындыны өчкөн турпатына шериктеш болбой коё албайт. «Мен дүйнөгө бекер жаралгам. Менин жолум туюк, барган жерим азап. Чеке жылыткан кубаныч менден алыс. Дүйнөдөгү макулуктун артыкбашы мен» — деп каңырыгы түтөйт.

Демек Абыш балалык кыялга жеңилет. Баягы сууга аккан «тааныш» жерин таягынын учу менен мелжеп барып, агып өлүүнү чечет. Ушул кырдаалда бул көрүнүш чыныгы турмуштук көрүнүш эле. Мындан башкачараак болушу мүмкүн эмес

болчу. Анткени балдардын да өзүнө жараша трагедиясы, духовный драмасы болот эмеспи. Анан, ким эле өз баласына: сен дүйөнүн сүт каймагы үчүн жаралдың, турмуштун таттуулугун гана көрөсүң, анын ачуусу, тикенектүү жагы таптакыр жок деген «жоомарт» убадасын бере алат? Турмуш чындыгына көз жуумп, баланы андан далдалабай кичинесинен эле турмуштун ачуу-таттуу сырларына аралаштырып алып бара берүүсү оң — «Абыш» повестинин леймотиви ушундай.

Автор муну менен кыргыз балдар адабиятына өзгөчө психологиялуу кампасы бар каарманды алып келди, тестиерлер үчүн кызыктуу проблемалардын бирөөнү көтөрүп чыкты. Биздин балдар табият каарына чалдыгып, алты санынын аманчылыгы жок, оор азап чеккен Абыш сыяктуу курбалдаштарын анча-мынча турмуш жолунан гана жолуктура коюп жүрүшкөн болушпаса, сокур баланын психологиясы, жашоо кумары менен бул повестке чейин системалуу тааныштык ала алышпаган болучу.

Албетте, азиз көздүү тестиердин ички дүйнөсү, турмуштан алган орду жөнүндө көркөм баяндап берүүнү ниеттенген жазуучунун алдында өзгөчө оор проблема: адамзаттын өмүр жолундагы муңдуу көрүнүштөрдү, өмүргө так салган фактыларды, кошумча материалдарды — деффектологиянын кээ бир маселелерин кошо үйрөнүп чыгуу милдети туулган. Повесттеги ушул проблеманын максаттуу, орундуу коюлгандыгын өз учурунда адабиятчы К. Артыкбаев туура көрсөткөн болучу. Сынчы «жазуучудагы ийгиликтердин бири катары анын психологиялык портреттерди даана тартууга жетише алгандыгында» — деп адилеттүү айткан.

«Жетим» повестиндеги Көкө жетимдин адепсиз Шекерден көргөн кордугу Абыштын көргөн азабынан кем турбайт. «Мойну-башын кычы бастырып, көчкө жетпей, чөлдө калган аксак кулун окшоп, Көкө жетим өзү жалгыз чоң теректин түбүндө» күнү-түнү кала берчү. Көп таяк жеп көгүнө таянгандыктан, анын духовный драмасы тез активдешпейт. Жалкатай, ийин кысмалыктан ал адегенде баш көтөрө албайт. Ушундай абалда калган бала өлбөстүн жолун издеп, уурулук кылып кетсе ким күнөөлөмөк?

Адеп сапаты бузулуп, жеңил жашоонун жолун издеген Шекер Көкөнү отун, сууга жумшап, бирок тамак бербей, сыртка кубалап, ак каптал кылып, ыйыгын чыгарат. Баланы айыл мектебине же балдар үйүнө жөнөтпөйт. Жеке эле баланын бирөөгө кетип калышы эмес, анын атасы үчүн тийүүчү пенсиясы кетип калат дегенде Шекердин муун-жүүнү титирейт. Адабиятчы Т. Аскаров бул жерде «Көкөнүн образы аркылуу жетимдин психологиясына туура жол сала алган. Жазуучу анын образын

турмуш чындыгынын эң сонун материалынан жасаган[1]» — деп туура белгилейт.

Т. Қасымбеков каармандын мүнөзүн өсүү этабында карайт. Мазмун менен форманын нугун бириктирип турган таасирдүү күчтү бир саамга басаңдатпайт. Амал табуунун, туюктан чыгып кетүүнүн жолун Көкө жетимдин өзүнө коёт. Аныктап айтканда, жазуучу коюу сюжет аркылуу каармандын ички туйгуларын активдештирип, карама-каршы мүнөздүн кагылышын жогорку баскычка көздөй өнүктүрүп отурат.

Ал эми К. Қаимовдун «Бирине-бири окшобогон күндөр» аттуу повесттинде согуш учурундагы тестиер балдардын дагы бир башкачараак турмуш сүрөттөрү жатат. Башкы каарман Мамбет 3-класстан окуп, билимге эми кумарданып, дилгирлиги эми артып келатканда каардуу согуш аны сүйүктүү агайынан да, атасы Момундан да ажыратат. Үй тиричилиги бүт бойдон Мамбеттин мүрүсүнө илинет. Бир эле ал эмес колхоздун коомдук пайдалуу жумуштары Мамбет өндүү омурткасы ката элек балдарга жүктөлөт.

Ошол учурда фронттон качып, тоо-таштарга жашынып, жан багып жүргөн Надырбай аттуу каракчы коомдук мүлктү бүлүндүрүүнүн жолуна өтөт. Ишин оожалдырыш үчүн ал өзүнө жардамчы издейт. Мамбеттин чыйрак, тирикарактыгы Надырбайга жагат. Баланы колго алып, өзүнүн жолун жолдотуунун амалында болот. Бул үчүн ага алдап да, коркутуп да мамиле жасайт. «Сага жол көрсөткөн киши жок. Қайран өнөрүмдүн баэры ачылбай кала турган болду... Билесиңби, менин кара жанымды карч уруп элге-журтка жек көрүндү болуп жүргөнүмдү. Ишенерим жок. Мындан ары мени менен болосуң. Эгерде балалык кылып кыйшаңдасаң башыңды чымчыктын башындай жуламын» — дейт Надырбай жер тепкилеп.

Мына ушундай оп тарткан канкор менен болгон беттешүүдөн кутулуп кетүү ымыркай бала үчүн эле эмес, чоң адамга да оңойго түшпөйт. Бирок муну сюжеттин кызыктыргычтыгын гана камсыз кылуучу окуялар деп эсептөөгө болбойт, анткени чыгарманын идеялык-көркөмдүк жактан мотивировкаланышы жана андагы нариете Мамбет, «жер жарыгынан чыга калган жаланқычтай» Надырбай уурунун индивидуалдаштырылган жоруктары учурдагы тарыхый шартка ылайык туура өнүктүрүлгөн.

«Турмуш — кудайдын каары,— деди ал маңдайында отурган балага жер муштап,— карыга да, балага да карабайт. Эчтеке эмес, бара-бара көрөсүң. Бирок акылыңды жоготпо. Сен

[1] «Ленинчил жаш», 6-январь, 1960.

да кааруу бол. Бет алган жагыңдан кайтпа. Ансыз жашай албайсың».

Карөзгөйдүн ушул сөзүндө, биринчиден, текеберчилик, өжөрдүк бар болсо, экинчи жагынан, ошол катаал учурга мүнөздүү чындык да бар эле. Себеби дал ушул кырдаалдардын өзү баланын сезүү-таанууларынын активдешине, турмушка болгон өзүмдүк байкоолорунун артышына себепчи болду. Бала Надырбектин жоруктарын — карөзгөйлүктү даана байкады.

Ошентип, тарыхый шартка жараша жаман чөйрөгө кабылган Көкө, Мамбет, Абыш өндүү жетимдердин тагдыры, жашоо үчүн жүргүзгөн күрөштөрү, келечек багыты жөнүндө эмнелерди айтууга болор эле? Ким гана болбосун, мейли, ал бала, мейли, жетилген киши болсун, ал эч качан зордоп басынтууга «чыдамдуулук» көрсөтүп тура албайт. Анткени «биздин идеалыбызда басынтууга орун жок» (В. И. Ленин). Коммунисттик тарбиялоо системасы, чындыгында, мындай идеалды күзөтпөй коё албайт.

Демек, ушул аспектен караганда Абыш, Көкө жана Мамбеттин максатында белгилүү даражадагы окшоштуктар бар. Атап айтканда, ан-сезимдин өсүшү, айлана-чөйрөгө сын көз менен мамиле жасоо, турмуштан өз ордун таба билүүгө умтулуу, жорук-жосунуна өзү баа берүү аталган каармандардын жалпы касиетин аныктайт.

Балдар адабиятынын каарманы мындай же тигиндей болушу тийиш деп кесе айтуу кыйын. Үлгү болорлук образ болсун деп эле, акылга сыйбаган эрдиктерди ага таңуулай берүүгө болбойт. Турмушта биз менен аралаш жүргөн кадимки эле катардагы балдар мектеп окуучуларынын сүйүктүү каарманы боло алышат. Сөз жазуучунун күч-аракетинде, эстетикалык камылгасында.

Белгилүү художник А. Толстой балдар повесттинин каармандынын сапаттык даражасына классикалык мүнөздөмө берип, мындайча жазат: «Балдар повестинин каарманы тынымсыз түрдө Геркулестин он эки жеңишин кайталашы зарыл деп ойлоого болбойт. Ал үчүн күн сайын учуроочу фактылардын боло бериши мүмкүн — бизге анын кулк-мүнөзү зарыл. Бирок балдар повестиндеги каармандын жоруктары кубаттоону, суктанууну туудургандай болсун[1]». Китеп «балдар үчүн турмуштун жаңы сюжети. Алар китептен сезим үчүн акыл азыгын, фактыларды издешет. Балдар анын амалкөйлүгүнө эмес, болгон ишине кызыгышат[2]» — деп баса белгилейт орус балдар адабиятынын классиги Б. С. Житков.

[1] А. Толстой. избр. соч. в 6 томах, т. 6, «Советский писатель», М., 1953, стр. 569.

[2] Кн. «Жизнь и творчество Б. С. Житкова», Детгиз, 1955, стр. 381.

Албетте, балада таң каларлыктай баатырдык, эрдик болбойт деп айтуу мүмкүн эмес. Мейли, согуш учурунда, мейли, тынчтык учурунда болсун, алар өздөрүнүн аталары жарата алгыс жеңиштерди жасашат жана андай фактыларга тарых өзү күбө. Бирок, ошондой болсо да, бала өзүнүн табияты менен сүйкүмдүү. Дал ошол балалык дүйнөсү менен гана алар адамзаттын философиялык жана психологиялык дүйнөсүндө ой жүгүртүүнүн өз алдынчалыгын — автономиясын түзүшө алат.

Өспүрүм Мамбет, Көкө жана Абыштардын ой жүгүртүүсүндөгү өзүнчөлүк өнүккөн сайын, коомдун мүчөсү катары коллективден өз ордун издей баштайт, мунун өзү алардагы чоң жеңиш, эрдик дегендикке жатат. Анын үстүнө, бу мезгил өспүрүмдөрдүн турмушундагы ар тараптан гармониялуу өнүгүүнүн алгачкы этабы катары көрүнөт. Эң негизгиси, балдардын ишмерчилигиндеги оң жана терс көрүнүштөр жазуучулар тарабынан жасалмаланбай, өсүү деңгээлине бөгөт болбогондой, адеп-салт жактан туура баалаңган. Каармандардын күрөшү ар кандай тоскоолдуктарга каршы биринчи планга көтөрүлүп, таасир көрсөтүү ишине да зор маани берилген. Автордук идеяларды башкы каармандар жыйынтыктайт. Окуучулардын эсине: унутпаңыз, ак пейилдүүлүк, адамкерчилик эч кандай кыйынчылыктарга, тоскоолдуктарга карабай, турмуштан дайыма өз ордун табат деген ой эскертилет. Ошентип, сокур Абыштын, алты саны аман, бирок жүрөгү жараланган Көкө менен Мамбет жетимдердин тарыхы кыргыз балдар адабиятына белгилүү учурдун, социалдык шарттын, доордун жана, ошондой эле зирек, кайраткер балдардын турмуш тарыхы катары кирет. Бул повесттер кыргыз балдар адабиятындагы бош орунду толуктап, азыркы балдарыбызды өздөрү күбө боло алышпаган тарыхый доордун зор бурулуш учуру, ошол алаамат мезгилиндеги курбалдаштарынын жашоо абалы менен тааныштырат.

Мына ушул үч повестке жалпы таандык белгилер дагы эмнеден байкалат? Авторлор проблема коюу, образ түзүү ишине көркөм жалпылоодогу оригиналдуу ыкмаларды колдонушат. Мүнөздүн структуралары каармандын иш-аракетинде ачылат. Эгер 50-жылдардагы бир катар балдар повесттеринде каармандарды тарбиялоо, ага таасир көрсөтүү амалдары кандайдыр бир атайын түзүлгөн шарттарда, устаттын таасири астында, педагогикалык «лабораторияда» жүргүзүлүп, ошолордун жардамы менен оңолуп-түзөтүлсө, аталган повесттердеги бул маселе башкачараак мүнөзгө ээ. Аныктап айтканда, кичинекей каарман өзүн-өзү тарбиялайт, турмуш көзүн үйрөнүүгө өзүн-өзү машыктырат, жүрүм-турумун өзү талдап, өзү баалайт, ситуацияга ылайык коомдук мамилесин өзгөртөт.

Тестиерликтен өспүрүмдүккө өтүү доорундагы (переходный период) баланын мына ушундай духовный өсүш жолу жана баштан кечирген машакаты, жоруктарындагы жана андап-билүү сезимдериндеги жылыштардын диалектикасын аныктоого болгон аракет аталган повесттерге таандык жалпы каснеттерден болуп турат.

Мектеп жашына чейинки бөбөктөрдү эпикалык жандрдын каармандына чейин көтөрүп, анын аң-сезимине чоң адамдардын ишеничин туудуруу 60-жылдарга чейинки кыргыз балдар повестиндеги ойдо жок нерсе болучу. Ч. Айтматовдун «Ак кеме», Ш. Бейшеналиевдин «Данакер», «Ат жалында секелек» аттуу повесттери бул маселени бир топ жандандырды. Авторлор мектеп жашына чейинки балдардын турмушундагы айрым көрүнүштөрдү белгилүү даражада көркөм жалпылап берүүгө жетишти. Алты жашар Аманат, ошол теңдүү Бадма менен Ч. Айтматовдун делдең кулак зээндүү баласы кадимки оюн дүйнөсү менен катар коомдук турмушта көрүнө алышат. Мисалы, ар нерсеге дилгир Аманат чоң атасынан үйрөнгөн комуз күүлөрүн чыгармачылык каадага көтөрсө, намысчыл Бадма Доржиге атаандашып ат жалында машыгат. Ал эми Ч. Айтматовдун баласын болсо көркөм ой чыгармачылыгы жомоктор менен уламыштар кызыктырат, чөйрөсү менен мүлдө дүйнөнү көркөм формада тааныу түйшүгүнө батат. Эң башкысы, бөбөктөрдүн жашоо кумарындагы мына ушул дымактуу иш-аракеттер мектепке чейинки жаштагы балдардын психологиялык өсүү өзгөчөлүктөрүнөн жана эстетикалык таламдарынан келип чыгып отурат.

Бул повесттердеги окуялардын тандалышы, конфликттердин өөрчүтүлүшү конкреттүү максатты ишке ашырып, чыгармалардагы ажардуу, күлкүлүү фабулаларды чыңдоо жана кичинекейлердеги мүнөздүн бир кылка эместигин түшүндүрүү зарылчылыгынан улам дагы келип чыккан. Ал эми, каармандардын көз карашындагы кээ бир мүчүлүштөр бул жерде мектепке чейинки жаштагы балдардын тажрыйбасыздыгы катары автор тарабынан туура жыйынтыкталат. Мына ошол тажрыйбасыздык нарстелердин турпатында өнүгүп келе жаткан ууз сезимдин тазалыгын, ийкемдүүлүгүн, жароокерлигин жана ошону менен катар олку-солкулугун кошо аныктайт. Маселен, Аманатта таштап кеткен апасына жек көрүү сезимининн туулуп, атасы Мусага болгон кусадарлыгынын артышы окуучуну күмөн санатпастан, тескерисинче, андагы мүнөздүн жаңы сапаттарынын ойгонушун ырастайт. Эңсөө, кусадар болуу — мектеп жашына чейинки балдардын тубаса инстинги. Аманат жалгыз каралды Мусадан айрылган Нурак чоң ата менен Бурма чоң эненин күйүтүнө кандай данакер болсо чүргөөдө таштап кеткен апасы

Алтынайдын да жүрөгүнө данакер боло алды. Ошентип бала бузулган көңүлдүн, адашкан жүрөктүн данакери экендигин автор белгилүү даражада ырастап бере алды.

Бирок жаш баладагы кыял-жоруктун, адеп-салттардын жаңы белгилерин толугураак чагылдыруу үчүн «Майда-барат» нерселердин балалык тажрыйбадан четтетилип салынышы талап кылынбайт. Анткени, жоктон барды «жаратууга» аракеттенип жаткан Аманаттын ойноок, жароокер маанайындагы тажрыйбасыздыгы, а тургай, сөз ээрчимелиги анын адеп-салт, жекече сапат жактан түптөлүү стадиясы иретинде окуучуларды кызыктыруу автордун максатына кирбейт. Себеби алардын мүнөзүндөгү темпераменттүлүк, ар кандай көрүнүштөрдү бачым өздөштүрүүгө болгон аракет мектепке чейинки наристелерге жалпы таандык касиеттерден болуп саналат.

Баса, айтылуу «Ак кеме» повестиндеги көп кырдуу проблемалардын бири тарбия-таалим — жогорку муундардын кенже муундарга болгон таасир сферасы, устат менен наристенин ортосундагы оош-кыйыштар тууралу проблема экенин айтсак болот.

Сөз повесттеги Момун карыя менен жети жашар наристенин баштан өткөргөн карапайым тиричилиги, турмуш көзүнө болгон кумары менен мамиле-катнаштары, көз карашы жана жүрүм-турумдун өсүш булактары, мына ошол процессте учуроочу жолтоолор менен духовный кагылыштар, тагыраак айтканда, устат эсептелген Момун карыянын тарбия-таалим системасынын балага берген оң жана терс натыйжалары жөнүндө баратат.

Чыгармадагы башкы каармандардын бири — (негизгиси десе да болот) Бала өлдү. Ал жарык дүйнөнүн ылазатын татпай, көзү ачык кетти. Автордун сөзү менен айтканда, ал «чагылган эпкининче бир жолу жарк нур чачты да, кайра жалп өчтү». Ата журттун эртеңки солдаты, мүмкүн, даанышман адамдардын бири боло турган бул баланын тагдыры жигердүү адамды дегеле кайдагер калтырбай турган көрүнөт.

Повесть камтыган ушул проблеманын түп негизи кайда? Кимдердин касепетинен жана эмне деген кедергиден улам окуя ушундай бүттү. Өзгөчө балдар окуй турган китептердин чөйрөсүнө бекем кирген бул чыгармадан азыркы мектеп балдары кандай сабак алышмак?

Биз, балдардын ата-энелери, бөбөктөрүбүзгө бетибиз менен беш түшүп, ар тараптан жыргалчылыкты камсыздап, бүткүл күдөрүбүз менен мүдөөбүздү алардын келечегине багыштайбыз. Ал эми агартуу майданынын кызматкерлери болсо, бул ишке кыйшаюусуз эле гуманизмдин позициясынан мамиле жасашат. Балдарга турмуштун жигердүү жактарын гана каалап, кайгы-

луу-мундуу тарабы тууралу маселени кошо туюндуруп баруу-га түк даашпайт. Ошондон уламбы, айтор, кайсы бир учурларда, биз өзүбүз балдарды турмуш чындыгынан, курчап турган көрүнүштөр менен фактылардан жасалма калкалаган болобуз. Натыйжада балдар кезиге калган кыйынчылыктар менен жолтоолорго учурап, муң-кайгылуу окуяларга туруштук бере алышпаган борпоң, жалтанчаак, коркок өсүп калышат окшобойбу.

Баса, балдардын тажрыйбасыз турмуш-тиричилигиндеги айрым драмалуу коллизиялардын келип чыгышына, кээ бир адашуулар менен кокустуктардын пайда болушуна да биз, чоңдор, себепчи болчудайбыз. А тургай, өзүбүздүн таалим-тарбиябыздын принципиалдуу эместигинен жана жарамсыздыгынан, ошондой эле, сөзүбүз менен ишибиздин кайчылаш келип калгандыгынан улам, аларды кайгылуу окуяларга кабылтып таштайт турбайбызбы. Биздин оюбузча, Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинде көркөм жалпыланган иш тажрыйбасынын бир учугу жана трагедиялуу финалы мына ушундайча мотивировкаланган.

Биздин учурубуздагы турмуш сүрөттөрүнүн оң жана терс сапаттарынын кардиналдуу жалпыланышы күңгөй менен тескей бир эле тоонун эки бети боло турган сыңары, коомдогу адамзаттын тиричилигинде үзөңгүлөш жашай турган оң жана терс маселелердин диалектикалык бирдикте көрсөтүлүшү Ч. Айтматовго окшогон художниктердин колунан келери белгилүү.

Чындыгында, жети жашар баланы чоң чыгарманын башкы каарманына көтөрүп, сюжет линияларындагы татаал проблемаларды анын жорук-жосундарына, ишмерчилигине тутумдаштыруу жана аны менен учурдагы маанилүү коомдук маселелерди көтөрүп чыгуу тажрыйбасы бизде тургай дүйнөлүк көркөм адабияттын тарыхында сейрек учурайт. Жазуучуну кызыктырып жаткан проблеманын жүйөлүү түйүндөрүнүн дагы бир учу мына мында тургансыйт.

Биз чоң адамдардагы кээ бир кемчиликтерди келеке кылган кезде, анын баарын балдардын мүнөзүнө, жүрүм-турумуна жаба салабыз. Бул өзү бала кыял, балача түшүнүктөгү неме экен. «Деги, сен бала пейилиңди качан таштайсың» деп жемеге алган болобуз. Иши кылып, балдардын ой-санаасы менен жашоо тиричилигин таңазар илбей, үстөккө-боток шылдыңга алабыз.

Чын-чынына келгенде, балдар дүйнөсү биз ойлогондон алда канча татаал, укмуштай назик, айкөл келет. Ч. Айтматов чоң художник катары балдар дүйнөсүндөгү биз ушул убакка чейин этибар албаган мына ошол асылзат маселеге орчундуу маани берди. Чоң адамдардын кичинекей балдар дүйнөсү жөнүндөгү

көз карашы менен түшүнүк абалын ашкере тактап берүү максатын көздөдү.

Автор сүйүктүү каарман баласынын сырткы кебетесинен тартып, индивидуал мүнөзүн ташка тамга баскандай келиштирип тартты. Бирок каармандын ысмын атайын эле атабай, аны жөн-жайынча Бала деп койду. Мунун өзүнчө жүйөлүү мааниси болуу керек. Себеби ошол жети жашар наристе адамзаттын тукум-уругуна таандык каснетти — жалпы адамзаттын баласына мүнөздүү сапаттарды алып жүргөнсүйт. Ал өзү тендүү балдардын зээндүүсү, акылманы. Табият ага мол берекесин аябай, кош колдоп тартуулаганы бекеринен эмес.

Кадимки эле мектепке чейинки жана мектеп жашындагы кенже балдарга окшоп, Ч. Айтматовдун делдең кулак жаш Баласынын да өзүнө жараша сүйүктүү иши, жан тынчытпас түйшүгү жана тиричилик үчүн камылгасы бар. Анын турмуштук биринчи сабагы менен жан жыргатар сүйүктүү иши таятасы Момундун сөз өнөрү — жомогу болду.

Ырас, баланын акыл-эси жалаң гана жомоктун моралдык нормалары менен азыктандырылбайт, мындан башка баланын күндөлүк турмуш-тиричилигине жетекчилик кылып, аздыр-көптүр анын мазмунун аныктап, арсеналында машыктырып, ар тараптуу телчигүүнүн каражаты болуп берген реалдуу чөйрөсү, алар менен болгон мамиле-катнашы да бар эле. Демек баланын аң-сезимине негизги эки нерсе — көркөм сөз өнөрү менен реалдуу чөйрө булак болуп берди. Бирок бул эки күч баланын канжүлүнүнө тең барабар сиңбей, оош-кыйыш синтездешпей калды. Биринчиси экинчисине караганда татымдуулук кылды, тамыр жайып, орноп алды. Биринчи фактор экинчисине үстөмдүк жасады. Албетте, бул реалдуу чөйрөнүн ролу сүрүлүп таштанды дегендикке жатпайт. Бул көрүнүш ар тараптуу торолуп, акыл-эси жыйынтыктуу жетиле элек наристенин реалдуу дүйнөнү кабылдоосу, аңдап-билиши стихиялуу формада, тим эле, баш-аламан жүрүп жаткандыгын айгинелейт болучу. (Баса, мектепке чейинки жаштагы балдардын ишмерчилиги менен тегерек-чөйрөсүнө болгон мамиле-катнашы стихиялуу, башкамсыз өөрчүй тургандыгын бул жерде далилдеп отуруунун зарылчылыгы жоктур деп эсептейбиз).

Бирок биз кунт коюп көңүл бөлүп, баалай турган маселе мына мында: Ч. Айтматовдун бала — каарманы алгылыктуу турмуш мазмунун татыбады. Же балдар бакчасынын, же мааниилүү уюшулган үй-бүлө тарбиясын көрбөдү. Жок дегенде, жарык дүйнөгө келип, көз ачып көргөн адеп-салт жөрөлгөлөрү менен кийинки өмүр жолуна жетекчиликти уюштура турган моралдык кредосу реалисттик искусствонун пускасында түптөлсө-

чү. Иши кылып, романтиканын аптабына какталган наристенин эртенки күнү опурталдуу болуп каларын не устаты Момун, не баланын өзү сезди бекен? — деген күмөнчүл суроо туулат. Бирок андай эмес. Айып эл казнасы жомокто эмес. Жомок баланы аястандай адилеттүлүктүн даңгыр жолуна үйрөттү. Айыпкер жөнүндө сөз кийинчерээк болсун.

Баланын зирек, зээндүү, сергек жана өз алдынча бек өсүп калышына биринчи себепчи Момун, анын жомоктору болду. Момун бул жерде сыймдуу ой көтөргөн, иштелип бүткөн көркөм образ катары гана учурабайт. Ал элдик педагогиканын алдыңкы өкүлү, «табигый тарбиячы» (Н. К. Крупская) катары элестейт.

Момун алдын ала түзүлгөн программасыз эле баланын күндөлүк турмуш-тиричилигин мазмуундуу уюштура алды. Бу жагынан биз, азыркы профессионал педагогдор, аны менен тегеле мелдешке чыга албайбыз. Момун тубаса тарбиячы болгон. Анын өз алдынча педагогикалык таасир берүү амалдары, өз алдынча сабак системасы, өз алдынча мектеби болгон. Ошондуктан небересин эмне деген максатка тарбиялап, көздөгөн мүдөөсүнө жеткирүүнүн айласын туюп, бирок анын каргашалуу бүтүшүн элестете албаган, акыр түбү өзүм күнөкөр болбогой элем деп түк ойлобогон. Момундун мүнөзү менен нур төгүлгөн кебете-жүзүнүн кайталангыс таамай ачылышы жана «бейтааныш тааныштарыбыз» (Белинский) катары жандуу элестеп турушу мына ушунда турат.

Андай болсо, устат карыянын уюштурган таасирдүү тарбия системасы кайсылар? Биринчиден, анда «өнөр алды — кызыл тил» — элдик поэзиянын түгөнбөс кенчи — «элдик педагогика... мелдешке чыга турган теңдеши жок элдик педагогиканын гениий» (К. Д. Ушинский) — жомоктору бар эле. Маселен, «Эне-Бугу» жана анын ичине камтылган «Энесай», «Чолок чөкүр кемпир», «Баатыр Күлчөнүн сөөгүн узатуу», «Баскынчылар менен Ысык-Көлдүн шамалы», «Кышкы токой түнүндө» ж. б. тууралу айтылган жомокторучу. Аттиң ай, алардын ар бири өзүнчө дастан! Жомок дегендей эскилиги жетип көөнөрбөптүр, же тескери үлгү бергендей кыянатчылыктын эпкинин сактабаптыр. Зирек зергердин көз нурунан бүткөн шашкектей көрктүү, салмактуу жана тарбия иши үчүн зарыл каражаттар экен! «Эне-бугу» жомогунун маңызы биз чочулап, божомол кургандай окуучуларды (же угуучуларды) жапан уруучулуктун туусун көтөрүүгө үйрөтпөйт, ксенте-эстетиканын ролун аткарбайт. Тескерисинче, Ата журттун мүлкүн сыймык тутуп, бабалардын каржалган мээнетинен бүткөн поэтикалык казынасын баалоого, үлгү тутууга үйрөтөт. Башка түшкөн кыйынчылыктын ар бир минута-

сында майышпай бек туруп күрөшүүгө машыктырат. Адам менен табияттын карым-катнашын бекемдейт. Ал биздин бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк маданияттын актуалдуу проблемасына айланган — жаратылышты коргоо жана көбөйтүү жөнүндөгү маселеге катышууга мажбурлайт.

Ал эми, элдин өз баатыры Күлчөнүн сөөгүн узатуудагы шаан-шөкөттүү, урмат-сыйы, күткөн азаасы жөнүндөгү окуялардын түюмдуулугун, живописттүүлүгүн, татымдуу идеялуулугун эске тутсак кандай сонун. Же болбосо, басып алгыч душмандардын мизин кайтарып, аларды кол көтөртө койбой буюктуруп, келген жагына кубалап элге жардам кылган Ысык-көлдүн шамалы» тууралуу жомоктогу ойду карабайсызбы? Булар жомок эмес, элдин эс-акылынан ширетилген патриотизм, кылымдардын жандуу элеси, калың журттун баштан кечирген түйшүгү, неченнечен баатырлар өсүп чыккан гуманизмдин булагы.

Булар жомок эмес. Ушунчалык ишенимдүү, ушунчалык жүгүмдүү баяндалган устаттын сабагына бала деген неге баш ийип, неге таазим кылбасын, неге ал моокун каныктырып, чын дилинен ишенбесин. Бала таятасынан үйрөнгөн жомогун портфелине айтып берип жаткан сценаны эске түшүрөлүчү. Кудум устаты сыңары сөзмө сөз так, баштан аяк көркөм, үзгүлтүксүз таамай баяндайт.

Момун баласынын нукура зээндүү, эр жүрөк өсүшүн тиледи. Анын ушул максат менен уюштурган жомок-сабагында артыкбаш нерсе жок. Баары тең өз жайында, баары тең оригиналдуу, баары тең тарбиялоочу жана таанып билдирүүчү маанеге ээ. Мисалга «Чыпалак бала» жөнүндөгү жомогун алалы. Бул жомок француздар менен англичандарда да жашайт. Бирок Момун алардан үйрөнгөн эмес. Юморлуу мазмундагы бул жомокту кыргыз материалынан жасаган, аны кыргызча сүйлөтүп, кыргызча шырып чыккан. Муну менен ал баланын өз алдынчалыгына жетишүү максатын көздөгөн. Тарбия ишинин натыйжалуулугу үчүн кастарлап күрөшкөн. Баланын жан дүйнөсүн канаттуу романтика менен туташтырып кошкон, чыгармачылык көркөм фантазиясын аябай өнүктүргөн.

Бала Момундун таасирдүү илимин үйрөнүп, эми, өзүнүн көрөнгөсүн, чыгармачылык фантазиясынын моторун ишке киийрет. «Ак кеме» жана «Бала балык» тууралу төл жомокторун курашгырат. Бала ошолорду канат тутуп, ошолордун деми менен жашап калат. Бул жомоктордун ар биринин социалдык мааниси, ичине каткан сырлары бар. Таштап кеткен ата-энеси жөнүндө санаа тартат. Мисалы, «Ак кеме» — чуркаса буту жетпеген, ыраактан каңшаары угулуп, жыты ацкыган эненин кумары, кол сунса жетпеген, бүлбүлдөп өчүп, талыбай тиктесе көзүн күй-

дүргөн атанын карааны. Баланын күйүтү күч, көкүрөгү чер. Кашыргы түлөп, ичинен бук. Ал өз атасы менен энесин издейт... Ылайым баланы ата-энеден ажыратпасын деп тилейбиз. Тилинен уу тамган өгөй энеге күн салбасын, Орозкул өңдөнгөн зөөкүрлөргө шерик кылбасын. Муңканган баланын биринчи жомогун ушундай чечмелесек болот.

Ал эми, «Бала-балык» жомогу менен Дүрбү болсо — «Ак кемеге» (Ата-энеге) көздөй тарткан жол. Уйгу-туйгу сезим менен жашап, кусадар болгон бала жөн жатып алмак беле. Ата-энеге жетүүнүн ар кыл амалын издейт. Эгер алар сууда жүрсө сүзүп, көктө жүрсө учуп жетип, ыраак болсо, жакындатып алгысы келет. Демек баланын кыялы жылаңач эмес, чыгармачыл негизге ээ. Бала көркөм шарттуулук (Бала-балык болуп канат тилеши) менен реалдуу шарттуулуктун (Дүрбү менен жакындатып алуу тилеги) алкагында жашап жатат. Бул болсо, бала жандуу өсүш процессинде баратат, анын турмушту аңдап-билүү мамилеси кезектеги баскычка көтөрүлдү дегендикке барабар эле.

Баса, Ч. Айтматов наристе баланын турпатына жукпаган кыял-жоруктарды жамачылап, же болбосо, карандай күчкө салып, артыкбаш апыртып жаткан болбосун? Жок, такыр андай эмес. Анын накта өзүн көрөбүз. Баланы кыянатсыз жароокер мүнөзү, куулук-шумдугу жок жумшак кыялы, боорукер жүрөгү, турмушка болгон жылуу, поэтикалуу мамилеси жана жомоктой жаркын элеси менен жолуктурабыз.

Эгер ушул жерде проблемага болгон автордун мамилесин туюндурсак маселе дагы ачыгыраак болгону турат. Анткени автор бул куралтагы балдардын психологиясы менен жалпы маданиятына, тиричилик муктаждыгы менен жан дүйнөсүнө үңүлүп, изилдеген кезде маселени карапайым окуучунун көркөм табити менен түшүнүк даражасына чейин төмөндөтүп жибербей, ага чоң художниктин позициясынан туруп талдоо жасап, ошол бийиктиктен баа бергендигин урматтоого тийишпиз.

Эгер психология илимине келсек деле, ушул куралтагы балдар табигый турпаты боюнча жомоктой дүйнөдө, чындыкты реалдуу кабылдоо стадиясында, романтикадан чыныгы турмушту көздөй бет алган аралык көпүрөдө жашашат. Бирок дагы эле болсо, аларда чөйрөнү реалдуу белгилери боюнча туюуга караганда, фантазиялуу маанисинде күчөтүп кабыл алуу манерасы үстөмдүк кылып жаткандыгын байкоого болот.

Жылаңач фантазия адам баласы үчүн тегеле жат көрүнүш. Эгер ал илимий мүнөздө өсүп турбайт экен колдонуудан чыгып калары белгилүү. В. И. Ленин бул маселенин түп нускасын таржымалдап, тике мааниде да, кыйыр мааниде да калуусуз

түшүндүргөн. «Фантазия кымбат нерсе. Ал жалаң гана акындар үчүн керек деп туура эмес түшүнгөндөр бар. Ал — бардыгына зарыл[1]».

«Туура, биз дүйнөлүк революцияны көрөбүз, бирок бул азырынча жакшы жомок, аябай кызыктуу жомок, мен кызыктуу жомокторду балдардын жакшы сүйүшөрүн түшүнөмүн. Бирок мен чыныгы революционер жомокко ишенер бекен? деп сурар элем. Ар кандай жомокто чындыктын элементтери бар: эгер сиз балдарга короз менен мышык адам тилинде сүйлөшпөй турган бир жомокту айтсаңыз, алар буга түк кызыгышпас эле[2]» деп жазган В. И. Ленин.

Эмки сөз кайрадан Момун жана анын ишмерчилигинин натыйжасы жөнүндө. Ал небересин тарбиялоодон жан аяган жок. Өз бактысына сараң караганы менен баланын көз карашын белгилүү даражада бекемдеп, идеалын түптөп, түзүп берүүгө жетишти. Бирок көпкө узаган жок. Момун өз мээнетине өзү чыккынчы болду. Колу менен урган дубалды өзү кыйратты. Балага үйрөткөн үлгүсүн, жугузган акылын, түзгөн идеалын, айткан сөзүн сууга агызды. Ал мындайча болду.

Өгүз моюн Орозкулдун зомбулугу аркылуу болсо да, баланын майышпас идеалын түзгөн «касиеттүү» ак марал Момундун колу менен өлтүрүлгөндүгү ага белгилүү болду. Кадырман устат анын башын элдин, баланын көзү алдында балта менен майдалады да итке таштады. Өлөсө мас болуп алып, улук «бабасынын» эти менен оозун майлады, эс-учун жоготуп, тилден калды.

Дал ушул жоругу менен Момун баланын алдында калыбына келгис кылмыш кылды, үйрөткөн акылына турбады. Баланын ишеничи өрттөнүп кетти, башы тегеренип, заманасы куурулду, азаптуу кыялдын көлүнө чөгүп кетти...

Ошентип, идея боюнча баланын көз алдында Момундун сакалы күйдү, баладан мурда устаты биринчи өлдү. Сөөк-денеси гана эмес, тарбия-таалими, жорук-жосуну, каада-салты, бүт турпаты менен кыйрады. Бала үчүн Момундун мындан ары жашашы түк мүмкүн эмес эле.

Карыя устаттын өмүр жолу менен ишмерчилигинин арты дал ушинтип кайрымсыз бүтөрүн, анын ойрондолушун жазуучу те башынан эле көркөм сюжеттин өсүш процессинде ишенимдүү мотивировкалап отурган болучу. Чындыгында, Момундун мүнөзү да, темпераменти да кызык адам болучу. Канчалык иш

---

[1] В. И. Ленин, соч. т. 5, стр. 558.
[2] В. И. Ленин, соч. т. 27, стр. 19.

билги, адеп-салттуу адам болгону менен, ал ошого жараша кадыр-барк, жакшы адамча туруктуу эрк топтой албаган эле. Ошондон улам Момун улуу-кичиктин шылдыңында, Орозкулдун басымында калган.

Өзүн-өзү урматтоону Момун үйрөнгөн эмес эле. Ал зээндүү, нускалуу, бирок тартынчаак, ичтен тынма, мажирөө адам болгон. Көпчүлүк арасында өз оюн айтып, сунуш кийирип көргөн жан эмес. Ой-санаасын, айкөл нускасын небересинен башка бир кишиге жеткире албай, ичтен тымытып соолто турган. Бүлүндүргүч Орозкулдун запкысына баш көтөрүп, сес көрсөтө албай, кечиримдүү санап жүрүп отурушу да ошондон.

Бирок түнт адам копол, опурталдуу келет. Кайсыл бир кырдаалдарга туруштук бере албай, ичинен тез жарылат. Мындай абал анын тиричилигиндеги бир жакшылыктан, бир жамандыктан улам келип чыгат. Анын натыйжасында ал киши таптакыр онолот, жаңырат. Же биротоло бузулат, жоголот. Адамдын ички дүйнөсүндөгү бул абалды А. С. Макаренко биринчи байкап, биринчи айткан. Анын окуусу педагогика илимине «жарылуу» («взрыв») деген ат менен кирген.

Орозкул тарабынан атмосферанын бузулушу, коомдук мүлктүн бүлүндүрүлүшү, адамдардын ар тараптан зордоп басынтылышы — Момун менен Баланы жарылууга мажбур кылды. Баса, байкуш Бала бир эмес, эки жолу кыйрады. Биринчисинде — Орозкулдун айынан, экинчисинде — Момундун айынан жарылды. Бала биздин коомдун артык баш адамы Орозкулдун, сөзү менен идеалын бекем сактай албаган устаты Момундун жоруктарына каршы күрөштө кыйрады.

А муну менен тынчыган жок, жүрөгүн өйүгөн дагы бир жолтоолорго каршы турду. Бала жалпы эле биздин, чоңдордун турмушунда учурап жүргөн карөзгөйлүк, адилетсиздиктер менен болгон элдешпес күрөштөн улам өлүп тынды. Ч. Айтматов муну мындайча түшүндүрөт:

«Балалык ой-санаанын жалындуу илеби ага (балага — М. С.) адилеттүүлүктүн законун жандуу сүрөттөп берип жатты... Бирок, улуу тилекке каршы, чоңдор адилеттүүлүктү бала эсептегендей, ал көргөндөй даражада эсептөөгө моюн сунушпады. Алар баарын тескери жасап жатышты». «Бирок сен сүзүп кеттиң. Эч качан балык боло албасыңды билдиң бекен, сен... Эми, менин бир гана айтарым бар — сен өзүңдүн балалык сезимиң эмне менен элдешпесе, ошону кыйрата алдын. Менин соорончум да ошондо».

Баарыга белгилүү, борбордук басма сөздөрдүн беттериндеги талкуу учурунда повесть жалпы жонунан туура бааланып, проза түрүндөгү поэзия, турмуш жөнүндөгү баллада катары туура

жыйынтык чыгарылган. Бирок чыгарманын трагедиялуу финалын кээ бир жазуучуларыбыз менен сынчыларыбыз ар кыл нерсеге жорушуп, ар кандай даражада түшүндүрүшкөн эле. Мисалы, казактын белгилүү жазуучусу А. Алимжанов бул үчүн авторго доомат коюп, көркөм сюжеттеги жомоктун пайдаланылышына каршы чыгып, баланын өлүмүн жомоктун кедергиси катары түшүндүргөн болучу («Л. Г.», 5-апрель, 1970). Ал эми сынчы Б. Панкин («Сов. Киргизия», 27-май 1970 г.) кичинекей каармандын трагедиясы Момундун педагогикалык жаңылыштыгы эмес десе, адабиятчы Д. Стариков («Л. Г.» 1- июнь, 1970.) жомоктогу чолок Чөкүр Кемпирдин эки баланы Энесай суусуна итерип жиберүүгө болгон аракети менен жазуучу каармандын өлүмүн алдын ала эле туюндурган болучу деген пикирди айткан.

Кайталоонун кереги жок, бул маселелердин тегерегинде биз, колдон келишинче, жогоруда токтолдук деп эсептейбиз. Кимди кандай баалайт, ал окуучунун өз иши эмеспи. Оюбузду жыйынтыктап, биз жолдош Ю. Лукиндин пикирине кошуларыбызды айтмакчыбыз. («Правда», 23-июль, 1970). Ал чыгарманын трагедиялууу финалы биздин демибизди суутпайт, тескерисинче, жүрөгүбүздү тазалайт. Мейли баланын тагдыры тирүүлөрдүн көңүлүндөгү кирди тазаласын! деген адилет жыйынтыгын айтат. Биз ошону каалайбыз, ошол Ю. Лукин тараптабыз. Экинчиден, эл оозунда айтылчудай: «баланын иши — чала» болгон жок. Бала төтөмөл сегиз жыл жашабаганы менен бейкубар сексен жыл жашагандардан көп иш жасады. Тирүүлөргө сабак болуп, толгоого салып кетти. Ал өз жумушун толук өтөдү.

КӨРКӨМ СЮЖЕТТИ УЮШТУРУУ ЖАНА ОБРАЗ ТҮЗҮҮ ПРОБЛЕМАСЫ

Биз жогоруда кыргыз балдар повестиндеги тематика жана проблема маселелери тууралу сөз кылдык. Эми, балдар адабиятынын өзгөчөлүктөрүнүн бири болгон көркөм сюжетти уюштуруу жана образ түзүү проблемаларына токтолууну туура деп таптык.

Балдар повестиндеги орчундуу проблемалардан бирөө сюжет маселеси болуп саналат. Балдар повестинин жана ар кандай жанрдагы көркөм чыгарманын сюжет структурасында белгилүү тарыхый коомдук түзүлүштүн чөйрөсүнө чырмалышкан адамдардын социалдык-коомдук мамилелеринин жыйындысы, жеке адамдын укук абалы менен милдеттери, коллектив арасынан алган орду чагылдырылат. Сюжеттин максималдуу түрдө курч берилиши, кызыктуу жана динамикалуу жайгаштырылышы балдар повестинин спецификалуу бир белгиси болуп саналат. Ошол үчүн балдарга арналган көркөм чыгармалардын арымдуу өнүгүшүнө жетишүүдө көркөм сюжет маселеси өзүнүн актуалдуулугун, чыгарманын кыймылдаткыч күчү жана андагы идеялык кубаттуулуктун алып жүрүүчү бедели катары ролун сактап кала берет.

Балдар повестиндеги көркөм сюжет, мүмкүн болушунча, хронологиялуу ырааттуулукта өнүктүрүлүшү зарыл.

Мектеп жашындагы кенже балдар менен тестирлерге «акылың болсо андап бил» дегендей мамиле жасоого болбойт. Ар кандай мүнөздөгү окуя менен конфликт системалуу баяндалышы талап кылынат. Эгер автор окуяны «тыгыздаган» болуп секиртип, аттатып жиберет экен, балага жетпейт, түшүнүгүнө айланбайт.

Айтылып жаткан ойдун түшүнүктүү, ырааттуу баяндалышы балдарга арналган чыгармалардын негизги жана биринчи касиети болушу керек. Ал эми көркөм чыгарманын ушул сапаты,

баарыдан мурда, анын сюжет курулушунда берилет. Ал тургай чакан ырларда деле ойдун белгилүү даражадагы ырааттуулугу берилбесе, ал көркөм чыгарма катары сезимге жетпей калат. Бирок кээ бир чыгармалардагы коюлган проблема ырааттуу байланышта сүрөттөлүп, бышкарылып жетилбегендиктин кесепетинен биз аны «сюжетсиз» чыгарма деп атоого көнүгүп алганбыз. Мындай учурда сөз бул же тигил чыгармадагы сюжеттин таптакыр эле жоктугу же катышпай калгандыгы жөнүндө эмес, анын начар түзүлгөндүгү же түшүнүксүздүгү жөнүндө гана болушу тийиш. Анткени чыгармадагы окуялар менен кубулуштардын начар жана түшүнүксүз берилиши, демек, анда мүнөз жок, болушу да тийиш эмес дегендикке жатат. Ошондуктан биз каармандын көз карашы, кулк-мүнөзү, аракети белгилүү даражадагы ыраттуулукта чагылган окуялар менен кезиккенибизде гана чыгарманын сюжети алаканга салынат деп айта алабыз.

Мүнөздүн төрөлүү, өсүү, калыптануу «сырларынын» ачык, жеткилең, көркөм сюжетте сүрөттөлүшү балдар үчүн гана эмес, чондор үчүн деле зарыл. Бирок буга карабай кээ бир жазуучуларыбыз балдар китептериндеги каармандардын ишмерчилигин бир беткей педагогикалык установкага баш ийдирип, олпок; бачым «жетилтишип», алардын эрдигин жеңил баалап жүрүшөт. Балдар повестиндеги каармандын ийгиликке жеңил-желпи жетиштирилиши же, сөзсүз эле, жеңиштүү боло бериши идеялык-көркөмдүк жактан гана кетирилген каталык болбостон, тарбиялоонун максаттуулугу жана принципиалдуулугу жактан да жиберилген зор кемчилик болуп саналат.

Мисалы, М. Жангазиевдин «Ажырагыс достор», «Назарбектин классташтары», Т. Абдымомуновдун «Жүкөш», К. Эшмамбетовдун «Эңсегеним ушул», «Жетимдер», А. Солтобаевдин «Бүтпөгөн дептер», «Жерде эрдик түгөнбөйт», С. Өмүрбаевдин «Көкөтөмдөгү жаз», К. Дүйшөналиевдин «Ынтымак» деген повесттериндеги балдар айтты-бүттү менен жеңишке ээ болушат. Ийгилик, жеңиш үчүн мейли тестиер, мейли өспүрүм бала болсун, белгилүү даражадагы духовный-нравалык машыгуудан өткөрүлүп, кадыресе өзүн-өзү тарбиялоонун мектебинде сыналып, ар тараптуу өсүү процессинде ырасталышы зарыл.

Каармандарынын жаш жана тажрыйбасыз экендигине карабай А. Гайдардын Бариси менен Жигансини, Л. Пантелеевдин Мотиси менен Ленькасы же бүгүнкү эле В. Железниковдун Клава Назаровасы менен Вовка Ерошини, А. Алексиндин фантазер Петясы, В. Липатовдун Илюшасы, Н. Дубовдун Юркасы деле М. Жангазиевдин, Т. Абдымомуновдун, К. Эшмамбетовдун каармандары сыяктуу мектеп балдары. Бирок алардын ар кимиси өзүнчө психологиясы, жүрүм-турумдун нормалары, речтик

өзгөчөлүктөрү бар индивидуалдаштырылган каармандар катары көрүнүшөт. Ал эми, биздин жазуучуларыбыздын аталган чыгармаларындагы сюжет дайыма эле балдардын реалдуу турмушуна коошо бербейт. Натыйжада балдардын жеңиши, ири ийгиликтери турмуш фактыларынан эмес, жазуучунун буйругунан жаралгансыйт.

М. Жангазиевдин «Ажырагыс достор» повестиндеги Асылбек менен Саша эч кандай кыйынчылыктарсыз эле иштелип жетилген образдар катары байкалгылары келет. Шаардан дем алыш үчүн барган балдар жайлоодогу малчылардын балдарынын арасында маданий-массалык иштер боюнча «зор бурулуш» жасоого үлгүрүшөт. Асылбек менен Саша үчүн тырмактай да тоскоолдуктар жок. Алар курбалдаш балдарды эле эмес, атактуу малчылар Үсөн, Искендерлерди да турмушта жашай билбеген адамдар катары жерге чаап ташташат.

Ырас, айрым учурда баланын сүйлөгөн сөзү, аткарган жумушу чоң адамдарды таң калтырган мезгилдер кезиге берет. Мындай учурду биз чоңдордогу тажрыйбасыздык, ал эми, балдар үчүн аракетчилдик негизги белгиси деп коёбуз. Бирок ошондо да тестиерлер менен кенже өспүрүмдөрдүн ишмерчилиги жана ой жүгүртүүлөрү белгилүү чекке чейин гана болорун унутпашыбыз керек. М. Жангазиевдин, Т. Абдымомуновдун, К. Эшмамбетовдун жана А. Солтобаевдин аталган повесттеринде окуя таксымга салынып, реалдуулуктун белгилери боюнча өнүкпөйт.

К. Эшмамбетовдун «Эңсегени ушул» повестиндеги окуя Совет бийлигинин алгачкы учуруна туура келет. Сергей аттуу орус жумушчусу кыргыз жайлоосуна келет да, он күндүн ичинде тестиер эки баланын сабатсыздыгын жоюп, билимдүү көз карашы калыптанган, таптык сезими курчуп жетилген балдардан кылып тарбиялай салат. Совет бийлиги орногондон кийин алар шаардан, интернаттан, окушуп, автор айткандай эңсегени ушул болгондуктан, бири — сүрөтчү, экинчиси — жазуучу болуп чыга келишет. Колго илинген окуя ушул.

Повесть автобиографиялык мүнөзгө ээ. Баян автор — каармандын өзү тараптан («мен») айтылат. Албетте, автор кыргыз адабиятында маркум М. Элебаев баштаган жакшы салтты уланткысы келген. Бирок анын көркөм тажрыйбасынын деңгээлинен алда канча төмөн кала берген.

Ошондон улам, кыргыз элинин өмүр тарыхындагы маанилүү окуялар — революциячыл төңкөрүштөр, эки элдин достугу, маданий байланыштар, өнөр-билим жагдайындагы оош-кыйыштар өндүү зор маселелер күңүрт бойдон кала берген.

К. Эшмамбетовдун «Эңсегени ушул», «Жетимдер» аттуу

эки повестинде тең маанилүү проблемалар коюлган, бирок көркөм образ, окуучуларды арзыткан кызыктуу сюжет жок деп айтса болот. Бул чыгармаларда каармандардын чыйрак аракети байкалбайт. Бар болгону артыкбаш дидактикалуулук, окуялардын агымына туткундалуу, фактыларды кургак баяндай берүү мүнөздүү. Адабиятчы Л. Михайлова «Энсегени ушул» повести тууралу сын-замечаннесин айтып келатып, чыгармага өзөк болуп алынган окуя балдар дүйнөсүнө мүнөздүү «жандуу турмуштун өзүнө эмес, автордун акыл корутундусунан[1]» кураштырылган деп адилеттүү белгилейт.

Китеп миндеген баланын ишеничине айланып, аларды адамзаттын жакшы салттарына көнүктүрүшү зарыл. Атактуу Виктор Шкловский согушка чейинки орус балдар адабияты менен фильмдердеги каармандардын ийгилик, жеңишке жетишүүсү жеңил, жумшак мүнөздүүлүккө айланып бараткандыгын байкап, аябай мыскылдаган экен. «Балдар фильмдерин болсо таң калуу менен кароочу болдум. Мындагы каарман сууга аккан байкуш кыздардан канчоону кармаар экен. Ал эми китептердеги суудан тутуп чыгуу «эрдиктерин» эсептеп бүтө албайсың. Атайын суудан сактоо коому да мынчалык эрдиктерди жасай алышпаса керек!» «Баланын кандайдыр бир жеңишке жетишүүсү — рекорд коюуга караганда аябай көп машакатты талап кылат. Жеңиш — иштин натыйжасы[2]» катары көрсөтүлүшү зарыл деп жазыптыр В. Шкловский.

Баса, кыргыз жазуучуларынын айрымдарында жаш каармандарды тарбиялоо иши кол учунда жүргүзүлөт. Ж. Таштемировдун «Алтын булак» повестинин каармандары — өспүрүмдөр кыска мөөнөттүү саякатка чыгышып, алтын булакты табышат. Зор демилге көтөрүшүп, канал чыгарып, булак суусун эл жыргалчылыгына кызмат кылдырат. Бирок эмгек процессин мындай жеңил баалоо тарбия ишине салакасын тийгизбей койбойт.

Сюжеттин кызыктуу болушуна жетишүү — балдар үчүн чыгармаларга коюлуучу негизги талаптардын бири экени белгилүү. Кызыктуу, динамикалуу сюжетти түзүүнү ниеттенген жазуучу сүрөттөлүп жаткан көп окуяларды системалуу кынаптап, гиперболаны жандандырып, боёкту коюулантып, драматизациялап сүрөттөйт. Эгер автор айтайын деген идеянын ачык-айрым болушун каалайт экен, анда, эң оболу, каармандын мүнөзүндөгү уруттуу белгилерди иликтейт, ситуацияга жараша окуяларды өзгөртүп түзө алат, башкача айтканда, кээде күчөтүп, кээде басандатып да бере алат. Маселенин бу жагдайына байланыштуу

---

[1] Ж. «Литературный Киргизстан», № 1, 1965, стр. 93.

[2] В. Шкловский, «Старое и новое», Детская литература, 1966, стр. 103.

балдардын атактуу жазуучусу Борис Житков мындай жазган: «Балдар үчүн күтүүсүз окуялар, чатак-жаңжалар да керек—сөз мына ошондо[1]». «Бала эки-үч бетти ээлеген сүрөттөмөлөрдү баратап салат. Кайсы жерде беттешүү-тирешүүлөр, кайсы жерде окуя бар? Улам издей берет. Ошол аракет-окуялар менен дароо тундуруп жиберип, аны китепке кадап салууга болот[2]».

Сюжет маселесиндеги ушундай эле пикирди окумуштуу педагогдор да колдошот. «Бала көп кыймылдуу — шамдагайлыкты, күтүүсүз окуяларды сүйөт, ал турмуштагы өзгөрүүлөрдү жана окуяларды ач көздүк менен издейт. Анын эркин окуядагы кубулжуп өзгөрүүлөр менен орун алмашууларды талап кылат, ошондуктан балдар үчүн китептерде татаал фабулалардын, кубулжуп түрмөктөлгөн окуялардын болушунан баш тартууга болбойт[3]» — дейт А. С. Макаренко.

Тестиерлер менен өспүрүмдөргө «ачык, так иштелген образдарды берип, аларды тынымсыз кыймыл-аракетте көрсөтүү зарыл. Бул жаштагы балдар формага анчейин көңүл бөлүшпөйт. Алардын көңүлү мазмунга, кыймыл-аракетке кадалат. Типтер керек. Фабула эң зарыл[4]» — деп басым жасайт Н. К. Крупская.

Кыргыз жазуучуларынын бир даары балдар адабиятынын ушул касиетин өздөштүрө албай жүрүшөт. Тагыраак айтканда, кызыктуу сюжет менен көркөм сапаттуулукту айкалыштыра алышпайт. Окуянын кызыктыргыч касиети логикалык жана психологиялык жаткан бекемделбей калат. Мисалы, Н. Байтемировдун «Сагын» жана «Ак баш» повесттерин алып көрөлү. Биринчи повесть башкы каармандын аты менен аталат. Үчүнчү класстын окуучусу Сагын автордун ою боюнча окууда өрнөк көрсөтүп, начар окуган жолдошторун алга сүрөп, бош убактысында колхозго жардам берип, үй ичинде болсо «кол ийиктей имерилип, дегеле илбериңки, дегеле чыйрак» көрүнөт. А тургай, Сагын үлгүлүү жүрүш-турушу үчүн Москвага, Артекке барып кайтат. Ырас, идея боюнча Сагын өндүү баланы өстүрүүдө жеке педагогикалык коллективдин эмес, ата-эненин да белгилүү ролу болот эмеспи. Демек устаты келишкен соң, бала да жакшы. Бирок мына ушул окуучулар каалап, күтүп отурушкан маанилүү жыйынтык аягына чыкпай ойрондолот. Сагындын түз жолуна атасы Сарала бөгөт болот. Баланын колунан сумкасын алып, жагоосун тытып, менчик койлорунун артынан салат. Демек ав-

---

[1] Сб. «Детская литература», М., 1955, стр. 127.
[2] Ошонун өзүндө, стр. 129.
[3] А. С. Макаренко, соч. т. 7, изд. АПН. РСФСР, 1958, стр. 188.
[4] Н. К. Крупская. соч. т. 3, М., изд. АПН, РСФСР, 1959, стр. 236.

тор өзүнүн логикасын өзү бузду. Көрсө, конфликт курчубай, жарытылуу терс каарман жаралбай, сюжет анчейин кызыктуу боло бербей бараткандыктан, жазуучу түз жолду таштап, атайын сокмо жолго түшөт. Мындай дегенибиздин себеби бар. Согуш бүтүп, кан майдандан эми кайткан кара жон дыйкан Сарала көтөрмөгө эгин таратып, тез эле «кызыл кулак» болуп кетет. Ошонун демине ашынып, аялы менен баласын таштап, өз таанышынын үйүнө кетет. Байтемировдун неберелерине сунуш кылган бул «сабагы» дегеле эч нерсеге турбайт. Мындай түйүлдүктүү сюжет көркөмдүк жактан тургай, адептүүлүк жактан да туура эмес.

Демек, автор Сагын менен Сараланын образын эч качан индивидуалдаштыра албаган, башкы каарман Сагындын образы турмуш мазмунунда, маанилүү конфликтерде ачылбай, калпыс ситуацияларда үстүрт мүнөздөлгөн. Дагы бир мисал келтирели. «Сагын бир топ жолдошторуна жардам берип, алга сүрөгөн. Түшүндүрүү жагынан ал абдан кыйын» — автордун баш каармanга чымырканып берген баасы ушул. Ошентип, «Сагын» повестинде турмуш мазмунунан иргелген окуялар менен кубулуштардын өз ара мамиле-катнаштарын аныктоочу жана жандуу көркөм образдарды туюндуруучу сюжет же анын элементтери дурустап иштелбей калган.

Сюжеттин кызыктыргычтыгын көзөмөлдөшүп, кээ бир авторлорубуз балдарга мурдатан тааныш болуп, көркөм элестөөлөрүндө калыптанып калган белгилүү адабий каармандардын жоруктарын улам кийинки чыгармаларында кайталай берүүнү адатка айландырышууда. Муну менен азыркы кыргыз балдар повестиндеги сюжет мотивдеринде бир беткей окшоштуктар, схематизм, баяндоо манерасындагы тенденциялуулук, штамптар пайда болууда.

Мисалы, белгилүү жазуучу Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» повестиндеги көркөм сюжетти жандандырып, анын баа-баркын ашырып турган кызыктуу окуялардын бирөө экскурсияга кеткен мектеп окуучуларын ээрчип чыккан эселек Динардын жолдо адашып калгандагы окуясы экени белгилүү. Анын үстүнө жазуучу бул окуяны ашыра чиеленштирип, окуучулардын сезимине бекем сиңдирген. Чындыгында, Динардын ошол жоруктары аны окуучу балдарга дагы бекемирээк жакындатып, дагы бекемирээк достоштурган болучу.

Албетте, балдардын турмушунда мындан да кызыктуу, не бир «кубулжуган» күтүүсүз окуялардын боло беришинде талаш жок. Бирок улам илгерилеп, сюжеттеги кызыктуулук менен күтүүсүз окуялардын жаңы нуктарына чыйыр салуунун ордуна кээ бир авторлорубуз тааныш каармандардын жорук-жосунун

жана даяр сюжетин качырышууда. Мисалы, Н. Байтемировдун «Ак баш», «Бекем достук», Ж. Таштемировдун «Алтын булак», Ш. Абдрамановдун «Арстанбап» повесттеринин башкы каармандары Баатырбек, Бакытбек, Аваз, Мараттар бул же тигил себептер менен тоодо же жолдо буюгуп жоголушуп, кайра табылат. Иши кылып, сюжеттин динамикалуулугун арттыруу максатында Динардын жоруктарын кайталагылары келишет. Дал ушул көркөм сюжеттеги жоголуп, анан кайра табылып жатышкан жоболоңдуу каармандар азыркы кезде чакан аңгемелер менен поэмалардын мазмунуна да төркүлөп кетишкенин айтса болот.

50-жылдардагы кыргыз балдар прозасынын өнүгүш жолунда өзүнчө бир жаңы этаптын башталышы кыргыз эл жазуучусу Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдары» повестине таандык. Анда жаңырган кыргыз кыштагындагы мектеп балдарынын турмушу, мектеп менен кыштак жамаатынын өз ара карым-катнаштары, кыргыз айылындагы карама-каршылыктар жана ар кыл мүнөздөгү турмуш проблемалары сүрөттөлөт. Башкы маселе — мектеп балдарынын турмуш тажрыйбасы менен духовный мүлкү таамай иликтенет. Кичинекей каармандар Аскар, Динар жана Орусбектин моралдык обликтери, ишмерчилиги, коом менен болгон мамилелери повесттин кызыктуу сюжет линияларында чагылат. Ала-Тоонун кооз жаратылыш байлыктары, түрдүү-түмөн пейзаждар образдарды ачуу максатында сюжет деталдарга бекем кынапталат. Көркөм каражаттардын мындай туташ сюжетке бириктирилиши авторго баяндоонун жаңы ыкмаларын, мүнөздү ачуунун жаңы принциптерин берген.

Балалык мүнөздүн жаралыш жолдору кандай?

Улуттук колориттин базасында пайда болуп жана өнүгүп жаткан жаңы мүнөздөгү кыштак балдары менен улгайган муундардын турмуш-тиричилиги, мамиле-байланыштар менен акыл-эс, өнөр-билим менен каада-салт жагдайындагы оош-кыйыштар эмнеден көрүнөт? Балдардын жаңыча жашоого дилгирленишинин стимулу кайсыл? Жазуучу айтып берүүгө ниеттенип отурган мына ушул ой түйүндөрү адаттан тыш курч, динамикалуу сюжет курулушунда деле өнүктүрүлбөйт. Аныктап айтканда, бул чыгармадагы сюжет куруу ыкмалары Т. Сыдыкбековдун почеркине таандык, бизге көптөн бери таанымал болгон, анын чоңдор үчүн жараткан полотнолорундагы ыкмалары негизинен сакталган.

Бирок мындай дегенибиз; автор даяр сюжетти кайталап, аны балдар дүйнөсүнө белгилүү өлчөмдө ылайыкташтырбаган дегендикке жатпайт. Тескерисинче, повесттеги автордун сюжет куруу, аны өнүктүрүүдөгү зор чеберчилиги кээ бир жазуучулар-

га окшоп окуяны жасалма түрдө жөнөкөйлөштүрүп, аны тестиер же өспүрүм балдардын түшүнүк деңгээлине чейин төмөндөтүп жиберүүгө жол бербегендиги менен айырмаланат.

Китеп балдардан дайыма ойлоо жөндөмдүүлүгүн — эмгекти талап кылат. Бул тууралу А. Толстой өзүнүн адилеттүү байкоосун ортого салган. «Жазуучу чыгармасын жалаң гана балдар үчүн жазууга тийиш эмес. Баланын түшүнүк деңгээлине чейин төмөндөп кетүү, анын үстүнө, өзү да кичине боло калымыш этип, анткорлонуучу жана тизе бүгө коюучу жазуучуга бала тан калуу менен карайт... Бала кандайдыр бир нерселерди түшүнбөй калбагай эле деп абайлай берүү жарабайт. Мейли, ал анчамынчаны түшүнбөй кала берсин. Түшүнбөстүк — дайыма чыгармачылык ишке шыктандыруучу күч. Түшүнбөсө сурап үйрөнөт[1]» — деп жазган ал «Балдар үчүн китептер» аттуу макаласында.

Жазуучу балдардын жашоо тиричилиги жөнүндөгү ой-пикирин турмуштун жыналач фактылары формасында эмес, көркөм жалпыланган, элестүү жыйынтыкталган образдар аркылуу бере алат. Бирок жалпы адамзаттын фонунан жеке адамды бөлүп алып, анын мүнөзүн жаратуу үчүн жазуучуга бай материалды жыйноо али жетишсиздик кылат. Автор, баарыдан мурда, аны конкреттүү турмуш шарттарында өнүктүрүп, индивидуалдаштырылган каарман же образ-мүнөз маанисинде берсе гана максатына жетет. Мындай учурда каармандын турмуш-тиричилиги жана ишмерчилиги чыгарманын тике мазмунуна оол кетет.

Мисалы, «Тоо балдары» повестинин мазмуну болуп «Күрпүлдөк» кыштагындагы элдин духовный жана маданий турмуш-тиричилиги, андагы карама-каршылыктар, жаңы мектептин пайда болушу, мектеп окуучулары менен педагогикалык коллективдин көздөгөн максаттары, аларга көмөктөш турган колхозчу дыйкандардын эмгек процесси эсептелет. Ал эми чыгарманын идеялык мазмуну болсо, мектеп балдары Аскардын, Динардын, Орусбектин жана Омор, Чоң эне, Сабыр сыяктуу конкреттүү көркөм образдардын кайгы-кубанычына, ишмерчилигине байланыштуу өтүп жаткан окуяларда гана ачык көрүнөт. Анткени мүнөз өзүнүн каситтерин кыймыл-аракетте, жүрүм-турумдун нормаларында, өзүн курчап турган адамдар менен болгон мамиле-байланыштарында гана ачык көрсөтөт.

Орусбек менен Аскардын, Омор менен Сабырдын кулк-мүнөздөрү менен жорук-жосундарынын негизги белгилери, сөзсүз, алардын өздөрү байланышкан жана ага ылайыктуу шартталган

---

[1] А. Толстой, избр. соч. в 6 томах, т. 6, изд. «Советский писатель», М., 1953, стр. 625.

турмуш абалынан өнүгүп чыгат. Т. Сыдыкбеков чыгарманын көркөм мазмунун каармандардын көз караштарына, сезим дүйнөсүнө жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша ачып көрсөтүүгө умтулат.

Албетте, Т. Сыдыкбеков балдардын турмуш-тиричилигине байланыштуу фактыларды мурдагы калыбында кайталай бербейт, аны кайрадан өндүрүп, жикке салып, типтештирилген мааниде сүрөттөйт, негизги белгилерин күчтөндүрөт, өзгөчөлүктөрүнө басым жасайт. Ал гана эмес, кезеги келгенде Омордун жоругуна байланыштуу окуяларды белгилүү өлчөмдө гиперболизациялап да көрсөтөт. Гипербола образдын жандуу белгилеринин бирөө деп белгилейт М. Горький. Ошондуктан көркөм сюжетти өнүктүрүү процессинде автор мүнөздүн уруттуу белгилери чагыла тургандай зарыл окуяларды, ситуацияларды уюштуруу аракетинде болот. Натыйжада Омор менен Орусбектин образы юмордук деталдар менен ширетилип, алардын жоруктарына баа берүүчү көркөм окуя укмуштай активдүү формада өөрчүйт.

Т. Сыдыкбековдун көркөм сюжетти уюштуруу өзгөчөлүктөрүнөн дагы бирөө мына мында. Художник каарманды дайыма ачык байкала турган кырдаалдарга коюп алат. Сюжеттеги окуянын өнүгүшү менен бир мезгилде эле, алардын жорук-жосундарын, мамиле-катнаштарын окуучулардын көз алдына жандуу, элестүү тартып, касиеттерин баалап берүүчү автордук мамилени ачык-айкын билдире салат.

«Тоо балдарындагы» сюжеттин кызыктыргычтыгы жалаң гана автордун каалосунан улам эмес, мүмкүн болушунча, каармандын ички дүйнөсүн изилдөө зарылчылыгынан, тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн психологиясын, алардагы мүнөздүн жаралуу жана өсүү процесстерин ачып, талдап көрсөтүү муктаждыгынан чыгып келип отурат десек болот. Сюжеттин кызыктыргычтыгы, биринчи катарда, анын көркөм мазмуну менен шартталат. Анткени бул маселе баштан аяк жазуучунун негизги камкордугуна айланган.

Өспүрүм Аскардын «ар кандай ишке талаптанышын», «табылгыс кымабат китептерди окууга» болгон кумарын, же болбосо кенже класстын окуучусу—«көзүн ойноктотуп, бир жайында тек тура албаган сербегей Динардын» такыкчыл-суроочул аракетин, өзгөчө, бул эки баланын табият сырларын билүүгө болгон шыгын (ооба сөзүз, шыгын), балалык ажарын, жаркын маанайын ачып берүү ишн жазуучудан зор талантты талап кылат. Автор өзү байкагандай «ар бир баланын өзүнчө жылдызы бар» экенин далилдөө машакатын моюнга алды.

Тажрыйбалуу художник Т. Сыдыкбеков маселени кеңири

планда карады. Конфликт маселесин бийик даражага көтөрдү. Каармандардын мүнөзү күрөштө курчуп, күрөштө жетиле тургандыгын ачык баамдады. Омор менен Сабыр, Аскар менен Орусбек өндүү конкреттүү көркөм образдардын ортолорундагы күрөш процесси аркылуу кыргыз айылындагы эски менен жаңынын күрөшүн, эски үрп-адаттар менен жаңы салттардын кагылышын, эскинин биротоло кысылып, сүрүлүп таштalыш процессин бутага алды.

«Тоо балдарындагы» көркөм сюжеттин дагы бир өзгөчөлүгүн белгилей кетүү зарыл. Повесттеги туташ өөрчүгөн окуялардын системасы өзүнчө гармония менен жайгаштырылган. Сюжет элементтери ыраатуу байланышта да, кыйыр байланышта да учурай берет. Окуянын туулуш жана өөрчүш себептери, чыңалып жетилген кульминация менен конфликттердин ырааттуу чечилиш натыйжалары анчейин тажрыйбасыз окуучу балдардын көз алдына ачык-айрым түшүнүктөрдү камсыз кыла алат.

Т. Сыдыкбековдо сүрөтчүлүк касиет мол. Анын баамында тестиерлер менен өспүрүмдөр ардап билүүсү жактан чоңдорго теңеле алышпайт. Алардын түшүнүгү ар дайым себепчи-окуяны, себепчи-конфликттерди жана себеп-натыйжаны талап кылат. Чыгарманын сюжет-элементтери биринин артынан бири ээрчишкен ырааттуу себеп-натыйжа принцибинде курулса гана максатка ылайыктуу келе тургандыгы ачык байкалат. Ошентип, ар кыл куraктагы балдардын тиричилик-абалын, кызыгуу чөйрөсүн, муктаждыктарын жетилең иликтеп, аларды кызыктуу сюжет формалары аркылуу туюндуруп берүү Т. Сыдыкбековдо жакшы берилген.

Повесттин экспозициясынан окуянын андан ары карай өнүгүшү ачык байкалат. Башкача айтканда, автордун сүймөнчүгү — Аскардын жорук-жосунунан улам сюжет-өзөктүн кийинки этаптарындагы окуяны болжолдоого болот. Анткени Аскардын мүнөзүндөгү курчтук, туруктуулук жана зиректик эртедир-кечтир «Күрпүлдөк» кыштагындагы эскинин үрп-адаттарына чүмбөттөлгөн Омор менен анын уулу Орусбек сыяктуу адамдардын жорук-жосундарына келишпес мамиле жасап, кагылыш чыгарарына окуучу алдын-ала ишенет, туят.

Орусбектин сценага чыгып, мектеп балдарына аралашып, анын атадан жугушкан «үлгү-салттарынын» өзү теңдүү окуучу балдарга жарыя боло калышы менен окуя түйүндөлөт. Анткени бул учурда Аскардын эле эмес, Орусбек менен Динардын, Омор менен Сабырдын тутунган позициялары да аныкталат. Алардын ар кимисинин жоруктарына ылайык окуялар тандалып, карама-каршы мүнөздөр конкренттүү өсүү жолуна түшөт. Ушул

турмуш кырдаалдары сюжетти курчутуп, андан ары түйүндөлүп, чыңалууга ыңгай түзөт. Анын кай тарапка, кандайча өнүгөрү мурдагыдан да ачыгыраак боло калат. Окуядан окуя туулуп, сюжет өзүнүн бүткүл драмалык күчү менен өсө баштайт.

Өспүрүм Аскар — автордун чын ыкласынын туундусу. Ар кайсы окуя, күрөш, эмгек, турмуш жаңылыктары Аскардын ууз тилегине, фантазиясына, күдөрүнө ылайык болуп, ошол пукта өнүгөт.

Сабыр баш болгон мугалимдердин атайын максат менен өмүр бою жылаңач баатырдыкта өскөн Омордун үйүнө келиши жана Аскардын «күндөлүгүнөн» карыянын кылык-жоругу жөнүндөгү окуялардын анын өзүнө окулуп берилиши тууралуу маселе орундуу жана кызыктуу чыккан.

Аскардын мүнөзүндөгү жекече жана коомдук аракеттердин айкалышы, анын классташы Орусбектин жана Омор, Мурадыл, Ташбай сыяктуу карыялардын кулк-мүнөздөрүн өз алдынча талдап, баалашы окуянын өнүгүшүн маанилүү даражага көтөрөт.

Омор менен Орусбектин жорук-жосундарындагы салакалуу көрүнүштөрдүн Аскардын «күндөлүгү» аркылуу ашкереленишн карама-каршы мүнөздөрдүн ортосундагы чечкиндүү кагылыштарды туудурат, күрөштү анын эң жогорку кульминациялык чегине жеткирет. Анткени ушул сценада каармандардын мүнөзү бардык жагынан ачылып, алардын ар кимисинин турмушка болгон мамилелери, көз караштары толук мүнөздөлөт.

Повесттеги чечүүчү моменттерди «Жүрөктөн чыккан сөздөр», «Эски жана жаңы тууралу» деген бөлүмдөрдөн да учуратабыз. Мисалы, мында Омор карыянын жакшы ниети менен мектептин оюн-зоогуна чакырылышы, «Мектептин Оморго жаңы дүйнөнүн төрүндөй таасир бериши» сюжеттеги таасирдүү, ишенимдүү окуялардан болуп калды. Жалын жүрөк пионерлердин сборундагы шаан-шөкөттөр, салттар карыянын тынчын алып, делебесин козгоп, пейилин түзөөгө жардам берди. Дал ушул кырдаалдардан улам Омор Орусбекти тарбиялоодогу өзүнүн кемчиликтерин ачык түшүндү, өзү айткандай «уйгактай жабышкан» эскиликтин кесепеттерин биринчи жолу моюнга алды, турмушка болгон көз карашы, жорук-жосуну жактан кескин өзгөрдү.

Омор «так ушул мөөнөттөн баштап ал сөздү мени айтты деп эсептебегиле», деген чечимге келди. Ар-намысы күчөп, баланы жаңыча салт-санаага тарбиялоо ишине эрктүү түрдө көчкөн карыянын мүнөзүндөгү ушул өзгөрүүлөр художник тарабынан каармандын өмүрүндөгү улуу бурулуш катары туура аныкталды. Анткени бүтүндөй педагогикалык коллективдин жана Аскар, Динар өңдөнгөн алдыңкы окуучулардын көздөгөн максаты дал ушунда болчу. Баса, ошол максатка жетүү үчүн карама-каршы

мүнөздөрдүн ортосунда күч сынашып бой тирешкен бир далай кагылыштар, боор эзген машакаттар болуп өтпөдүбү.

Омор менен Орусбектин аң-сезиминдеги өзгөрүү курч конфликттердин өсүү процессинде бекемделет, окуучунун чын жүрөктөн ишеничине айланат, моокумун каныктырат. Мисалы, Орусбектин пионер отрядынын күндөлүгүнө: «Биз үчүн эмгек — окуу! Бизге тынчтык гана керек. Биздин өмүр илимге арналат» — деп жазышы окуучу үчүн тек гана сөз эмес, ошо каармандын ымандай сыры, үмүтү катары таасир берет.

Мейли, көркөмдүк, мейли педагогикалык установкада алып карабайлык, Орусбектин мүнөзүндөгү өзгөрүп-түзөлүүлөр Омордун мүнөзүндөгү оңдолуунун натыйжасы катары кабыл алынат. Антпегенде Омордун философиялык ой жүгүртүүсүндөгү мына бу ишеничине окуучулар анчейин макулдук беришпеген болор эле. «Тээк, карыны жашартып жиберген эмгекти тааныбай өттүң го, бабам?» «...Неге көзүнөн тунук чыккан булак өстөндө киргил агат десем, маа окшогон кежир улам кечип ылайланат тура, неге бешиктен айыпсыз чыккан бала, адам болгондо кээде жамандыкка барат десем, ма окшогон акмак, аны тескери тетириге үндөйт тура. Эй, аттиң, наадандык, не десем сага: өткүр көзүм бар эле кыйшык көрсөттүң, балбан сөзүм бар эле тетири угуздуң, билекте күчүм бар эле текке жумшадың».

Демек бул Омордун тек гана учурдагы кыялдануусу эмес, анын духовный драмасы, түп-нускасынан өзгөрүшү, пейлиндеги оош-кыйышы катары бааланат. Т. Сыдыкбеков Омордун мүнөзүндөгү ушул белгилерди чыгарманын бүткүл ички өзөгү — көркөм мазмуну, сюжет тармактары аркылуу алып өтүп, күчтүү сезим менен баяндайт.

Повесттеги сүрөттөлгөн окуяларды, орчундуу турмуш маселелерин, каармандардын мамиле-байланыштарын жыйынтыктоочу ой түйүндөрү деле Омордун жоруктарына байланыштуу чечилет. Мисалы, чыгармада баштан аяк камтылган окуялардын, кызыктуу көркөм сюжеттин жалпы эле, каармандардын иш-аракеттеринин жыйындысы катары мектептин традициясына, элдин сүйүнүчүнө айланган биринчи «мөмө тою» сүрөттөлөт. Чындыгында, ушул жалпы журттун кубанычы деле Омордун жоруктарына баш ийдирилет. Себеби анын өмүр бою тарткан ызакордугун азыркы сүйүнүчү басып кетти. Ошондуктан ал мөмө-тоюнда муң-кайгыдан улам эмес, кубанычтан ыйлап отурду. Уштапта Омор карыя өзү айткандай «өткүр көзүн кыйшык көрсөткөн», «балбан сөзүн тетири угузган», «билектеги күчүн текке жумшаган» өткөндөгү наадандык турмушу менен көңүлдүү, сүйүнүчтүү коштошуп отурган болучу. Омор өзүнүн «Күүгүмдө

жортуп, каракчыдай түнөргөн балалыгы» текке кетпегенин, аны азыркы неберелеринен — Орусбектин курбалдаштарынан көрдү: «Тээк, кагылайын балдарым, менин өмүрүм силерде беле» деп, окуянын натыйжасын чын жүрөктөн коштоп, чын көңүлдөн жыйынтыктады. Окуучулардын эсинде калчу чыгарманын идеялык көркөмдүк күчү да дал ушул жерден ачык байкалат.

Аскардын образын түзүүдө жазуучу өзүнчө көркөм ыкманы колдонот. Тагыраак айтканда, ал автордук баяндоо аркылуу эмес, каармандын өз атынан, анын туткан «күндөлүгү» аркылуу ачылат. Эгер биз ушул амалды өөрчүгөн сюжет аркылуу образдын структурасын ачкан бирден бир көркөм ыкма катары карасак, анда аны автордук идеяны алып жүрүүчү каармандардын өзгөчө фигурасы, б. а. каарман-аңгемечи деп эсептей алабыз. Себеби «Күндөлүктө» Аскардын өзүнүн гана көз карашы эмес, ага тең барабар келүүчү башка каармандардын да образы ачылат. Демек, бул повестте кош сюжеттүүлүк; биринчиден, чыгарманын жалпы сюжети, экинчиден, атайын ой жүгүртүүнүн сюжети — «күндөлүк» экөө катар жашайт. Муну образ-мүнөздү жаратуунун жана чыгарманын композициялык структурасын чыңоо үчүн табылган атайын ыкма катары кароого болот.

«Күндөлүк» автор үчүн мүнөздүн сырларына изилдөө жүргүзүүнүн негизи ыкмасы эле болбостон, чыгарманын сюжет формаларынын аныктагычы иретинде да кызмат өтөй алат. Демек, жалпы жана атайын ой жүгүртүү формаларын үзгүлтүксүз туташ бириктирген мындай параллель сюжеттин өз ара мамиле-катнаштары, баа-баркы жөнүндө ой жүгүрткөнүбүздө дале анын экинчиси — («күндөлүк») өзгөчө ситуацияларда гана роль ойноп, ал эми, жалпы көркөм өңүгүүнүн кульминациялык чегине жеткенде же коюлган проблеманын чечилиши менен өзүнүн функциясын жоготот жана механикалык түрдө жоюлуп кетет деп эсептөөгө болбойт. Себеби «күндөлүк» бул жерде мүнөзгө изилдөө жүргүзүп жаткан автордук ыкма катары гана байкалганы менен, биз анын ичиндеги окуялардан ар кыл мүнөздөрдүн кагылышын жана өзүнчө сюжет элементтерин учуратабыз. Бу жерде «күндөлүктүн» дагы бир түйүнү бар. Ал жалпы сюжетте өнүктүрүүгө мүмкүн болбогон атайын милдеттерди да аткарып жатат десек болот. Мисалы, Аскардын «күндөлүгү» өзүмдүк ой жүгүртүүлөрү менен кыялдануулары тестиер жана өспүрүм балдардын аң-сезим кампасы, алардагы кулк-мүнөз менен көз караштардын өсүү закон-ченемдерин аныктоочу адепсалт нормаларынын тарыхы катары кызмат өтөп жатат.

Биз Аскардын мүнөзүндөгү өсүү процессин советтик мектеп берген коммунисттик тарбиянын туундусу — ошого ылайык ты-

нымсыз духовный өсүүгө өрүш алган балалык кубанычтын, а мүмкүн, анын ак пейилдүү ой толгоолорунун туундусу катары карайбыз.

Бул жерде өспүрүм Аскардын татаал фактыларды, окуя жана кубулуштарды өздөрүнчө талдап жана баалай билишине шек келтирүүгө болбойт. Анткени, биринчиден, Аскардын турпатындагы ак-сезимдүүлүк менен мүнөздүн жеткилең белгилерин коммунисттик коомубуздагы чындыктын өзү ырастай алат. Экинчиден, художник өз каарманы мектеп балдарынын асылзат граждандуулугун алып жүрүүчү алдынкы саптагы өкүлү катары атайын идеализациялап, биздин баамыбызга толумдуу, ишенимдүү даражада сүрөттөп жаткандыгын эске алууга тийишпиз.

Т. Сыдыкбековдун окуучуларга туюндурмак болгон көңүлсырларынын дагы бир учу мында. Аскар өсүүнүн өткөөл учурунда: тестиерден өспүрүмдүккө өтүү доорунда сүрөттөлөт. Бул жаштагы балдардын мүнөзүнө таандык бардык сапаттарды жазуучу ушул Аскардын ишмерчилиги аркылуу бермекчи. Алгачкы «Кызыл баян» главасында эле каармандын кыял-жоругу, чөйрөнү андап-билүүгө болгон кызыгуусу ачык мотивировкаланат. Табият сырларына жасаган Аскардын «чалгындоолору» тек гана окшоштурулган балалык кыялдын туундусу катары эмес, дымактуу жеткинчектин идирек сезиминин натыйжасы иретинде пайда болот. Мисалы, Аскардын «а эмне, пионер үрөндүн өнүм сапатын текшербейт бекен» деген ишенчке келиши, анын андан ары активдүү аракеттенишине бизди чын ыкласыбыздан ыраазы кылат. Каармандын бул аракетин анын көз карашы жактан бекемделүү, өзүн-өзү баалоо, коомдогу ордун аныктоого болгон алгычкы ийгилиги деп эсептейбиз. Ошондуктан ал эч кандай ийменүүсүз эле өзүн академик Аскар жолдош» деп атоого акысы бар. Анткени Аскардын мүнөзүндө өспүрүмдөргө таандык эгоцентризмдин күчтүү элементтери али жашап жаткан болчу. Анысыз ал тунук сезимдүү бала боло алмак эмес. «Академик» деп атоо менен ал өзүн классташ курбаларын Ашым, Сырга, Орусбектен айырмалап көрсөтүүгө аракеттенет. Мындай сапаты жок балага бул дүйнөдө жашоонун кызыкчылыгы болбойт.

Тестиер жана өспүрүмдөр өзүн сыпа тутууга чейин али өсүп жетилбеген болот. «Шашпаңыз... жаңы турмуштун көзүн бизге окшогон жаштар тез табат! Ура, пионерлер! Биздин колхоздун жерин гүлдөтүшкө даяр болгула, академик Аскар жолдош»— деп, күндөлүгүнө ушул курактагы балдар гана жазышы мүмкүн. Дал ушул маneралардан окуучу өзүнүн балалык сезимин элестете алат.

Аскардын «күндөлүгүндө» чоң эненин, Омор карыянын, Мурадыл ж. б. улгайган муундардын мүнөздөрү да белгилүү даражада ачылат дегенбиз жогоруда. Карыялардын кулк-мүнөзүн, адамкерчилик сапаттарын тескеп, талдап Аскар кадимки пускалуу адамча алардын тартибин баалап берет. Бирок автордун ою боюнча карыя муундардын арасынан балдарга үлгү көрсөтөрлүк жарамдуулары жокко эсе. Жазуучуга бир аз жагымдуусу чоң эне гана. Ал да болсо дайыма Аскар менен Динардын алдында акыл идиреги жагдайынан жыгылыштуу. Качан болбосун алардын жетегинде жүрө берет. Тактап айтканда карыя адамдардын образы жеткилең иштелген эмес. б. а. чоңдор балдарды эмес, тескерисинче, балдар чоңдорду тарбиялагансып көрүнөт. Мектеп директору Сабыр баш болгон мугалимдер коллективин окуучулар жетектеп алышкандыгын өз учурунда адабиятчы Ш. Үмөталиев туура сынга алган болчу [1].

Чындыгында, повестте улуу муундардын ролу төмөн чаап ташталып, кенже балдардын өз бет алдынчалуулугу артыкбашыраак идеализацияланып берилген. Көп учурларда Аскардын көз карашын автор өзүнүн көз карашы менен «толуктап» жиберип, аны зордоп, өз дүйнөсүнүн рамкасынан сыртка чыгарып кетет. Натыйжада өспүрүм Аскардын образын кадиксиз жетилген мүнөзгө, көз карашы жактан биротоло калыпка түшкөн окумуштуу адамдын образына айландырат. Аскарды андан ары тарбиялоонун, таасир көрсөтүүнүн зарылчылыгы жоктой. Али повесть өзүнүн сюжет кульминациясына жетпей туруп, бу каармандын ишмерчилиги жөнүндө ошондой тыянак чыгарылат. Мисалы, Аскар экскурсияга барып келери менен көз карашынын өзгөрүшү жөнүндө: «Сен жеке көзүң көргөн менен чектелбе, эртеңки чындыкты кошо тааны» деген жыйынтыкка келет. Албетте, мунун бардыгы автордук кыялдын кысталыш туундусу деңизчи. Бирок маанилүү иштелип жетилген баланын образын төмөндөтүп жатат.

Бала кандайдыр бир көрүнүштөргө, окуялар менен адамдардын кулк-мүнөзүнө сын көз менен баа берүүгө белгилүү этапта гана жетише алат. Мунун өзү узакка созулуучу татаал процесс. Биздин оюбузча, баланын баладай көрсөтүлгөнү эле оң. Алардын романтикасына терең үңүлүп кетүү дайыма эле жакшылыкка алып бара бербейт. Маселенин ушул жагына көңүл бөлүүнү окумуштуу педагогдор да бир добуштан колдоп келишкен.

Аскардын образын «күндөлүктөн» башка ыкмалар аркылуу, атап айтканда диалогдордо же башка каармандардын баасы аркылуу ачып берүү учурлары өтө сейрек жолугат. Ал

[1] « Советтик Кыргызстан», № 6, 1953, 62-бет.

эми автордук баяндоодо, көбүнчө, анын темпераментине басым жасалып, мүнөздүн сапатын ачуу ишине бир жактуу мамиле болгонбу демекчибиз. Мисалы, Аскар «салабаттуу, токтоо...» «Аскардын мүнөзү чоң кишилердикиндей. Ал токтоо, эстүү сүйлөйт», Аскар «...артыкча быйыл кыштан бери кадыресе кишидей токтоо, сөздү ойлоп айтуучу болду»— деп мүнөздөйт автор. Тажрыйбалуу художниктин мүнөздү ачууга колдонгон бул амалдары окуучуларды канааттандырбайт.

Чоңдор үчүн көркөм полотнолорду жаратуудагы тажрыйбасына таянып, Т. Сыдыкбеков кыргыз балдар прозасында жаңы ийгиликтерди жаратты. Образ түзүү жана сюжет куруунун амалдарын өркүндөтүп, жандуу, кызыктуу өөрчүтүлгөн драматизмди, конфликттерди уюштуруучу жаңы көркөм каражаттарды иштеп чыкты. Қаармандын образын, анын өзү туткан «күндөлүгү», «түш көрүү» абалы, ички монологдору ж. б. ыктар менен ачып берүүнүн зор искусствосун өнүктүрдү. Ушул ыкмалардын көпчүлүгү кийин кыргыз балдар прозасындагы көркөм психологизмдин өсүү, жетилүү процессине белгилүү даражадагы таасирин тийгизди. Қандай болбосун, кыргыз балдар адабиятындагы реалисттик прозанын, анын ичинен, эпикалык жанрдын өркүндөшүнө, көптөгөн жазуучуларыбыздын чыгармачылыгындагы көркөм чеберчиликтин калыптанышына, ошондой эле, баяндоо манерасындагы окшоштуктардын, образ түзүү жана сюжет куруудагы бир беткейлүүлүктөрдүн, штамптын жоюлушуна Т. Сыдыкбековдун бул повести өзүнчө таасирин берди.

Балдар адабиятындагы сюжеттин жыйынтыктуу башкамдуу, натыйжалуу бүтүшү турмуш процессиндеги айрым маселелерге салыштырмалуу гана чектелген мааниге ээ болот. Себеби балдардын акыл-эси тынымсыз өсүү, өнүгүү жолунда болгондуктан, Т. Сыдыкбеков өндүү ыкты жазуучу деле аны бир-ротоло бүткөн мааниде көрсөтүп бере албайт. Художник балдар психологиясындагы бир же бир нече эпизоддорду гана дааналап бере алышы мүмкүн.

«Тоо балдарындагы» сюжеттин ырааттуу бүтүшү зор тарбиялоочу мүнөзгө ээ боло алат. Себеби мындагы окуянын өөрчүшү сюжеттин рамкасынан ары көздөй кулач жаюу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албай жатат. Орусбек менен Аскардын, Омор менен Сабырдын ортолорундагы конфликттер Омор менен Орусбектин мүнөзүндөгү олку-солкулукту жоюп, коллектив арасынан ордун табууга жардам берди, конфликт ырааттуу, жыйынтыктуу чечилди. Эгер алардын ар кимисинин турмуш-абалын андан ары карай сүрөттөө зарылчылыгы туулган болсо, анда ал дагы жаңы окуяларды туудуруп, дагы жаңы сюжетти өөрчүтүүнү талап кылган болор эле.

Балдар повестинин сюжет курулушундагы окуялар менен конфликттердин башталыш себептери, өсүп-өнүгүү этаптары жана өзүнчө бүтүү тарыхы болот. Алардын закон ченемдүүлүктөрүн аныктоо үчүн окуялар менен конфликттердин пайда болгон жана өсүп чыккан булактарын, каармандын жашаган чөйрөсүн, кагылыш күчтөрдү жана берген натыйжаларын үйрөнүү зарылчылыгы келип чыгат.

Мисалы, Ш. Бейшеналиевдин «Карлыгач» повестинде борбордук окуянын кайсыл нукта өнүгүшүн аныктай турган экспозиция адегенде байкалбайт. Бирок башкы каарман, өспүрүм Тотунун орто мектепти бүтүрүп, партиянын учурдагы чакырыгына жооп берип, айыл чарбасына барып иштөө үчүн турмуш путевкасын колго алышы менен окуянын андан ары өнүгүшү белгилүү боло калат. Каармандын аракет-максаты аныкталат, кырдаалдагы окуяга ылайык мүнөз белгилүү, конкреттүү өсүү жолуна түшөт.

Тотунун өз атасы Нурматка жардамчы койчу катары катталышы повесттеги окуялардын борбордук өзөгү болуп калат. Ал эми атанын «колуна четин таягын алып, Тотунун кой артынан түшүшү» менен автор окуяны түйүндөп, чырмап салат.

Биз Тотунун «деле кымындайынан акыл-эси талтөөндөй» жетилип, «Нурматтын жалгызы деп эле оозуна алынып өсүшүнө» чейинки образдын өсүү этабы менен таанышa алабыз. «Окууда андан озгон эч ким жок. Пионер, анан комсомол активи» катары жетилгендиктен, ата-энеси жалгыз кызы Тотунун койчу эмес, жогорку билимдүү кызматчы болушун каалашчу. Бирок өспүрүм кыз өзү жаңыдан мүчө болуп өткөн комсомолдун чакырыгына кошулуп, атасы Нурматка жардамчы койчу болуп катталат. Анын эркине ата-энеси чечкиндүү каршы чыгышат.

Нурмат карыя менен Тепкедей эненин каршылыгы эзелки эскиликтин үрп-адатына байланышкан. Алардын кур намыс боюнча нары орто билимдүү, нары өңдүү-түстүү, эс-акылы талтөөндөй кыз койчу болбойт. Эгер болсо аны жарытылуу күйөө албайт деген «намыс» болчу. «Сыланып, сыйпана турган учуруң. Келбетиңди карачы карегим. Деги атагы сенинки болсун, үйдө жүрчү карегим. Жээрин жеп, ичерин ичип алган атаң экөөбүз кайтаралы» — деп күйүгөт Тепкедей эне.

Повестте Тотунун демилгеси, ишмерчилиги, активдүүлүгү биринчи планга көтөрүлөт. Дээринде чыйрак, чечкиндүү торолуп өскөн өспүрүм кыз алдына бөгөт түшкөн ата-эненин каршылыгына моюн бербейт. «Койчу болсом да силерди багамын. Экинчи андай-мындай убара чекпегиле». «Кур намысты, кокуй күн боорукерчиликти койгула дебедим беле... Мени дайыма

ушинтип эзе берсеңер башка короодон кой бөлдүрөмүн, макулсунарбы ушуга» — деп кесе сүйлөйт. Келечек бактысы дал ушул кара жумуштан ачыларына көзү жетет, бекем ишенет, колуна таяк алып, биротоло коомдук малдын артынан түшөт.

Ырааттуу өнүккөн сюжет ушул жерде максатына жеткен, маселе жыйынтыктуу бүткөн. Бирок автор сюжетти керип-чоюп, эми зоотехник Эргеш менен койчу-кыз Тотунун сүйүү тарыхына өткөн.

Балдар үчүн тарыхый темада жазылган повесттердин сюжет курулушундагы кээ бир өзгөчөлүктөр жөнүндө да айта кетүүгө туура келет. Белгилүү тарыхый шарттан алынган чыгарманын мазмунундагы турмуш сүрөттөрүн ошол доордогу тарыхый пенденин өмүр баяны, турмуш күрөштөрү менен кагылыштардын өзгөрбөй кайра чагылышы деп эсептөөгө болбойт. Аныктап айтканда, коомчулукка кенен белгилүү тарыхый фактылар менен көрүнүктүү адамдардын турмуш жолунан алынып, балдарга адрестелип жазылган чыгармалардын сюжет тармактарындагы көркөм конфликттер дайыма бирдиктүү процесс катары туюлуп, бирок эч качан кадимки реалдуу турмуш сүрөттөрүнүн көчүрмөсү катары кабыл алынбайт.

Маселен, Ш. Бейшеналиевдин «Кычан» повестин алып көрөлү. Чыгарма колхоздоштуруу учурундагы тап күрөшүн чагылдырат. Башкы каарманы — кыргыз элинин улуттук баатыры, пионер Кычан. Биз бул чыгармадан тарыхый окуяларды, колхоздоштуруу мезгилиндеги элибиздин күжүрмөн кайратын, таптык сезимин; күрөшчүл аракетин, улуттук салт-санаасын, карама-каршылыктарды учуратабыз, жамы журттун намысын коргогон эл уулдарынын каада-салты менен таанышабыз.

Тап күрөшү темасына арналган чыгармалардын бир өзгөчөлүгү бар. Мында тап душмандарынын аракетин, алардын жергиликтүү жана улуттук бөтөнчөлүгүн жеткилең ачуу милдети турат.

Тап душмандары эзелтеден жеңил мүнөздүү адамдар болушпаганы белгилүү. Миң түрдүү амал колдонуп, туюктан жол издеген Капсалаң эң оболу, айыл активине жетишет, колхоз мүлкүнүн ээлиги болот, акырын уу чеңгелин сала баштайт. Бирок максаттын жогорку чеги колхоз курулушун колдогон айыл активдерин бүлүндүрүү, аларды бири-бирине кайраштырып отуруп ит арка кылып салуу, кыйратуу, эски заманын кайра «калыбына келтирүү» болчу.

Ыңгайлуу учурдан пайдаланып Капсалаң колхоздун үймөк чөбүнө өрт койдурат. Муну менен, биринчиден, күрөшчүл Кычан башында турган ак жүрөк пионерлерди жалаага жыгуу максаты көздөлсө, экинчиден, ушунун окуткан балдары деп эл

ишенген мугалим Тентини колхоз жетекчилери менен бүткүл элге жек көрсөтүү, ага каршы коюу амалы пландаштырылган. Убактылуу болсо да ушул амалы ишке ашкан эл душмандары калк арасына: өрт чыгарган ошол Тенти маалимдин үч окуучусу имиш, «Кычан намыскөй эмеспи, минтип жаман аттуу болгонумдан көрөк күйкаланып өлгөнүм жакшы деп тайманбай өрттү аралаган, ооруканада жатканынын себеби ошол имиш, башчысы кайда барса, окуучусу ошондо, Тентини соттоп, Тентини жоготуу керек» деген ушакты удургутат.

Капсалаң кезектеги чабуулга өтөт, ич-ара күрөштү күчөтөт. Күбөсүз учурдан пайдаланып Атайды суракка алдырууга үлгүрөт. Бирок суракта: «Атай боолук салдырбады. Так катыра жооп берип, Капсаланды улам сызга отургузду». «— Таң заарлап күүгүмгө чейин муз тээп жүргөнүңөрдү көргөн кишилер бар. Танбайсыңбы?

— Танбайм.

— Көк муштум калтырап үшүгөнүңөрдөн бутуңар шилтөөгө келбей калганы ыраспы?

— Калп, коньки тээп жүрүп үшүдү деп ким айтат? Боргуштанып тердеп, тонубузду чечип коюп ойногонбуз. — Чаян чаккандай Капсалаң ордунан туруп обдулду: — Жаныңды жебе чыт курсак, чыныңды айт.

— Корпойм, мен сенин Керезиң эмесмин.

— Бас жаагыңды? Тим эле бар эмеспи... Тирүүлөй...

Капсалаң айласы болсо жутуп жиберчүдөй акыраңдады. Жанына таш баткан Атай жалтайлоодон, коркуудан пайда чыкпасын түшүнгөн. Тилин тартпай, сөзүнө сөз айтууга дайым даяр турду».

Дал ушул Атай менен Капсаландын алгачкы кагылышы бизге мына мындай жыйынтык чыгарууга укук берет. Капсаландын оюндагы карасанатайлык жана анткордун манаптын тукуму экендигинде. Ал өткөн замандын көксөөчүсү, жаңынын жарчысы болгон Кычан менен Атайдын элдешпес душманы.

«Кычан» повести өзүнүн сюжет нугуна кыргыз кыштагындагы зор тарыхый төңкөрүштү — айыл чарбасын коллективдештирүү, андагы тап күрөшү, маданий жана духовный өнүгүүлөр жөнүндө олуттуу кеп салат. Бирок автор ошол духовный өзгөчөлүктөрдү, эски менен жаңынын күрөшүн, эскиден калган терс көрүнүштөрдүн, мүдөө-салттардын, наадандыктын кыйрашын кантип жана кандайча сүрөттөп, не деген индивидуал каармандардын жашоо-күрөшүндө бере алды? Эмне деген жана кандай күчтөр кыргыз кыштагындагы колхоз чарбасын сактап жана чындап калды.

«Кычан» повестиндеги тарыхый каармандардын мүнөзүн

аныктоочу конфликттердин молдугу жана ачыктыгы бизди ошол тарыхый доордогу окуялардын маанисин туура баалап, туура түшүнүүгө мажбурлайт. Эгер Ш. Бейшеналиев тарыхый каармандардын жоруктарын ылайыктуу көркөм деталдар менен бекемдеп, жыланач фактыларды жалпы элдик мааниге көтөрүп, кайрадан жасалгалап, азем менен кооздоп чыкпаганда, чыгарма азыркысындай кадыр-баркка ээ болуп, окуучулардын жүрөгүнөн орун ала алмак эмес.

Демек, уштаптагы «Кычан» повестинин мазмуну жалаң гана тарыхый окуялар менен тарыхый каармандардын күрөшүнөн же болбосо жазуучунун оюнан жалганган окуялар менен конфликтерден турат деп айтууга акыбыз жок. Тескерисинче, бу эки негиздин ошол кездеги реалдуу турмуш мазмуну менен бирдей байланышта турушун талап кылабыз. Албетте, маселенин бу жагы окуучулар үчүн таңазар алынбайт. Бирок кызыктуу, жандуу өөрчүтүлгөн сюжеттеги окуялардын негизи эмне деген себептердин жана кандай кырдаалдагы конфликттердин натыйжасы менен мотивировкаланышы балдар адабиятында чечүүчү мааниге ээ болот. Анткени тестиерлер менен өспүрүмдөр үчүн кайсыл каарман эмне деген чөйрөнүн өкүлү жана алар кимдер үчүн кызмат кылып жаткандыгы ачык, даана байкалып турушу керек. Мындай болбогондо ал чыгарма эч качан тарбиялоочу мүнөзгө ээ боло албайт.

Коомдук турмуштун кандай гана учуру сүрөттөлбөсүн, анда, адамдардын карым-катнашы, карама-каршы мүнөздөрдүн кагылышы берилет. Колхоздоштуруу мезгилиндеги Кычан, Атайлардын эл душмандары Капсалаң, Майрык жана Жумаалылар менен мамиле-байланыштары, күрөштөрү ушул мааниде баяндалат.

Чыгармадагы окуялардын бардыгы башкы каарман Кычандын күрөш жолуна, кулк-мүнөзүнө, жашоо кумарына баш ийдирилген. Карама-каршы мүнөздөр биздин көз алдыбызга аёосуз кагылыштарда учурайт. Мисалы, азуулуу каман Капсалаң жол аңдып туруп, өрт жөнүндөгү кабарды айылга алып келе жаткан Керезди чоку талаштыра чаап «дым» чыгарбай изин жашырат. Өзү ооруп ооруканага кетти деген шылтоо менен күн ичинде аны Жумаалы каракчыга кошуп, калаага кетирип жиберет. Демек өрттүн чыгышы жөнүндөгү «сыр түйүнү» Керездин жоголушу менен дагы бекемделип, дагы түйүндөлүп салынат. Эки айдан кийин аран кайтып келген байкуш Керездин жүрөгүнүн сары суусун алып, көзүнө бычак такап, чын эле булкунуп-жутунуп жатып, сыр түйүнүн айтып койбосун үчүн анын оозун Капсалаң дагы «бекемдеп» салат. «Алдан тайып бараткан душман бардык күчүн аябай акты-карага, оңду-тескериге алмаштырат»...

Балдар ар кандай ишти өз табитинде, өз нугунда — оюн формасында туюндуруп, оюн маанисинде аткарышат. Баланын келечекте ким болушун жана кандайча жетиле тургандыгын анын ойногон оюнунан эле билсе болот. «Оюн — балдардын дүйнөнү таанып-билүүгө болгон жолу, алар кандай жашоого жана өзгөртүп түзүүгө [1] чакырылган — деп жазган М. Горький. Дал ошонун сыңары, өрт тууралу Керездин жүрөгүнө Қапсалаң тарабынан зомбулук менен катылган сырды айттыруу үчүн Қычан менен Атай кадимки эле оюн-зоок амалдарын колдонушту. Алар жайбаракат ойногон болуп, өздөрүн кызматка бөлүштүрдү. Қычан — прокурор, Атай — сот, Керезди күнөкөр кылып чектешти. Ошол моменттен үзүндү окуп көрөлү.

Прокурор: — Айыпкер Чомой уулу Керез, кана айтчы, эки айдан бери сага эмне болду?

Айыпкер: — оорудум, калаага барып докторго түштүм Айыктым...

Прокурор: — дурус, кайсы ооруканада жаттың?

Айыпкер: — (мукактанып) жанагы чоң сайдын жанындагы эгин, жемиш... жемиш саткан базардын ичинде.

Прокурор: — Қалп, бир жолу кармалдың...

Прокурор: — Ким деген доктор дарылады, кандай дары берди?

Айыпкер: — Атын билбейм, аппак кийинген бирөө, оруспу өзбекпи, таанымбайм.Анан сары, ак, кызыл дары ичтим.

Прокурор: — Қалп, эки жолу кармалдың...

Прокурор: — Бүттү, теңтуш болбо мага. Жумаалы, эжең, сен үчөөң тең жаңы кийимдерди кайдан алдыңар?

Айыпкер: — Дүкөндөн, базардан.

Прокурор: — Акчаны кайдан таптыңар? Чыныңды айт бачым?!

Айыпкер — (шашып) соода кылып, эгин сатып.

Прокурор: — сүйүнчү, эгин сатып дейсиңби?

Айыпкер: — (Чочуп) жок, жаңылып кеттим.

Прокурор: — Қалп, беш кармалдың?»

Бирок, айыпкер муну менен сыр чечүүгө моюн сунбайт, тергөөгө туруштук бере албай, жадаганда качып жөнөйт. Куып жетишкен Қычан менен Атай анын зээнин кейитип, кыйнап, төө бастыга алышат. Ошондой кийин гана Керез сыр түйүнүн айтып берүүгө мажбур болот.

«Айыпкер,— Байкелер жанымды алып калсаңар. Өлгөнчө жаныңардан чыкпайын. Чынымды айтып берейин, жан соога! Мен эмне... Баарын кылган көркоо...

---

[1] М. Горький. О молодежи, изд. «Молодая гвардия», 1949, стр. 71.

Прокурор: — (кучактайт) Бакырып-өкүрбөчү байкушум, бая эле ушинтпейсиңби? Билгенмин. Сени көргөзбөй бизге каршы чыгарып... Байкушум, сен жетимканага кир же мага бир тууган болуп ал...

Айыпкер: — (ээги дирилдегенсип) Байкебай, тездебесеңер тигилер түн катып качышат. Мени кошо кул кылып кашкарга ала кетишмек... Эжемди тирүү бошоттуруп, сообубузга калсанар...»

Албетте, бул кырдаалдын ошол кездеги тарыхый чындыкка канчалык даражада катышы бар экени биз үчүн анчейин маанилүү эмес деңизчи. Бирок нариете кезден Капсалаң өндүү каардуу күчтүн кысымын жеп, көктөйүнөн курчу мокоп, ак каптал тартып, ындыны өчүп, биротоло тежеп бүтүп, олку-солку жоруктан кол үзө албай кала берген Керез өндүү каармандын мүнөзүн ашкерелөө үчүн автордун бул амалы эң эле орчундуу чыккан.

Сөз жалаң гана Керездеги купуя сырлардын ачылышында эмес, баарыдан мурда, ошол шартта телчигип, эл бактысы үчүн колунан келген кызматын жасап, тарыхка из калтырып, жалындуу торолгон жеткинчектердин эрдиги жөнүндө баратат. Себеби бул чыгармада камтылган тарыхый доор көркөм изденүүнүн объектиси катары эле эмес, саясий мүнөзү боюнча да аябай татаал, аябай кыйын учур эле.

Баса ата-журтунда кандуу революция болуп өтпөгөн же бабалары тап күрөшүн башынан кечирбеген Кычан, Атай, Керез өндүү тестиерлер тургай, ал кездеги тарыхый-коомдук абалдын маңызын туура, ачык-айрым түшүнүү сары тиш адамдар үчүн да аябай кымбатка турган болчу. Анан эмесе, ал кездеги туташ сабатсыз кыргыз дыйкандары менен бейкут балдар нени туюп, нени билишсин.

Ушундай тарыхый татаал шартта элге жардамга келип, жаш болсо да ак менен караны, адилет менен караөзгөйдү айырмалап таанып, тап душмандарынын жоруктарын ата-энесинен, өзүнөн чондордон мурда байкап, мурда көргөн Кычанга биз азыркы күндө деле таазим кылып, алкыш айтып, жүзүбүздөн нур төгүүгө милдеттүүбүз.

Нары зирек, нары намыскөй Кычан эл душмандарына ачык күрөш жарыялады, жүрөгүнүн акыркы серпимине чейин Ата Мекендин бактысы үчүн кызмат кылды. Ш. Бейшеналиев чыгармачылык күчкө толгон кезде кыргыз элинин белгилүү тарыхый мезгилдеги сыймыгы, кыргыз элинин баатыр уулунун көркөм образын жаратты.

Повесттеги көркөм шартталган окуялар менен тарыхый окуялардын өз ара байланыштарын текшерип көрүү иши да чыгар-

манын сюжет курулушу үчүн эң зарыл маселелердин бир болуп эсептелет. Мында жазуучу оң жана терс образдардын аракетине байланыштуу окуялардын мүнөздүү белгилерин туура аныктоо менен чектелип калбайт. Ал «түлкүчө из жашырып, активдикке илешип, айыл ичинде кадырге ээ болуп жүргөн Қапсалаңдын» жана «көзүнүн нуру туш-тушка чачырап, алыстагы, жакындагы көп нерселерди көрүүнү дегдеп... ата-энесин ыза-кордуктун ачуу жашынан куткарып, ушакчы, ууру-кески душмандарды өрттөп, жер менен жексен кылууга ар түрдүү амалдары ойлоп жүргөн» Қычандын күрөш жолуна ылайык тандалган конфликт — окуялардын себептерин да ачып берет. Эң негизгиси, Ш. Бейшеналиев сюжетте жайгашкан тарыхый фактылар менен автордук табылгаларды жууруп жибериң, байланыш законченемдерин орду менен ачкан. Маселен, Қычан адегенде эле тетик жетилген күрөшчүл болуп чыга келбейт. Анын мүнөзүндөгү тапчыл кыраакылык ага таалим-тарбия берген мектебинде жана ар кандай коомдук таасирлерде өсүп жетилет. Ал эми, Қапсалаң менен Майрыктын жоруктарына каршы чечкиндүү күрөштө анын мүнөзү ар тараптуу бекемделет.

Тарыхый маанидеги сюжет дайыма эле автордун эркине баш ие берүүчү маселе эмес. Ал жазуучунун көз каршы, чыгармачылык дарамети менен гана шартталбастан, окуя чагылып жаткан тарыхый доордун мүнөзү менен да мотивировкаланышы талап кылынат. Себеби жазуучу ошол тарыхый жана көркөм шарттуулуктун рамкасына жайгашкан жана аларга дал келген сюжет формаларынан гана кенен пайдалана алат. Тактап айтканда, «Қычан» повестинин сюжети Қычандын өмүр жолундагы тарыхый окуялардан жана архивдик материалдардан иргеп алгандыгында талаш жок. Бирок автор карандай гана тарыхый фактылар, болумуш окуялар менен чектелген эмес.

Образдарды жандандыруу жана көркөм-эстетикалык таасирдүүлүгүн арттыруу үчүн мында жазуучунун оюнан кураштырылган жалпылоолор да кенен колдонулган. Башкалары жөнүндө айтпаганда да Қычан бу повестте тарыхый личность катары эмес, көркөм чыгарманын типтештирилген каарманына жеткирилген. Чыгарманын баа-баркын арттыруу үчүн жазуучу аны керектүү жана эң зарыл турмуштук кошумчалар, мүнөздүү окуялар жана жардамчы образдар менен толуктайт. А мүмкүн, аты-жөнү бизге бейтааныш болгон айрым тарыхый адамдар повестте прототип катарында да пайдаланылгандыр. Иши кылып, көркөм сюжетке жайгаштырылган ар кандай кошумча элестердин ажардуу таасири мында, биринчиден, кыргыз айылын колхоздоштуруу мезгилиндеги таптык күрөштүн татаал мүнөзүн ачуу зарылчылыгынан, экинчиден, автордогу жазуучулук шык-

тын, чеберчилик кумарданууну өсүп жетилгендигинен улам болсо керек деген ойдобуз.

Тестиерлер менен өспүрүмдөр жогорку муундагы адамдардан айырмаланып, алар дайыма турмушту кимдин үлгүсүндө куруп, эмнеден жасоо керек? Кимди ээрчип, эмнени көздөй багыт алуу зарыл? деген конкреттүү турмуш түйшүгүндө жашайт. Бүл маселеде алар кеңешчи-насаатчыны, көбүнчө, китептерден издешет, ошого ишенишет. Ал эми күн сайын аралашып бирге жүргөн ар кайсы даражадагы кадырлуу адамдардын үлгүсүн бала анчейин таңазар ала бербейт, алардын баары эле баягы көнүмүш сыяктанат, себеби алар көркөм образга окшоп сезимге сиңип, сыймыкка ээ боло албайт. Ошондон улам дагы маанилүү иштелип жетилген адабий каарман балдар адабиятында эбегейсиз зор ролду ойнойт.

Тестиер окуучулардын көркөм кабылдоосу ошол адабий каармандын кабылдоосунан анчейин бөлүнүп турбайт, тескерисинче, адабий каарман окуучудан «эстүүлүк» кылат. Ошондон улам, окуучу аны ээрчип, ажырагыс биригип кетет. Дал ошол окуучу баланын көз карашындагы туруксуздук, бир нерсеге сын көз менен мамиле жасай албоочулук, ашкере ишенчээктик жазуучуга зор милдеттерди жүктөйт. Ырас, жазуучу балдар үчүн жазат экен, ушул касиеттерди эсепке алышы шарт.

Ушул эле маселелерге байланыштуу кыргыз балдар повестиндеги дагы бир уруттуу проблеманы — тестиерлердин жоруктарындагы эгоцентризм, ээн баштык, кежирдик, көктүк сыяктуу салакалуу көрүнүштөрдүн пайда болушу жана аны жоюунун кээ бир ыкмалары тууралу айткыбыз келет. Ш. Бейшеналиевдин «Чыныгы достук», М. Жангазиевдин «Жаңы жолдош» аттуу повесттери буга мисал болот.

Эгоцентризм — бул балага өзүн дүйнөдөн бөлүп карооо мүмкүндүк берүүчү жоруктардын бири. Тестиер бала: «дүйнө — бул менмин, акылман — бул жеке өзүммүн» деп айтаары бышык. Аталган повесттердин башкы каармандары Жалий жана Андашта дал ушундай жоруктар бар. Жалий атанын мээрин көрбөй, тырмактайынан жер көз, маанайы пас жүрүп, өзү теңдүү балдардан оолактап кала берет. Анын үстүнө, байкуш бала анча-мынча турмуш запкысына дуушар болуп, оорукчан тартып калуу азабы анын кежир, көк, өжөр өсүп калышына себепкер болот.

Ал эми тескерисинче, Андашты шаттуу, көңүлдүү турмуш, ата-эненин мээрими аны эрке, өзүмчүл өстүрөт. Демек эки чыгармада тең өспүрүмдөрдүн мүнөзүндөгү эгоцентризмдин пайда болуу жана тамыр жаюу атмосфераларында закондуу негиздер бар.

Жалийдин кичинесинен эле «ылдам таарынып, кайра жазылма кыялы», ага сүйлөгөн жолдошторун «акылдуусунуп, тыңсынып, акыл-насаат айтып жаткандай» туюлган кесепет жоруктары аны өжөр, кежир кылып өстүрөт. Ооруканада жатып, калтырган сабагына эки колдоп жардамдашууну каалаган классташ жолдошторунун сунушун Жалий четке кагат. «Мени кемсинтишет. Бизден үйрөн дешет... Силердин эмгегиңер менен жан сактабай эле койдум» деп кекиреет. Конспект көчүрүшүп, калтырган сабагы боюнча аңгеме жасап берейин деген Кадыр менен Нааматты «коркок билиш кылып алгылары бар» деп жерийт.

Жалийдин мүнөзүндөгү мындай кежирдик, кара мүртөздүк аны бат эле максатташ досторунан оолактатат. Натыйжада анын мүнөзүндө жалаң өзүмчүл, ээнбаштык эмес, оройлук белгилер да пайда болот. Аныктап айтканда, баладагы эгоцентризм анын жекече сапаттарынан гана болуп калбастан, коомдук мамилесине да ооп кетүү коркунучун туудурат.

Белгилүү адабиятчы Б. Сарнов балдар адабияты жөнүндөгү изилдөөлөрүнүн биринде тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн духовный эволюциялык өсүшү тууралу оюн өркүндөтүп келатып, өткөн кылымдагы көрүнүктүү бир композитордун сөзүн эсибизге салат. Ал композитор өзүнүн өзүнө болгон мамилесинин өзгөрүшү жана бул дүйнөдөн ээлеген орду тууралу мындайча айткан экен:

«...16 жашымда музыка дүйнөсүндө: «Жеке гана Мен! деп ойлоочумун, 18 жашымда: МЕН жана МОЦАРТ! жыйырмамда: МОЦАРТ жана МЕН!, азыр отуз жашымда жалгыз МОЦАРТ гана! деген жыйынтыкка келип отурам [1]».

Чын эле, баланы сүйүп, бала күткөн ар бир адамга бул мактаныч жат эместир. 12 ден 15 жашка чейинки өспүрүмдөр эрдемсинген эр көкүрөк «атамандар» келишет. Алар өздөрүн бүтүндөй жаңылыктын ээси катары самашат. Пионер балдардын ишмерчилигиндеги романтикалуулук принцибинин төркүнү да мына ошого барып кошулат.

Анын сыңары, Жалий менен Андаш куруктуу өспүрүмдөр гана эмес, «жүрөгүндө «жалы» бар ар бир пионер рухий эволюциялык өнүгүштүн дал ушул этаптарын өз баштарынан кечирет десек болот. Себеби тестиер жана өспүрүмдөрдүн психологиялык табияты, алардын турмуш муктаждыгы менен жашоо кумары ушундай.

Бирок, эгоцентризмдин жөнү башка. Анын тескери жагы көп. Мисалы, Андаштагы эгоцентризм Жалийге караганда бир топ

[1] Б. Сарнов. Рифмуется с правдой, М., «Советский писатель», 1967, стр. 144.

татаал, коркунучтуураак келип, ал камкорчул тарбияны талап кыларына окуучу шек санабайт. Анткени ал кежир, «азоо» мүнөзүнө карабай, сабакты өздөштүрүү жагынан Жалийге окшоп башка окуучуларга көз каранды эмес. Анын бул «артыкчылыгы» береги терс сапаттарына кошумча болуп, бой көтөрүп чиренүүнү, а тургай, кадыресе төрө пейилдүүлүктү ырбатат. Кыз баланы жаман көрө тургандыгын ачык айтат. Бул тууралу катасын бетке айтып, сын пикирин билдирген жолдошу Садыралыны оп тартып туруп жаакка чабат.

Үй-бүлөдө болсо Андаш аябаган тентек. Карындашы Зуурага күн көрсөтпөй басынтат, бут кийиминен өйдө тазалатат, бир жолу укпай койгондугу үчүн көзүн томуйтат. «Жеке өзүм» деп жүрүп, жаңыдан жолдош болгон Аскар менен Садыралыдан кагажып калат. Ушундай кылык-жоругу Андаштын өзүн намыстандырбайт. Өзү тендүү балдардын арасында тентек агасынын абийири кетип бараткандыгын туюп, дагы эле баягы чебелектенген Зуура күйүгөт, намыстанат. Ал Садыралыдан кечирим сурап, Андаштын атынан жашыруун кат жазат. Биз, чоңдор, этибар ала бербеген мына ушул жупуну маселелер баары тең тестиерлер менен өспүрүмдөрүдүн турмуш-тиричилигинде кадыресе мааниге ээ болот. Биз буга тынчсызданбай коюуга акыбыз жок.

Албетте, ишкердүү камкорчул советтик мектептердин, жалпы эле, коомчулуктун тарбиясына баш ийбеген, таасирленбеген жан жок. Советтик педагогика мектеп балдарын тарбиялоодо ишендирүү, ынандыруу методу менен эле чектелбейт. Балдардын кылык-жоругуна жараша буйрук берүү, көрсөтүү, жазалоо, зордоп көндүрүү методдорун окуучулар коллективи менен ата-энелердин бирдиктүү талаптарын жана таасирлерин күчөтүүдөн улам оңолот. Анын үстүнө, балалык эгоцентризм — бул алардын өмүрүнүн белгилүү этабына чейин гана созулуучу көрүнүш. Оңолбос, түзөлбөс баланы советтик педагогика билбейт.

Аталган чыгармаларда этибарга алуучу дагы бир мүнөздүү белгилер бар. Каармандардын жоруктарындагы алгачкы карасанатай өзүмчүлдүктөн тартып, адилеттүүлүккө чейин басып өткөн жол жана бир нече себепкер — ситуациялар ишенимдүү да, натыйжалуу да негизделген. Жалий менен Андаштын жоруктарынын оңолуп-түзөлүшүнө байланыштуу өнүктүрүлгөн сюжет элементтери дайыма эле ошол башкы каармандардын эркине баш ийдирилбейт.

Авторлор маселени коомдук моралдын өнүгүш динамикасына байланыштуу карашат.

«Тарбиялоо процесси дегенибиз мүнөздү калыптандыруу болуп саналат — деп баса белгилейт. Б. Полевой балдар адабияты жөнүндө Бүткүл Союздук Жазуучулардын II съездинде жасаган докладында. — Бул процесс жеңил-желпи нерсе эмес, өзүнүн карама-каршылыгы, олку-солкулугу жактан укмуштай азаптуу келет. Тарбияланууучунун жоруктарындагы дал ошол олку-солкулукту жоюу, терс көрүнүштөрдү четке кагуу, өзүмчүл, ээн баш аракетин жалпы коомдук максатка баш ийдирүү менен гана советтик жаңы гражданинди жетилтүүгө болот. Булардын баары тең мыктылап көрсөтүлүшү зарыл, ансыз Максим Горький айткандай эркиң менен да, эрксизден да баяндоого түшүп кетесиң».

Ошентип, Ш. Бейшеналиев менен М. Жангазиевдин аталган повесттеринде маанилүү проблемалар козголуп, белгилүү даражада кызыктуу чечилген. Өздөрүн максатташ жолдошторуна карама-каршы коюп алышкан Жалий менен Андаштын терс жоруктарын таптакыр эле оңолбос «оору» катары кароого болбойт. Баланын мүнөзүндөгү терс көрүнүштөрдү туура байкап, анан аны ишенимдүү ситуациялар аркылуу тарбиялап, жолго салуу балдар адабиятынын бир өзгөчөлүгүн түзөт.

Кыргыз балдар повестинде, мүмкүн болушунча, жеткилең иштелген көркөм образ Ш. Бейшеналиевдин «Кордун тукуму» аттуу чыгармасынан байкалат. Ал көп пландуу, татаал сюжеттүү чыгарма. Бирок анын баары чачкын учурабайт, башкамдуу, тыгыздалган бир нукка, бир максатка, ырааттуу өнүккөн көркөм сюжетке баш ийдирилген.

Чыгарманын идеялык-эстетикалык структурасы да кенен. Тестиер балдарга мүнөздүү коомдук пайдалуу эмгек процессин изилдөө — повесттеги башкы маселелердин бири. Мындан башка биздин адабиятта аз иштелген мына мындай маселелерди да кошо камтыйт:

Адамзаттын жарык дүйнөгө келүүдөгү негизги милдети — мурас күтүү машакаты, ата-энеге, адам-атага — биринчи бала күтүү күдөрү, толгонуусу... Андан ары, ботодой көзүн жайнатып, эр ортону болгончо тырмак көрбөй, эл арасында куу баш атыгып, жер матап, ыза чеккен ата-эненин муңайым жүзү, чүрпө эңсеп, зарыгып бушайман жеген анын маанайы — кандай азап, кандай кыйын... Мына ошол көп күттүргөн перзенттин көз жарып, үн жаңыртып жарык дүйнөгө келиши, азап чеккен ата-эненин жүрөк жарган кубанычы... Жер боорлоп, эки бутуна эми гана тик турган ошол наристенин тагдыр-түйүндөрү — тарыхый шартка жараша анын эмгек менен ооздонуп, эмгек менен таканчыктап, ошону менен телчилип, торолуу мына ушул маселелер повесттин көркөм иликтөө объектисин түзөт. Тагы-

раак айтканда, баладагы купуя сырды ачуу автордун башкы максаты.

Айрым жазуучулар менен адабиятчылар бул чыгарманы Бейшеналиев атактуу койчу, Социалисттик Эмгектин Баатыры Рахматалы Сартбаевдин өмүр жолунан алып жазган деп жүрүшөт. Принципте биз деле каршы эмеспиз. Себеби художник чыгарманы карандай кабинетте пайда болгон кыялдардан жаратпайт. Ага кайсы бир фактылар, турмуш сүрөттөрү түртkү берет. Анын өзү жазуучунун интиуициясын дүүлүктүрүп, туюмдарын гана активдештириши мүмкүн. Бирок мунун өзү көркөм чыгарманын конструкциясы пайда болуп, алгачкы эскиздери жаралып салынды деп айтууга деле укук бербейт. Бар болгону жазуучу дем байлады, тема тандады, аны өзүнө макул тапты дегендикке гана жатат.

Ырас, адабият таануу илиминде каармандын кейипкери жөнүндө да кеп салып калышат. Жазуучунун каарманы турмушта жашап өткөн же жашап жаткан кайсы бир белгилүү адамдын өмүр жолуна «окшошуп» калса эле, аны ошол адамдын биографиясы же биографиялык чыгарма иретинде эсептей салышат. Жеке бир адамдын өмүр жолунан баалуу көркөм чыгарма түк жаралбайт, жаралышы да мүмкүн эмес. Калайык калкка кеңири белгилүү, даңазалуу адамдын өрнөгү деле эл тарабынан болгон коштоолор, айрым түзөтүүлөр, кошумчалар аркылуу гана өрнөккө, үлгүгө айланышы мүмкүн. Жеке кишинин өмүрү — жылаңач факт, ал өзүн курчап турган, аралаш бирге жүргөн адамдардын турмуш-тиричилиги менен байланышта гана кооз көрүнүп, жылуу кабыл алынат. Художник жеке адамдын «баатырдык» турмушундагы мына ошол закон ченемдерди ачат, ошондо гана ал биздин көзүбүзгө сүймөнчүк каарман болуп чыга келет.

Тестиер жана өспүрүм курактагы балдардын турмуш-тиричиликтерине, каада-салтына ылайык коомдук пайдалуу эмгектин улам баскычтар боюнча өнүгүшү жана балдарды ар тараптан өстүрүп, жорук-жосуну, көз карашы жактан калыптандыруудагы анын жетектөөчү ролун изилдөө — «Кордун тукуму» повестинин башкы объектисине кирет. Автор кыргыз балдар адабиятында биринчилерден болуп мектеп балдарына ылайык эмгек процессин уюштуруунун формаларын, жол-жоболорун, спецификасын белгилүү даражада туура байкап, ийгиликтүү чагылдырган.

Кенже мектеп балдары менен тестиерлердин жана өспүрүмдөрдүн, ал тургай, мектеп жашына чейинки балдардын ар кимисине жараша эмгек машакаты, өз алдыларынча эмгек формалары, аларды уюштуруунун өз алдынча ыкмалары болот.

Маселен, мектепке чейинки балдарга — өзүн-өзү тейлөө эмгеги, кенже мектеп балдары менен тестиерлер үчүн коомдук пайдалуу эмгек, ал эми, өспүрүмдөр үчүн болсо — чыгармачылык жана өндүрүштүк элементтер катышкан эмгектин атайын формалары зарыл болот. Бирок булардын баары сырттан болгон буйруктун жардамы менен эмес, балдардын ар кимисинин жашоо муктаждыгынан келип чыккандай демилгелүү, ишкердүү аракет формасында өсүп чыгышы талап кылынат.

Ш. Бейшеналиевдин сөз болуп жаткан повестинин башкы каарманы Дардакенин жашоо-тиричилигинен эмгектин ушул сымак формаларын жолуктура алабыз. Дардакенин бөбөк мезгилинен тартып өспүрүм курагын кошо камтыган мезгилдин ичиндеги анын эмгек процесси киреше берүү маанисинде эмес, тарбиялоочу мааниде — баланын күндөлүк турмуш-тиричилигин туура уюштуруу, акыл-эсин активдештирүү, жорук-жосунун тартипке салуу, баам-парасатын жана чөйрөгө болгон түшүнүк-мамилесин түзөтүү, өөрчүтүү максатында уюштурулду.

Тагыраак айтканда, нариете кезинен өзүн-өзү тейлөө ишин ынтызар баштаган Дардакенин коомдук пайдалуу эмгеги улам баскычтар боюнча жылып, жанданып, өөрчүп отуруп жогорку чекке — өндүрүштүк эмгекке өсүп жетет.

Автордун сөзү менен айтканда, Дардаке мезгилинен мурда торолот, бейпил балалык өмүрүн «уурдатып» жибергенин туйбай калат. Тарыхый шартка ылайык кактооч, чыйрак телчигет.

Дардакенин коомдук пайдалуу эмгеги кадимки күндөлүк турмуш-тиричиликти уюштуруудан — элет адамдары этибар берип, аңыз албаган жупуну мээнеттен башталат. Адегенде жалгыз бой үй-бүлөгө кол кабыш көрсөтүп, отун-суусун камдап, малын көзөмөлдөп, айран, сүт ташып, жайлоо менен калаа адамдарын байланыштырган данакердин кызматында болот. Иши кылып, бала адамзаттын тиричилиги үчүн пайдалуу эмгек жолуна түшөт. Омурткасы бекемделет, сөөк-денеси чыңалат, кара күч тараптан жетилет, каада-салты өсөт, ар тараптуу жана тынымсыз аракетке өтөт. Демек, күндөлүк, тиричилик кечирүү зарылчылыгы бала үчүн тарбиянын каражаты болуп кызмат кылды.

Бирок, ошол зарылчылык баланын көңүлүнө, эркине баш ийбейт, тескерисинче, анын ишемерчилигин башкарып, жетектеп алат, улам турмуштагы жаңы ийгиликтерге же мүчүлүштөргө, сүйүнүчкө же өкүнүчкө алып бара берет. Бала ошолор менен кумарданып, ошолор менен жарпы жазылат. Маселен, зарылчылыктан улам Дардаке тоонун башына капкан койду. Муну менен ал өзүнөн чоңдордун тажрыйбасын кайталаган жок, муктаждыктын орогун орду.

Согуш запкысыбы, айтор, Буйлаш ата, Сайра эже жана бүт жамаат көптөн бери жылтыр көрбөй, сөлү качып, шортектеп, кызыл этке зар болушканын айтышкан болучу. Кара жанын карч уруп, эмгектен колу бошобогон адамдардын ушул үмүтү баланын эркин бийлеп, илгери-тилек менен аң уулоого бет алдырган эле.

Капканга түшкөн олжо биз чоңдордун туюмунда ийгилик, сүйүнүч, ал эми балдардын түшүнүк абалында кайгы-мун, ырайымсыздык иретинде бааланат. Дардаке да ошентти. Бирок турмуш өкүмү бирөө гана — олжо кайберенди союу керек. Бу-га бүткүл адамзат үйрөнүп келген. Дардаке кайда бармак. Ошентип, кайберенди олжолоо, ага «ырайымсыз» мамиле жасоонун өзү деле Дардаке үчүн тарбиялык кызмат аткарды.

Автор каармандын жорук-жосунун, тартибин ар тараптан ишенимдүү бекемдеп, өнүктүрүп отурат. «Таноосун дерлендетип, чулусунан дордоюп боолгологон» 12 жашар Дардаке биздин көз алдыбызга аракети күч, тирикарак туюлат. Ошого жараша жазуучу чыгарманын сюжет структурасын, сүрөттөө амалдарын бир саамга да бошондотпойт. Сюжет тармактарынын өөрчүшүн тестиер балдардын түшүнүк даражасына «ылайыкташтырып», жөнөкөйлөштүрүп отурбайт. Повесттин мазмунуна камтылган маселелер окуучудан белгилүү даражадагы даярдыкты, маданиятты жана зирек мамилени талап кылат.

Дардакенин уштаптагы балалыгы — кимде-кимдин балалык доору каардуу согуш абалына кабылып, жаркын ойноп күлө албай, мектепти убактынча таштап, колхоз талаасындагы чоңдордун ордун басып, бейпил өмүрдү эмгекке соргузган баланын аянычтуу өмүр жолун элестетет. Дардаке «жаштайынан кактооч өсүп... балалык жыргалдан, оюндан окчун өстү». Ал «өзү тендүүдөн чыйрак, эрте тотуккан омоктуу бала» болсо да, «жеке эле омуроого ишенбей, сөздү баамдап, угуп сүйлөй» турган болуп жетилет.

Баланын мүнөзүндөгү бу касиеттерди жалаң гана табият тартуулаган жок, ага мезгил — согуш шарты да өз кошумчасын кошту. Эртелеп тотугууга аны мажбурлады. Социалдык шарт баланын аң-сезимин бийледи, жорук-жосундун максималдуу өсүшүн талап кылды. Демек, Дардакенин балалыгы оор сыноого дуушар болду, ошол сыноодо чыйралып, мезгилсиз торолуп жетилди.

«Кордун тукуму» повести баланын ар тараптан өсүп жетилишиндеги эмгек тарбиясынын ордун, анын чечүүчү ролун көрсөтүүгө багытталат. Коомдук пайдалуу эмгек баланын кулкмүнөзүн, көз карашын аныктоочу негизги критериялардын бирөө. Мында баладагы туруктуулук, чыдамкайлык, өз бет

алдынчалуулук, чечкиндүүлүк сыяктуу мүнөздүн уруннтуу белгилери түзүлөт, анын коомдук жана жекече көз карашы, граждандык милдетин тааный билүү — өз ишине берилгендик акыйкаттык, аң-сезимдүү тартип, жоопкерчилик, коллективизм сыяктуу нравалык облиги да дал ошол эмгекке болгон мамилесинде ачык чагылат. Бейшеналиев Дардакенин образы аркылуу ушул маселелерди изилдейт.

Ата-журттун башына иш түшүп, анын тагдыры бычак мизинде турган кезде Дардаке, Алапай, Чекир өндөнгөн өспүрүмдөрдү аяп, алардын торолуп бой жетишин күтүп турууга болор беле? Ушундай шартта аларды эмгекке жарабайт деп ким айта алмак? Мезгил аларды тиричиликке тыкан тотуктурду, кожогой тарткызды, турмуш оор жүгүн артып, зордоп чоңойтту. Анын үстүнө, бардык ал-акыбалды өз көзү менен көрүп, өзү кошо жашаган балдар турмуштан мындан башка кандай жыйынтык чыгармак! Демек автордун идеялык-көркөмдүк мотивировкасына, жаш жеткинчектерди эмгекке ынандыруу принцибине каарманды турмушка даярдоо жана бел чечүүгө «мажбурлоо» ыкмаларына эч кандай каршылык көрсөтө албайсыз. Анын баары өз орду менен туура негизделген, психологиялык жана көркөмдүк жактан ишенимдүү мотивировкаланган. Психологизм сюжетке ыраттуу жайгаштырылган.

Көркөм сюжет бөлүкчөлөрүндөгү психологиялык деталдар автордун көз карашы формасында эмес, ошол өспүрүм Дардакенин аң-сезими менен өлчөнөт. Атанын колунан таякты алып, уй артынан түшүшү, согуштун жесири Сайра эже менен Буйлаш аталардын үй-бүлөсүнө кол кабыш кылып жардам көрсөтүшү, дыйкандардын төрөсү болгон трактористтик милдетти аткарууга өзүн даярдай башташы ийгилик катары көрүнүп, эл оозуна бачым илинип кетишине Дардаке өзү жакшылап түшүнүп, маани бере албайт. Тескерисинче, айылдаш балдары Алапай менен Чекирдин баягыда мелдешке чакырып, эрдемсинишкен сөзүнө намыстанып, ал уй багууну кой багуу менен алмаштырууну атасына сунуш кылат. Дал ушул сапаттар таасирленүүдөн, баланын туюу сезимдеринин активдешинен улам өсүп чыкты деп айта алабыз. Себеби Алапай менен Чекир Дардакени намыстантып: уй багуу жалкоолордун иши, эр болсоң бизчилеп азаптозоктуу кой багууда өзүңдү сынап көр дешкен болучу. Мындай абалды пейилдеги оош-кыйыштар, баладагы мамиле-катнаштын чыңалуу процесси катары баалайбыз.

Өспүрүмдөрдүн психологиясындагы бир өзгөчөлүк — ар кандай таасирлерге тез берилип кетүү мүнөзү да ушул жерден ачык байкалат. Анткени Дардаке тиги балдардын сөзүнө эрегишти, таасирленди. Тракторист болуу жөнүндөгү алгачкы оюн

өзү бүлгүнчүлүккө учуратты, суукта тескейдин карын тээп, малга жайыт издеди. Ачыгын айтканда, анын коомдук пайдалуу эмгеги алгачкы жолу өндүрүштүк маанидеги эмгекке өсүп чыкты.

Бирок Дардакенин мүнөзүндөгү мындай чечкиндүүлүк, өз алдынчалык жана өндүрүштүк эмгекке карай багытталган балалык шык чыгарманын сюжет-кульминациясын аныктай албайт эле. Анткени анын образы ишеничке айланып, үлгү болорлук даражага көтөрүлсүн үчүн дагы бир канча сыноодон өткөрүлүп, иш процессинде бекемделүүсү талап кылынат болчу. Мындай ой түйүндөрү сюжеттин андан аркы өнүгүшүндө бекемделет.

Баса, али балалык түгү түшө элек тунук кыял, шайдоот Дардаке мектептен караманча четтетилдиби? Автор баланын тагдырына басмырт карап, жалпыга милдеттүү окуу законуна каршы турдубу? Жок, таптакыр андай болгон жок. Ш. Бейшеналиев мунун баарына учурдагы турмуш жобосунан туруп мамиле жасаган. Али Дардаке биротоло чонуккан койчу болуп каттала элек, атага жардамчы бойдон жүрүүдө. Анын үстүнө ушул койчулуктан ийгиликтин көрүнүшүнө балада ишенич да, кубаныч да жоктой. Өз жолдошторуна «мындан ары иштен байкашабыз, жарайбы»— деп, кол алышып койгону болбосо, мектебин, коюн-колтук алышып, жанаша отурушкан классташ досторун ойлогон сайын «кусасы арткан Дардакенин боконо сөөгү болкулдап, жашып барып оңолчу».

Кала берсе, улуу карды жиреп койлорго жол ачып, тескейден алас-алас тоголонгон сайын зээни кейип отуруп: же трактористокуусуна эле кетип, же жылуу-жумшак үй багууда эле калсам эмне болмок деп, өзүн далай жолу жемелеген. Башкача айтканда, бул учур Дардакенин турмуш жолун аныктоо, эрк сапаттарын бекемдөө, эс-акыл жана ишенчин сыноодон өткөрүү процесси болучу. Мисалга Дардакенин монологун окуп көрөлү: «Мектеп, сабагым, мен сени жооптуу учурда гана убактылуу унуткарып койдум. Менин алдымдагы зор тапшырма — колхоз коюн кыйынчылыктан аман багуу, карыган атама көмөктөшүү болбодубу».

Демек карыган ата-энени аёо, аларга болгон урмат-сый, боорукердик сезими баланын кулк-мүнөзүн, көз карашын коомдук багытты көздөй бурду. Калтырган сабактарын өз бет алдынча окуп, даярданып, бүтүрүү экзаменине кирүүгө уруксат алды. Ошондон кийин гана кой фермасынын жетекчиси Садык Дардакеге ишенич туудуруп, кадимки чоң кишидей мамиле жасап, аны жардамчы койчулукка каттап кетет. Ошондон улам, Дардакеде алгачкы шык, сүйүнүч пайда болуп, төл алууда атаандаштары — Алапай менен Чекирди жеңип чыгат.

Биздин оюбузча, окуянын түйүнү ушул жерде ырааттуу, жыйынтыктуу чечилген. Бирок, ошого карабай, автор окуяны андан ары чойгулай берет. Дардакенин комсомолго өтүү шаан-шөкөтү, Дардаке атын таштап Рахматуллага көчүрүү, күйүп-жанган махабат вальсы жөнүндөгү окуяларды сүрөттөөгө өтүп кетет. Албетте, булар артык баш окуялар деп айтууга болбойт, бирок схемалуу, тажатма мазмунга айланып калат. Чыгарманын орусча басылышында бул окуялардын кыскартылып салынышы да кокусунан эмес.

Ошондой болсо да Ш. Бейшеналиев мектеп балдарына тестиерликтен өспүрүмгө чейинки мүнөздүн жаралыш жолун, андагы эмгектин чечүүчү ролун баса көрсөтүп, эмгек кооздугу жөнүндөгү көркөм чыгармаларды жаратып берди.

«Сарбай уулу» («Кордун тукуму») повестинде адам баласынын эмгеги ушунчалык сонун поэтизацияланган дейсиз — деп чоң эргүү менен жазат көрүнүктүү сынчы И. Мотяшов — советтик балдар адабиятында пайда болгон кийинки жылдардагы китептердин ичинен мындай учурду жолуктуруу кыйын»[1]. Ошентип, Дардакенин образы окуучулардын ишенимине айланды, сезимин байытты, кыргыз балдар адабиятындагы жеткилең иштелген көркөм образдардын бири болуп калды.

Корутунду ордуна төмөндөгүлөрдү айта кетүү оңбу деп ойлойбуз:

Балдар үчүн идеал образ дегенибиз — ал кандайча болушу эле зарыл эмес, кайсыл шартта, эмне деген кырдаалдарда, кандайча негиздерде тарбияланган каарман экендигин туюндурууда турат. Идеал каарман балдардын каалоосу боюнча мына мындайча болот. Бардык адамдар бактылуу, көңүлдүү шаттыкта жашаш керек. Жалаң эле кара күчтүү, салабаттуу адамдар жеңишке ээ болушпастан (балдардын ою боюнча көбүнчө ошолор жеңет), адилеттүүлүк бардык адамдар үчүн бирдей салтанат курууга тийиш.

Ар кандай азап-тозоктуу шартта деле кимдер адилеттүү иш жасап, кимдер баардык адамдардын бакыт-таалайын коргоо үчүн аракеттенип жатканын балдар бир минутага унутушпайт. Анткени дал ошондой адамдар гана алардын сүйгөн адамдары болушат. Тактап айтканда, балдар үчүн үлгүлүү образ бул — эрктүү, чечкиндүү, чынчыл камкорчул адам. Дал ошондуктан советтик балдардын сүйүктүү каармандары болуп Павел Корчагин, жаш гвардиячылар, баатыр кыз Зоя жана Шура, өзү тендүүлөрдөн: Павлик Морозов, Сергей Дубинин, Кы-

---

[1] И. Мотяшов. Мастерская доброты, М., «Детская литература», 1969, стр. 144.

чан, улуулардан болсо: Чапаев, Алексей Мересьев жана көркөм калыпташтырылгандардан: Тимур, Гаврош, Ванька, Мальчиш-Кибальчиш, ал гана эмес, Том Сойер, Гек Финн, Малышок жана Клава Назаровалар аталып калышты. Булардын ичинде жалаң эле тарых берген каармандар эмес, жазуучуларга турмуштун өзү берип, алардын ойлоп табууларынан жаралып, китеп аркылуу окуучулардын сезиминен бекем орун алгандары да жок эмес. Демек, көркөм адабият ошол касиети менен жагымдуу, ошону менен баалуу.

Биздин оюбузча, үлгүлүү каарман деген түшүнүктү айрым адабиятчылар кээде бир беткей баалап жиберишет. Анткени кандайдыр бир себеп менен окуучуларга көбүрөөк сиңип кеткен каармандарды ала коюшуп, аябай көкөлөтүп мактап, типтүүлүктү ага таңуулап салышат да бирок каармандын мүнөзүндөгү типтүүлүк менен индивидуалдуулуктун катышы жөнүндөгү маселени күндөлүк турмуш-тиричиликте зор мааниге ээ болорун анчейин этибар алышпайт.

Баса, иштелип жетилген жакшы мүнөздү карандай типтүүлүккө же индивидуалдуулукка тиркей салуу — дайыма эле жеткилең жыйынтык бере албайт. Себеби ар кандай реалдуу мүнөз кээ бир типтүү көрүнүштөрдү алып жүрүү менен катар, конкреттүү шарттардагы өзүнө тиешелүү жөндөмдүүлүгү, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык ишмерчилиги бар жеке адам болуп саналат. Балдар адабиятына келген жазуучуларыбыз образ түзүүдө маселенин ушул жагын эске алганы оң. Мунун өзү, сөзсүз, көркөм психологизм менен тыгыз байланышкан маселе.

Ошентип, «Тоо балдарындагы» Аскар менен Динардын, «Кычан», «Кордун тукуму», «Карлыгач», «Ат жалында секелек» повесттериндеги Кычандын, Дардакенин, Тотунун, Бадманын, Аманаттын, «Жетим», «Бирине бири окшобогон күндөр», «Менин күндөлүгүм» повесттериндеги Көкөнүн, Момундун, Айталынын жана «Жаңы жолдош», «Тилектештер» повесттериндеги Андаш менен Зууранын, Зейнептин образдары оң каармандар катары азыркы мектеп балдарынын: турмушту кимдин үлгүсүндө куруу керек жана кимдерди туурооо болот? деген суроолоруна булардын ар кимиси өз кудуретинче жооп болуп түшө алышат десек ашыра чапкандык болбойт.

Жазуучунун милдети баатыр же катардагы бала экенине карабай, андагы уруттуу касиеттерди ачып, көркөм жалпылап берсе эле болгону. Ошондуктан адабияттагы оң каармандардын сапаттык даражасын аныктап келип, М. Горький, мындайча жазат: «Биздин революциячыл доорубуздун каармандарынын негизги сапаты — анын активдүүлүгүндө жана ишмердүүлүгүндө. Алардын ким жана эмне жөнүндө айтары азбы, көппү, бизге

белгилүү. Ошондо да алардын кантип сүйлөшөрүн сүрөттөө үчүн аракет жасоого тийишпиз. Алардын сөзү аткарылган жумушка барабар, чындыгында эле, мунун өзү иш. Ошондуктан анын сөзү адамдарга кандайча таасир берип, кандайча бедел боло ала тургандыгын көрсөтүүгө тийишпиз»[1].

Балдар адабиятындагы оң каарман жаңылып же ката кетириши түк мүмкүн эмес деп ойлоого болбойт. Алар дагы кадимки балдардын өзүнө окшоп адашып, жаңылышы мүмкүн. Бирок ар кандай каталык баланын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келүүсү тийиш. Мисалы, мындай каталыктар Орусбек менен Динардын мүнөзүндө учурайт. Ошондуктан алар автордун идеал каарманы Аскарга караганда окуучуга алда канча жагымдуу жана бажырайып даана көрүнөт.

Динар аркылуу кенже баланын монументалдуу образы жаралган. Ал биздин республиканын балдарында гана эмес, аны окуган бардык тилдеги балдардын элесинде жандуу образ катары жашайт. Ал эми Орусбек болсо тулку боюнча кыймыл-аракетте сүрөттөлгөн. Анын жорук-жосуну, тартиби кыянатсыз балдар дүйнөсүнүн өкүлү катары повесттин сюжет өзөгүнө бекем чырмалышкан. Баланын тирикарактыгы, көптү билүүгө болгон кумарануу-кызыгуусу, суроочул-такыкчыл аракети, жандуу кыймылы өзгөчө мүнөздө баяндалып, сатиралык планда чечилген.

Балалыктан токтоло электиктен улам кетирилген каталыктар классикалык каармандар Тимурда, Мальчиш-Кибальчиште, Ленькада, Малышокто, Сократикте да бар. Бирок алардын каталары образдын өңүн өчүрбөстөн, тескерисинче, балалык сезимдин жагымдуу табиятын ырастап турат.

Өзүнүн балалык мүнөзүнүн диалектикасындагы өзгөрүүлөр жөнүндө эскерип, Л. Толстой «Юность» повестинин баш сөзүндө мындайча жазат: «...Ал кезде менин билүүгө болгон кызыгуум ушундай бир өөрчүгөн болчу, анда мен акмактыкты да, жакшылакты да чын жүрөктөн айтылгандай туйчумун[2]».

Азыркы кыргыз прозасынын жандуу өнүгүшүнөн уламбы же карандай атаандашып тууроодонбу, айтор, кийинки жылдары жазылган балдар повестиндеги каармандардын образына артык баш, эзме психологизм, мүнөздүү. Мисалга, Н. Байтемировдун «Акбаш» повестин алып көрөлү. Чыгарма бүгүнкү күндүн турмушунан алынып жазылган. Башкы каарман Барат эмгекте жетилгенсийт. Бир караган кишиге бала бир жылда беш жаша-

---

[1] А. М. Горький. соб. соч. т. 30, М., Госполитиздат, 1956, стр. 391—392.
[2] Л. Н. Толстой. полн. соб. соч., юбилейное издание, М-Л, 1930, т. 2. стр. 349.

ансып сезилет. Адегенде ата-эненин жардамчысы, соңунан колхоз талаасынын күзөтчүсү болуп катталат да, тез эле атак-данкка жетишет.

Ырас, Барат бир топ кыйынчылыктарды баштан кечирет, турмуш белестерин ашат, карама-каршы мүнөздөр менен кагылышат. Чоң сайдан ашып-ташып, эгин талаасын каптаган жазгы ташкын сел Акбаш кунанды агызып, бирок Баратты агызууга чамасы жетпейт. Иши кылып, автордун ою боюнча Барат көп түрдүү «сыноодон өткөрүлүп, намыскөй, чыйрак өспүрүм катары торолот. Бирок жазуучу көркөм шарттуулуктун бардык мүмкүнчүлүктөрүн бир беткей «жерип», баяндоо психологизмине барып кабылат. Психологиялык мүнөздөмө Бараттын образына сылай жүктөлгөнү менен, анын көз карашы, жүрүм-туруму ишенимдүү мотивировкаланбайт. Ошондуктан повесттеги каармандын ишмерлигине болгон, психологиялык талдоону балдар таңазар алыша бербейт.

Ушундай эзме психологизм А. Солтобаевдин «Жерде эрдик түгөнбөйт» «Бүтпөгөн дептер» повесттерине да мүнөздүү. Мисалы, автор өспүрүм Сатардын образы аркылуу азыркы учурдун активдүү пионерин, чечкиндүү окуучунун мүнөзүн сүрөттөмөкчү болот. Ал мугалимдин жарамдуулугун «сынап», кезегинде, анын ишине «байкот» жарыялап көрөт. Аягында мектеп директору менен класс жетекчисин «жецип» чыгат. Бирок автордун тандаган окуялары окуучуну таңдандыра албайт, себеби ал ишенимдүү кырдаалда өнүктүрүлбөйт, Сатардын жорук-жосуну менен байкаган окуяларынын статистикасы учурдагы алдыңкы пионердин жүрүм-турумуна таптакыр коошпойт. Анын көз карашы ак ниет окуучунун сезими эмес, жазуучунун оюнан зордоп кураштырылган иллюзия. Артыкбаш психологизмди М. Гапаровдун «Мейман», Ш. Абдрамановдун «Арстанбап», Ш. Бейшеналиевдин «Данакер» деген чыгармаларынан да жолуктурабыз.

Кыргыз балдар адабиятындагы оң каарман проблемасынын иштелишинде дагы бир мындай кемчилик байкалат. Каармандардын дээрлик баары бычак мизинде тургандай катталап ниш үстүндө сүрөттөлөт. Балдарга окшоп алардын оюнзоок менен таптакыр иштери жок. Ошондуктан үлгү болорлук оң каарман болуу үчүн бала жалаң гана эмгекте, окууда же тап күрөшүндө сүрөттөлүшү тийишпи? деген суроо туулат. Биздин оюбузча, баланы оюн ишмердүүлүгүнөн бөлүп сүрөттөөнүн аргасы жок, ал ар кандай маанилүү жумушту оюн процессинде аткарат. Кийин анын ким болорун, кандайча адам болорун ойногон оюндарынан эле аныктоого болот. Бала оюн процессинде өзүн толук мүнөздөп көрсөтө алат. Буга бир мисал келтирели.

Леонид Пантелеевдин «Чын сөзүм» деген чыгармасында

мындай деталь бар. ...Ойноп жаткан балдар мектептен келаткан 3-класстын бир окуучусун чакырышат да, ага согуш оюнуна кошулушун сунуш кылышат. Баланы ойноп жаткан бактын эң четки бурчуна күзөткө коюшуп, башка бирөө менен алмаштырмайынча таштап кетпөөгө убадасын алышат. Ойноп бүткөн балдар тиги күзөтчү жөнүндө унутуп коюшуп, үйлөрүнө тарап кетишет. Көз ирмебей чек күзөткөн кыраакы баланын курсагы ачат, караңгы кирет, эч кимден кабар жок... Анын үстүнө, күзөтчү да жакында короону жаап, кулпулап кетмек. Бирок кетүүгө болбойт, убадасын берген... Кокусунан гана бу күзөтчүнү көрүп калган аңгеме айтуучу адам күзөттү таштап үйүнө кете берүүгө баланы таптакыр ыната албайт. Киши күзөтчүгө боор ачып, күзөттү таштап кетүүгө уруксат берүүчү чыныгы командирди издеп көчөгө чыгат...

Мына ушул балада кандай эрдик, кандай эрктүүлүк, чыдамкайлык жана жоопкерчиликти сезе билүү сырлары жатат. Мунун өзү адамкерчиликтин эң жогорку сапаты десек болот. Коммунисттик тарбиялоодон күткөн биздин үмүтүбүз дал ушунда турат.

Албетте чоңойгондо анын ким болушу бизге белгисиз, бирок ким гана болбосун азыр алдын ала убада берүүгө болот: ал чыныгы адам болуп жетилет. Балдар адабиятынын каармандын ушул шыбагадан оолак сүрөттөө, демек ал эч канча үлгү болорлук, жеткилең мүнөздүү образ боло албайт дегендикке жатат.

Бүткүл советтик балдар адабиятындагыдай эле азыркы кыргыз балдар прозасына тестиерлер менен өспүрүмдөрдүн духовный потенциалын ачып берүүчү коомдук-нравалык жана духовный-психологиялык конфликттер мүнөздүү болуп баратат. Прозадагы ушул белгилер, көбүнчө Ч. Айтматовдун, Ш. Бейшеналиевдин, К. Каимовдун, Т. Касымбековдун, Ж. Мавляновдун балдар үчүн жазган повесттеринен ачык көрүнөт.

Күрдөөлдүү өнүккөн бүгүнкү турмуш кыргыз балдар жазуучуларына көп нерсени берди. Алар балдар үчүн маанилүү белек камдап, көркөм жалпылоонун жаңы формаларын, образ түзүү жана сюжет куруунун жаңы ыкмаларын өздөштүрүүдө. Кээ бир авторлор каармандын рухий өнүгүшүнө, адеп-ахлак сапатына, ишмерчилигине жана өз бет алдынчалуулугуна (мисалы, Аскар, Динар, Орусбек, Тоту, Аваз, Бадма, Аманат, Айталы, Жалий, Андан ж. б. у. с.) көбүрөөк маани берүүчү болушту. Жазуучулардын дагы бир тобу коомдук түзүлүштүн бул же тигил кырдаалындагы, бул же тигил тарыхый шартындагы кенже муундардын турмуш абалында, кызыгуу чөйрөсүндө пайда болгон карма-карышылыктар аркы-

луу жаңы психологиялык образдарды (Кычан, Керез, Абалбек, Момундун небереси, Дардаке, Көкө, Мамбет, Абыш) жаратышты. Муну менен кыргыз балдар прозасындагы образ-мүнөздөрдүн реалисттик концепсиясы бир кыйла артты.

Өзгөчө Ч. Айтматовдун көркөм чеберчиликтеги жасаган секириги кыргыз балдар прозасынын жанданышына түртку берип, зоболосун көтөрүп, чоң аренага алып чыкты.

Бүткүл ааламга белгилүү «Жамила», «Биринчи мугалим», «Ак кеме», «Эрте жаз турналары», «Көздөн учкан көк жээк» повесттери балдарга адрестелбегени менен, алардагы автордун идеялык-эстетикалык позициясын алып жүрүүчү өспүрүм Сеит, Султанмурат, Мырзагүл, өспүрүм Алтынай, наристе делдең кулак Бала жана Кириск конкреттүү тарыхый шарттардагы советтик балдардын өкүлдөрү эмеспи. Алардын белгилүү кырдаалдагы ички туйгулары менен ишкердүү аракеттеринин маанилүү көркөм жалпыланып, азыркы замандын окуучуларын жапатырмак кызыктырышы кыргыз балдар жазуучуларын ойлондурбай койгон жок. Ч. Айтматовдун бул аракети балдардын жан дүйнөсүнө үңүлүүнүн өзүнчө «аппаратын» тапкансыды. Улуу муундардын ортосундагы мамиле-катнаштардын закон ченемдерин туюндурду. Акыл-эс, мээр-шыбага жагдайлардагы маанилүү оош-кыйыштарды эске салды демекчибиз.

Азыркы ынтызар балдарыбыздын рухий кең дүйнөсү, алардын ар кыл муктаждыктары — кызыгуу чөйрөсү, интеллектуалдык иш аракеттери, адеп-салт жөрөлгөлөрү, канаттуу романтикасы жана алоолонгон купуя сырлары атайын жазбаса деле Айтматовдун атактуу повесттеринин изилдөө объектисине айланды. «Гүлсарат» повестиндеги Танабай менен тизгин талашып, тал чыбыкты ат кылып минип, Гүлсары менен жарышкан балдардын жоруктары, массалык сценалар, «Алгачкы турналар» повестиндеги кыялкеч, шайдоот Султанмураттын дүрбөлөңдүү турмуш-тиричилиги буга күбө.